Скырг
Т50

Кубанычбек Тойчиев




# УЛАР ҮНДҮҮ ДИЛ КАЙРЫК

Ыр жыйнактары

аб

Скырл
Т 50

Кубанычбек Тойчиев

# УЛАР ҮНДҮҮ ДИЛ КАЙРЫК

Ыр жыйнактары

Токтогул Сатылганов атындагы
Ош облустук китепкана
АБОНЕМЕНТ

Токтогул Сатылганов
атындагы
Ош облустук китепкана
ИНВ № 487795

УДК 821.512.154-1
ББК 84 (5 Кир)-5
Т 50

Тойчиев, К.С.
Т 50 Улар үндүү дил кайрык: ыр жыйнактары, - Б.:
2025. - 208 б.

ISBN 978-9967-496-96-5

Тойчиев Кубанычбек Саматовичтин "Улар үндүү дил кайрык" аттуу ыр жыйнагы Памир кыргыздары сан жагынан аз болсо дагы, руханий дүйнөсү жагынан бай экенин, тоолорго, эли-жерине болгон сүйүүсүн жазган ырлары аркылуу ыймандуулукка, мекенин коргоого, жашоо турмушун таанытууга, жаратылышты сүйүп жана аны сактоого үндөйт. Китеп жалпы ыр сүйүүчүлөргө арналат.

ISBN 978-9967-496-96-5

УДК 821.512.154-1
ББК 84 (5 Кир)-5
© Тойчиев К.С., 2025

## Акындын жүрөгүндө чагылган Атажурт

Жүрөктөн чыккан ыр жүрөккө жетет. А, жүрөгү менен акын гана ырдайт. Бирок, "акын болом" деген адам эле акын боло албайт. Акындык касиет Кудайдан берилет. Анан ал, бир күнү эле кайдан келгени, ким жиберип жатканы белгисиз – оюна келген ыр саптарын оозу аркылуу төгүп кирет. Биз азыр сөз кылып жаткан акын да, асманга жакын жашаган Сарыкол (Памир) кыргыздарынын кулуну. Анын ысмы - Тойчиев Кубанычбек. Анын жазган ырларынан төрөлүп - өскөн жерине, көк тиреген тоолорго болгон сүйүүсү көрүнүп турат. Аны акын минтип сүрөттөйт:

Аруу таза шыңгыраган булагың,
Аска-зоодон агып түшкөн сууларың.
Келберсиген келишимдүү кырларың,
Тоо койнунда толкуп ташкан ырларың.

Же: "Тоо жаңырткан өзөн булак сууларың, таң алдында сайрап учкан уларың, көз алдымда өткөн күндөр элестеп, сагындым го, салкын төрлүү Мургабым. Таш чокулуу, тайпаң беттүү кырларың, сенде калды жаштык, шаттык жылдарым" деп жазат. Анан дагы, акын Сарколдун ызгаар суугун, кооз табиятын элестүү ырга кошот:

Ак-Байталдын ашуусунда бурганак,
Ачууланган аруу шамал ызгаарлап.
Кагылайын катуу болду не шамал?
Кулжа бурак эми мына чачылат.
Кар боройлоп жаап келди катуулап,

Бул суукта тынчыгыла, эшик жап.
Булут каптап, караңгылайт ачылат,
Бул ызгаарды "Теке бурак"деп айтылат.

Акындын ырларында, Памирде жашаган кыргыздардын турмушу, эчен доорду басып өткөн улуу жолу, тарыхтын оош-кыйышына байланыштуу болгон өзгөрүүлөрү керемет ыргакка салынат. Кайсы бир улуу адам айткандай: акын өз доорунун тарыхын ыр менен жазган адам.

Ал өзүнүн ырларында айлана-чөйрөнүн гана эмес, ошол чөлкөмдө жашаган адамдардын ички жан дүйнөсүн да чагылдырат. Акындын ырлары аркылуу биз ал жердеги элди, анын мүнөзүн, турмушун, кубанычын жана кайгысын билебиз. Ошондуктан, биз сөздү узарта бербей, ийгилик каалап, "калемин курчуй берсин" деп бата берип, акындын ырларына окурмандардын өзүн чакырабыз.

**Байас Турал - акын, публицист жана философ, КР Жазуучулар союзунун 1985-жылдан берки мүчөсү, "КР маданиятына эмгек синирген ишмер".**



## Улуу доордун көсөмдөрү

Сарыколдо өткөн эчендер,
Сарыколдо өткөн чечендер.
Сарыколдон өткөн улуулар,
Сарыколдон өткөн сулуулар.

Жол башчы баамчыл көрөгөч,
Барктуулар өткөн элимде.
Эмгегин элге сиңирген,
Көсөмдөр өткөн жеримде.

Атап келсем билгенден,
Отуз жыл мезгил ичинде.
Элине кылгын кызматын,
Рустамов Камал акенин.

Райком, горком, исполком,
Мал чарба Мургаб өстүргөн.
Жаркылдап кашы-кабагы,
Элине баалуу көрүнгөн.

Көрөгөч баамчыл иш билги,
Элине синген эмгеги.
Токтомуш, Сарыкол жеринде,
Элини баштап алгалап,
Ала-Тоо карай сабалап,
Чүй бооруна келишкен.

Кырк жылы өткөн окуя,
Келечек жолун улаган.
Келечек жашоо ыңгайын,
Мурунтан билип баамдаган,
Сарыколчу улуу акылман.

Сарыкол жөндөй жер эмес,
Азыр да учу куру эмес.
Сарыколдон чыккан чыгаан көп,
Улуу урпак акылман.

Азыркы тапта шул чакта,
Айтылуу борбор калаада.
Атадан калган мурас деп,
Аткарбай койсом уят деп,
Атанын ишин улайм деп.

Стройка өндүрүш, жаштар үчүн кеп
кеңеш,
Сарыколдун атын чыгарган.
Үзүрлүү эмгек аткарып,
Аргымак сындуу жаш буудан,
Атанын атын чыгарган.
Ааламга кулач кол жайып,
Алмазбек келет чуу салып,
Жакшынан калган туяк да,
Калтырбайт дайым уятка.



Айтпай да турам эми не,
Эмгекчил элдер элим де.
Ар дайым чечип көйгөйдү,
Аткарган иши өрнөктүү,
Атабаев Асилбек элим деп келет дайыма.

Журналист Союз мүчөсү,
Элимдин күткөн мүдөөсү,
Атабаев Акылбек
Жазганы тарых-санжыра,
Жеримди элге тааныткан,
Жазуучу биздин ардактуу,
Сарыколдун күзгүсү.

Эмгегин элим баалаган,
Элибиз каалап шайлаган.
Этникалык Кыргыздын,
Лидери болуп шайланган,
Акжолбеков Абсалим,
Үзүрлүү эмгек жолунда,
Ишинен элге таанылган.

Кара-Балта-Бишкекте,
Чүй боору кыргыз жеримде.
Жамаат башы он башы,
Курбанали, Таштемир,
Эмгекчил улуу абалар.
Ардактуу чинге ээ болгон,
Үзүрлүү эмгек жолдогон.

Аксакалдар жамаатта,
Башчылыкка ээ болгон.
Элине жардам колдогон,
Мамашайим уулу Таштемир
Аба жол болгон.

Сыймыктанам эл менен,
Сарыкол деген дем менен.
Кызматтын көргөн үзүрүн,
Сарыколдун улуу үмүтүн.

Өткөндү эстеп өтөмүн,
Болгонду жазып кетемин.
Билимдин булак башаты,
Аксакал кары аталган,
Кызматын Жолдош агайдын,
Сугарган билим булакка,
Ардагер улуу агайым.

Район борбор айлымда,
Маданият жаатында.
Үзүрлүү эмгек сиңирген,
Шайдылда ака Мургабта,
Ардактуу кары аталып,
Жашап келет үзүрлүү,
Кара -Балта шаарында.

Ардактуу ишкер агалар,
Полотов Салиш, Рай ажы Жураев,
Сарыколдун чыгаан урпактары,
Баба мурас доорлорду,
Түбөлүк али улашар.



Түштүктү айтсам абыдан,
Ош калаа түштүк жагынан.
Миңбаев Тагай акенин,
Халык байке дегенди,
Карынын сөзүн капка сал,
Күзгүсү асыл элимдин.

Атына заты жарашкан,
Манас бар бул да арада.
Медетбек менен Расул,
Мээнеткеч балдар булар да.
Этникалык элим деп,
Эмгегин улайт дайыма.

Сарыколдун бермет күзгүсү,
Өткөндүн улуу үлгүсү.
Кылымдан тартып кылымга,
Сарыколдун таңшыган улуу бүркүтү.

Сыймыктанам эл менен,
Сарыколчу деген дем менен.
Баалаймын Сарыкол урпагын,
Бар болгун, дайым ар дайым.

## Тегим кыргыз

Кайдан келдиң, кимсиң атым сураба,
Тегим кыргыз, элим кыргыз, ак калпагым
башымда.
Сарыколдо, улуу тоодон шаңшыган,
Кыраан кыргыз, чыгаан кыргыз атым бар.

Улуу тарых сабактарын барактап,
Ачып көрсөң санжыраны аярлап.
Кыргыз кайда, кандай эл деп сурасаң,
Айтып берет, улуу тарых баяндап.

Сарыколдон, Ала-Тоого жол салган,
Көчмөн кыргыз, улуу даңкы айтылган.
Манас баатыр кырк чоросу кошууну,
Кытай, Ооган жерлеринде жоо чапкан.

Тажик дебей, кыргыз дегин элимди,
Бир боордошум, улуу кыргыз дегинчи.
Сарыколчу, улуу кыргыз элденбиз,
Мактанаарлык, касиеттүү жерибиз.

## Күн сабагы

Таң шооласы чамгаракка чачырап,
Күн чубагы, нурлары да жадырап.
Тур, турагой, түш болду го бир убак,
Энекемдин шыбырлары угулат.

Шыңгыр булак кыз күлкүсү жаңырат,
Атакемдин ышкырыгы кой айдап.
Бермет булак шылдырына жүз чайып,
Сарыколдо ошол мезгил жаш курак.

Жылаажындай кубулушкан үндөрү,
Түркүн куштун сайроосунун түрлөрү.
Бетегелүү, бейиш төрлүү жерлерим,
Сен дегенде делебелүү сезимим.



## Сарыколум

Сарыколго баргандарды көтөрүп,
Кырсык, балээ, апаатынан бөгөрүп.
Тээ бир кезде көчүшкөнү бабалар,
Касиеттүү Сарыколду көрктөнтүп.

Кожо-Кызыр даарыган го Сарыколду,
Азирети олуялуу даңгыр жолуң.
Өспөсө да бак-дарактуу жемиштер,
Сарыколум бейишимдей сезилер.

Сарыкол деп атаган го бабам Манас,
Санжырада сакталган го эсте калар.
Улуу доордо эчендерди сактап келген,
Ошондуктан «Нуркап» делип аталган го.

## Мургабым

Күнү бүгүн...
Элесиң, көз алдыма тартылат.
Көчөлөрүң Нагорный, Жар-Башы,
Кеште-Кыштак, Сорок лет деп аталат.

Борбордогу чоң мечит,
Ибадат берген, ырк берген.
Иман инсап, хидаят,
Сарыколдо көп мечит.

Улуу дайра агылган,
Мадиянтты багыттап.
Көпүрө-Башы көрүнөт,
Көңүлдө маанай жаркырап.

Аман бол, элим саламат!
Сагыныч күчөп баратат.
Сарыколдун тоолору,
Жамалы көзгө тартылат.

## Сарыколдун улуу урпактарын эскерүү

Сарыколдон чыккан чыгаандар,
Ак шумкар сындуу кыраандар.
Коммунистик партия,
Тарбиясын алгандар.
Ички дүйнө тазалык,
Эл батасын алгандар.
Тилге чечен, сөзгө бай,
Эл башкарып тургандар.

Райком, Горком, Исполком,
Жыйынды күндө кургандар.
Облусту башкарып,
Алыска аты чыккандар.
Эскерет элиң тарыхта,
Жазылган улуу санжыра.
Улуу жолго баштаган,
Үлгүсүн берип партия.

Улуу урпак абалар,
Элиме болот сабактар.
Акыретте жанатта,
Ак эмгектер жазылар.
Айтып келсем бир баштан,



Улуулар баары айтылар.
Эстарткан күндөн билемин,
Уккула элим баарыңар.

Исманов Орозо, Бердибаев Гожо,
Урустамов Камал да, Атабаев Адылбек,
Абдырахманова Сайра эже, Таштанов Базарбай,
Шайыков Аблеч, Карабаев Назарлар.
Санжыра тарых издерин,
Сабалап издеп келемин.
Партиянын башында,
Примбердиев Көчөндүн,
Ээмгегин жакшы билемин.
Сельсовет болуп иштеген,
Зулпу деген эженин.

Тапшырманы так кылган,
Чекистер бизде аталган.
Ноорузбай менен Элчибек,
Атылган душман огунан.
Аяш атам Болотбек,
Манжу Кытай жеринде.
Тапшырманы берилген,
Так өзүндөй аткарган.
Эмгеги сиңген элине,
Айдаров  Жээнбек аганын.
Кызматын жакшы билемин,
Жеңиш дос, сен да билерсиң.

Баатырдын айтсам баянын,
Сарыколдон чыккан шумкарым.
Мекен үчүн жан берген,
Баатырбекти айтайын.
Жалынга тосуп көкүрөк,
Кайып болгон шумкарлар.
Уулум менин Ислам,
Айыкпай жүрөт жараттан.

Азыркы доорго таянсак,
Кызматын байкап карасаң.
Чыгааны улуу Сарыколдун,
Атагы чыккан алыскаң.
Москва шаарда жашаган,
Чыгаанын элге тааныткан.
Тарыхка бекем камтылган,
Абжамил: «Памир» сайты аталган.

Билгенимче айтамын,
Жазгандан такыр талбаймын.
Сарыколдон чыккан улуулар,
Узу да чебер сулуулар.
Элимден чыккан шайырлар,
Атагы чыккан дайындар.
Атап келсем баарысын,
Беш-Мырза аттуу куудулдар.



Жетектеп келген буларды,
Мамасали дагы бар.
Куйкум сөздүү куудулдар,
Шакир деген жигит бар.
Маданият тармагын,
Жетектеп келген ырчылар.
Атап бир келсем аларды,
Каландаров Шайдылда,
Чөндөбаев Кеңеш бар.

Жузуучу залкар ырчыдан,
Талыкпай жазган китебин.
Которгон бардык тилдерден,
Токонов Майрамбек деген бар.
Миңдетип ырдап ыр сабын,
Сахнада дагы көркү бар.
Миңбай ырдайт дегенде,
Миңдеген колдор чабылган,
Бейишин берсин жараткан,
Миңбайбек агам жазылат.

Ак-Сайдан чыккан шамалды,
Айтып өткөн Өскөн бар.
Өйдөлөп жетпей өксүгөн,
Өнөрлүү жаштар дагы бар.
Этникалык кыргыздын,
Ар намысын сактаган.
Атабаев Асылбек,
Атагы кеткен алыска.

Ушундай сырлуу баяным,
Тарыхтан кабар айтамын.
Эмгегин эстер элибиз.
Сарыколдун урпагын.

## Сапарда

Ак таңдардын ак шооласы чачылып,
Күмүш нурдуу күн жамалы тартылып.
Тереӊ ойдун сүңүтүнө катылып,
Туулган жердин жамалын сагынып.

Балалыгым баёо сезим агылып,
Өткөн күндөр, достор эсте сагыныч.
Күн жамалы өткөн мезгил убагы,
Тээ курактар ак чачтарга бууланып.

Жашоо турмуш агымдары башкача,
Балалыкта тунук сезим таптаза.
Тагдырлардын сапарына баш ийип,
Качан, кантип, ким каякта? Сапарда.

## Сарыкол

Кара-Көл, Даңкайларың, Ак-Байталың,
Аруусуң, асылдыгың көп айтамын.
Раң-Көл, Чырак-Ташың, кең Мургабым,
Киндик кан тамган жерим Чечектимди
сагындым.



Көгүлтүр улуу дайра агып өткөн,
Балалык күндөрүмдү эстеп өтөм.
Кыракай жар үстүндө Көөнө-Коргон,
Жаркырап күн нурлары тийип турган.

Шаймагың, Бакбур-Ата, Токтомушуң,
Кытайдан жүк тартылган кербен жолуң.
Мустак-Ата жаркыраган улуу тооң бар,
Маанайы көтөрүңкү Сарыколум.

Кош-Дөң, Чеч-Дөбө, Кош-Агылың,
Кайберен кисиеттүү көп сырларың.
Түгөнбөйт сага арнаган көп ырларым,
Тоо койнунда мерген түнөк көп
жылдарым.

Аличор, Найза-Ташың, Ак-Балыгың,
Аруу зат сулуулардай ай жамалың.
Алтынга алмаштыргыс ар бир ташың,
Бабалар барктап келген асыл атың.

## Өмүр көчү

Сезимдерде себеленген жамгырдай,
Өмүр жолу ойку-кайкы шамалдай.
Жыйырма жаш, отуз курак кырк, элүү,
Өмүр чеги жаралган го ушундай.

Тагдыр жолу кээде ызгаар, кээде жай,
Мөлтүр булак, анан дайра чамынган.
Өмүрлөрдүн ак кемеси чайпалган,
Өткөн өмүр кайра келбейт кылчактай.

Токтогул Сатылганов атындагы
Ош облустук китепкана
АБОНЕМЕНТ



Токтогул Сатылганов
атындагы
Ош облустук китепкана
ИНВ № 487795

Жаштык шаттык мезгили бир убак,
Жалындаган өмүр өтөт тез убак.
Келбес сапар багытына сапарлап,
Балдарыңа өтүп кетет катарлап.

Энекем
Энекем, энекем берекем,
Эзилет жүрөгүм кейисем.
Элестеп элесиң көзүмө,
Энекем сагындым сени мен.

Албырып ак жүзүң садагам,
Аруу зат асылым энежан.
Арманым ичимде айлам жок,
Асылым өзүңдү сагынам.

Толкуган жүрөктө сагыныч,
Тагдырдын санаасы сабылып.
Санаанын түйүнүн чече албай,
Саламат тилеймим садагам.

Тотуккан бороонго жамалың,
Тостуң го ызгаарын шамалдын.
Алпештеп өстүргөн балаңдын,
Кабыл ал энеке саламын.



## Бир мезгил

Сарыколго калың жаап аппак кар,
Сексен үчү жут болду март айында.
Кара-Чабыр, Кош-Агылга мал айдап,
Көч баштаган топоз менен кой айдап.

Чеч-Дөбөгө каттай албай техника,
Танка менен рахматы Гожа ака.
Зор-Көлдөрдө зоруктурган боз шамал,
Тонгон экен, томпойушуп солдаттар.

Кара-Чабыр калың карлуу талаада,
Садырбектин бутун алып үшүк да.
Кагылайын кар бороондуу Сарыколум,
Ошол мезгил көз алдыма тартылат.

Газ алтымыш алдылары тыгылып,
Ээн талаа жүрөктөр да сыгылып.
Жүжүр ака чыга албай гылжыйып,
Токур ака тартамын деп тыгылып.

## Улуу урпак

Улуу муун, улуу доор...
Улуулар өткөн Сарыкол.
Эл башкарган чыгаандар,
Өткөн эчен урпактар.

Сөзгө чечен, тилге бай,
Чечендер өткөн Сарыкол.
Маселе чечкен маанилүү,
Эчендер өткөн Сарыкол.

Найман, Кыпчак, Тейити,
Каймагы өткөн Сарыкол.
Бардык уруу жашаган,
Бал каймактуу Сарыкол.

Берешен айкөл меймандос,
Пейли кенен Сарыкол.
Ариет намыс, салт-санаа,
Кармап келет Сарыкол.

## Сарыкол тоосу

Ызгаар келет бороондуу, катуу шамал,
Аталган го Сарыколдо кара шамал.
Керемети, шамалы, кайберени,
Касиетүү жеримдин бир даарысы.

Эчен урпак жашаган мекендешип,
Санжырасы Сарыкол эчендешип.
Абасы эгиз, төрү бийик Сарыколум,
Ак-Байталдын төрү өтө бийик дешип.

Алай тоого канатташ Сарыкол тоо,
Сарыколчу жашашат ошол тоодо.
Тээ илгери атаган «Нуркап» дешип,
Нур жамалы албырган ысык эшип.

Кээ бир кылым мезгилдин жылдарында,
Жыйырманчы жылдардын убагында,
Кыргыз элим байырлап жашап келген.
Нурдун кабы аталган Нуркабымда.



Кыр мурундуу тажик эли аралашым,
Өзгөрүлгөн Нуркабым Мургабыма.
Бабаларым байыртан сактап келген,
Бейиш жыттуу, улуу жерим Сарыкол да.

## Жашоо

Күүгүм маалы, күн жамалы,
Уясына батып барат жашынып.
Күндөр айга, айлар жылга алмашып,
Өмүр чиркин өтүп барат шашылып.

Тагдыр, турмуш арабасы калдырап,
Жашоо шарты адамзатын шалдырап.
Акча, тыйын жумуш табуу бу кыйын,
Түркүн кесип, тандалганы жумуштар.

Максат эмне, жашоо керек адамга,
Жеңил оңой жазылган го тагдырга.
Кээде кейип, кээде сүйүнүч басып,
Жашоо, турмуш жолу узун адамзат.

## Боз үй

Керемети жерлердин,
Келишимдүү келбети.
Тоодо улар, түрлүү куштар,
Кашка булак, суулары.

Жайлоолору керемет,
Санжыргалуу Сарыколдун.
Кайберени касиет,
Айтып бүткүс сезилет.

Баба дастан байыркы,
Уламыш, жомок аңгеме.
Таш кемеге, таш короо,
Боз үй жашоо жеримде.

Бетегелүү көк майсаң,
Гүл жайнаган жайлоосу.
Килем төшөп койгондой,
Бейиш төрлүү жерлери.

Ар бир жылга-жыбыттары,
Жылга өрөөн сырлары.
Куудул, шайыр мүнөздүү,
Балдары да чалдары.

## Замана

Кар ызгаарга каарданды деп сүйлөнүп,
Шамал болсо курутту деп күймөнүп.
Жамгыр төксө жадатты деп ойлонуп,
Күн нуруна күйгүздү деп толгонуп.

Акча болсо көңүлдүүсүң шайырсың,
Ал жок болсо адамзаты дайынсың.
Акча, дүйнө азгырыкка шанданып,
Али заман адамзаты байкалып.

Сабыр, канаат адебин унутуп,
Адамзаты өзгөрүлүп кубулуп.
Кээде ысык, кээде жай турмушуң,
Айтасыңар ушул жашоо курусун.



Тарыхтардын сабактарын карасаң,
Кандай жашоо өткөнүнө баам салып.
Өмүрлөрдүн өткөн узун жолдору,
Адеп, ахлак, иман нурун таратып.

Ата-баба кандай турмуш өткөргөн,
Сабыр, канаат сабактары түнөгөн.
Арпа нанды азыр жесең садага,
Анда кантип жашамаксың адамзат.

## Улар таңшык

Сарыкол сап-сап кырка тоолоруң,
Саймедиреп санаа тартат ойлорум.
Каңылжаарды өрдөп келген жыпар жыт,
Энекемдин көмөч казан токочу.

Кыйгыл даамдуу, кыл шорпосу аркардын,
Калың сере кара инектин каймагын.
Сагынамын тоо илеби шамалын,
Кошунанын чыны толо айранын.

Сааркы соккон желайдары желаргы,
Саанга чыккан сулуулардын жамалы.
Коюланган кою түтүн Терскендин,
Коңур күздүү Сарыколдун элеси.

Боз үйүмдө түндүк жабуу тартылып,
Таң шүүдүрүм кытыгылап шаштырып.
Таң күкүгү кубулжуган үндөрү,
Тоодон учкан улар таңшык үндөрү.

## Касиеттүү Мургабым

Булут шамдай, ак таңдай күн тунарык,
Мен турамын ойго тунуп сумсайып.
Жамалыңды көз алдымдан өткөрүп,
Кагылайын, касиеттүү Мургабым.

Көчөлөрүң көркүң сенин нурларың,
Бийик тоодо, сенде өткөн жылдарым.
Сабалаган учкан куштай ырларым,
Касиеттүү кандай сенин сырларың.

Ата журтум, баба мурас Сарыкол,
Союздагы тарыхтагы жолдоруң.
КПСС деп жазууларың тоодогу,
Компартия улуу жолдо болгонсуң.

Коркомун ошол достордон
Байлыкка кызып дос болгон,
Коркомун ошол достордон.
Бийликке кызып дос болгон,
Кызыкпайм ошол достордон.

Жарты нанды бөлүшкөн,
Жашодо болсо досторуң.
Кызыккан байлык дүйнөгө,
Сактасын андай достордон.

Акыретти ойлогон,
Айланса ошол достордон.
Мүшкүлүңдү көтөргөн,
Мүнөзү жакшы достордон.



Колуң да болсо кош колдоп,
Көтөргөн ошол достордон.
Колунда жокто куйрукту,
Түйө бир качкан достордон.

Акчаны сүйүп адамдык,
Сапаты калган достордон.
Ашкере мактап өзүнү,
Мактанып жүргөн достордон.

Алыс бол, достор алыс бол,
Андай бир жаман жолдордон.
Акыретте сурак бар,
Кошуна менен достордон.

## Садагасы Сарыколум

Суук болсо суугуңа тоңбойум,
Ысыгыңа күйүп-бышып соолбойум.
Ызырынган боз шамалың болсо да,
Ыраазымын бардыгына Сарыколум.

Карегимдей сактап келем тоолоруң,
Сен дегенде сезимдерим ойлорум.
Санаалардын сапарына жол тартып,
Сагындым го садагасы Сарыколум.

Мүрөк суусу булактарың сагындым,
Ак мөңгүлүү аска, зооң жарыгым.
Сарыколчу сыймыктанам атыма,
Сарыколум санжыралуу асылым!

## Улар таңшыйт

Мукам үнүң, булбул үнүң,
Боз сыдырым талаа таңшып.
Бопбоз жер го? Эмне өсөт? Сурашып,
Касиеттүү берешен жер Сарыколум.

Сары беттүү, тулаң аттуу,
Кыркаар тарткан тоолору.
Таң алдында ак шүүдүрүм,
Серпилишкен жел аргыга гүлдөрүң.

Садагасы Сарыколум,
Чоң энемдин шыбыры.
Булут көчүп, сызып өтүп,
Көк асмандан дыбыры.

Кара туман, калың аркар,
Кайкып учкан шумкарлар.
Керемети кең дүйнөдө,
Кең пейилдүү Сарыкол.

## Ала булут

Ала-Ташта албууттанып шамалы,
Каптап булут, кар жаай баштады,
Күңгүрөнүп кар элегин сепкилеп,
Боз үйүмдүн туурдугун черткилеп.

Ак-Туруктун аркасында көп аркар,
Нары-бери атып келем, кемпиржан.
Тумандарга аралашып, аң уулап,
Өңүт алып жетип барам, кемпиржан.



Ас казанын, кара куурма кемпирим,
Үшүдүңбү? Өтө эле кемшийдим.
Тээ жогортон жортуп келет бир адам,
Жолоочубу? Мергенчиби билбейм таң.

Мейман каада, каймак, айран койгунуң,
Оттон жаккын, ысыгыраак олтурсун.
Ала булут, шамал сүрүп ачылат,
Аз-маз катаал, кара шамал катуулап.

## Тагдыр

Ак-Байтал ашуусундай бийик белден,
Аштык ко далай бийик жерлеринен.
Ай жүзүң көз алдыма тартылууда,
Ааламга аты кеткен Сарыколум.

Теребел айланага баам салсам,
Ашыкча барктап келем башка заттан.
Теңирим жаратканга сыймыктанам,
Тоолоруң кайберениң баалап сактайм.

Туулган жер, балалык өткөн мезгил,
Киндик кан тамган жерим Чечектим.
Жүрөккө сактап келем сыр сыяктуу,
Сарыколчу деген наам ак печетин.

## Энелерге таазим

Энсеймин бейиш төрүн жаратканды,
Энеке өпкүм келет таманыңдан.
Тогуз ай жүк көтөрүп, азап тартып,
Чыдаган асыл затым, асылзаадам.

Алпештеп асыраган асылзаадам,
Бала деп, бала үчүн санаа тарткан.
Бакытым бир өзүңсүң бал-бал жанган.
Энекем атыңызга таазим кылам.

Энекем ак саамайың буурул баскан,
Сабылып балаң үчүн санаа тарткан.
Перзент деп жүрөгүндүн түпкүрүнөн,
Ак дилден ак сүтүңдү берип баккан.

Аруу зат аялзаты улуу аттар,
Тагдырдын улуу жолун сенсиң ачкан.
Энекем бейиш төрү улук заадам,
Энеке ак сүтүңдү кантип актайм.

## Ойлор

Ой чабыттайт зымырыктын сересинде,
Суктанамын балалык кез келбетиме.
Өткүр жаштык өткөн күндөр элесимде,
Өмүр барат улгайуунун кемесинде.

Жашоо турмуш өз нугунда агылып,
Өткөн мезгил өткөн күндү сагынып.
Сарыколумдун саар, кечки шамалындай,
Сагындырат туулган жер, жамалың ай.

Күн баратат тоо артына жашынып,
Ай баратат, ак булутка катынып.
Сыйкыр сындуу өмүр барат сабылып,
Кара чачтар ак бубакка айланып.



## Жашоо сонун

Айлана тынч, зуу-зуу каттап машина,
Күн аптабы ысык кетти кайран а.
Турмуш жашоо ушунчалык кызык да,
Баштан ылдый тер шорголоп ысык да.

Шаар ичинде тынбай жүрөт каттам да,
Жүргүнчү көп, өтө тыгын, адам жүзү каттама.
Үч жүз кырк бир ушул барат Учкунга,
Такси кымбат, арзан барат маршрутка.

Турмуш жашоо өтүп барат кымкуутта,
Ызы-чууда изденүү да теринүү.
Жашоо сонун, кереметтүү шаңдуу да,
Турмуш көчү өтүп барат жай гана.

Турмуш жолу чар тарапка чачылып,
Жашоо чиркин ар тарапка агылып.
Санжыралуу Сарыколумду сагынып,
Элим жүрөт, гөй тирилик шарында.

Кээде ызгаар, кээде ысык, салкында,
Бардыгына тобокелчи адам да.
Тагдырлардын багытына баш ийип,
Жашап келет, жашоо шундай адамзат.

## Көл толкуну

Күн бермети терең көлгө чачылып,
Көл толкуну шарпа берип агылып.
Жашоо көркү жаз гүлүндөй ачылып,
Өмүр чиркин өткөн күндү сагынып.

Көл толкуну жашоо турмуш толкуну,
Кээде толкуп, кээде тынчып тартылып.
Жашоо жүрөт, бир мүнөткө токтобой,
Тоодон аккан ак мөңгүдөй агылып.,

Көл жээгинде сулуу бермет тагылып,
Ай жылмаят, аппак нуру чачылып.
Салкын соккон ак таңдагы шүүдүрүм,
Гүл сымактуу жаңы ачкандай бүчүрүн.

## Коңур күз

Коңур күздө коломтодо жаккан от,
Күз илеби сыдырым жел, шамал шок.
Боз үйүмдүн кырчоолорун бошотуп,
Сарыколум сапырылган жел ойноп.

Таң шүүдүрүм, шак басыптыр чөптөрдү,
Ак чүмбөтчөн, ак калпакчан тоолорду.
Сагынычым көөдөнүмдө кусалык,
Кулүк ойлор эске салат Сарыколду.

Күндөр өтүп, айлар жылга алмашып,
Күлгүн чактар буурул чачка айланып.
Күдөр үзбөй күлүмсүрөп тоолорум,
Гүлдөй бергин түбөлүккө Сарыколум.



## Өмүр

Түн сапары коюу түнгө тартылып,
Теребел тынч, айланада жымжырттык.
Анда-санда ит добушу жаңырып,
Асман бети жылдыз толо жарашып.

Ай шооласы түнөгүнө катынып,
Таң шооласы дале жымжырт карачы.
Ойлуу терең, ойго батып жатамын,
Өткөн күндөр кулүк ойлор саматып.

Саат жебеси тык, тык согуп,
Жүрөк менен сырдашып.
Секунд сызып, минутага алмашып,
Өтүп барат өмүр жолу сандалып.

Кулүк ойлор канаттуудай сабалап,
Канат талып, жашоо турмуш сабылып.
Таңды күтүп, кулүк ойлор чабыттап,
Өмүр көчү, улуу жолго жол салып.

## Мезгил

Таң шооласы ааламга нур таратып,
Кутман күн деп күн жамалы жылмайып.
Күзгү түшкөн жалбырактар саргайып,
Күз мезгили күлүп турат жылмайып.

Бак дарактар желаргыга талпынып,
Бак койнунда түркүн куштар сайрашып.
Күз илеби күлүмсүрөй үн катып,
Жай мезгилге кош айтышып баратты.

Төгөрөнгөн төрт мезгилдер жарашып,
Убакыттар, айлар айга алмашып.
Желип жортуп, мезгил барат жанашып,
Кечеки жай, бүгүн күзгө, эртең кышка,
кайра жазга аттанып.

## Улутуң ким?

Кыргызсыңбы? «Кыргыз» атың унутпа,
Улутуңду салт-санааңды курутпа.
Эне-тилиң улуу тоолор бешигиң,
Алпештеген атаң койгон атың бил.

Кыргызсыңбы? Ак калпагың башыңда,
Улуу кыргыз, чыгаан кыргыз атың бар.
Каада-салтың, үрп-адатың баалаган,
Сен кыргызсың, дилиң кыргыз, атың
кыргыз билип ал.

Кайырчыдай башка тилге кызыкпа,
Кыргыз элим улуу урпак чынында.
Ар намысың, бекем сакта кыргызым.
Эне тилиң, Алиппеңди унутпа.



## Энекем

Ак жүзүңө аппак нуруң жарашып,
Энекебай, кара чачың агарып.
Аска, тоону ашып өткөн бийигин,
Ааламга тең балаң үчүн эмгегиң.

Энекебай, улуу жолуң бейиш төр,
Текке кетпейт балаң үчүн эмгектер.
Ак жүзүңдөн агып түшкөн жаштарың,
Тулку бойум, жүрөгүмдү кейитет.

Ак булуттай таза, назик жүрөгүң,
Арман ичте сагынычта жүрөмүн.
Аалам кезип, сабалаган кыялым,
Энекебай жарык маанай жамалың.

Түшкө кирет, сүйкүм сенин жамалың,
Түкшүмөлдөп жакшылыкка самаймын.
Бозоруңку, аппак чачың жүздөрүң,
Жалбарамын жаратканды сураймын.

## Ашуулар

Бор-Дөбөнүн арт жагы,
Найман ашуу Кызыл-Арт.
Кыйма, чийме жолдору,
Сел ташкындуу ойлору.

Узун талаа, кум талаа,
Долина смерть, Уй-Булак.
Калдайган калың көлү бар,
Даңкай жылга Кара-Көл.

Керней-Тартты, Рабат,
Сарыколдун жери ырахат.
Оңго барсаң Чечекти,
Солго тартсаң Раң-Көл.

Касиеттүү Ок-Салыр,
Кайберендүү Муздуу-Көл.
Төрт миң метр бийиктик,
Ак-Байтал ашуу перевал,
Көк чайдан басып, ашып ал.

Ак-Жылгадан суу түшкөн,
Туулган жерим Чечекти.
Балалыгым өткөн жер,
Көөнө-Коргон элеси.
Беш колхоз берген эсепти,
Район «Мургаб» элеси.
Байыртан сүрсөң тарыхты,
«Нуркап» дейт тарых издери.

Орто-Бел ичи Шакарак,
Чеч-Дөбө жолу чар тарап.
Ак-Буура ашуусу,
Техника ашат чалкалап.

Мазары ыйык Ыс-Булак,
Кашкайып тунук суу агат.
Кара-Жылга, Сары-Корум,
Паамыл жайлоо гүл бурап.



Мактанамын жер менен,
Сыймыктанам эл менен.
Даңазалап жазамын,
Сарыкол деген дем менен.

## Ыр булак

Булагында ырың бар,
Тоо койнунда сырың бар.
Жан-булакта, Жан-Айдар,
Жаңырыктуу күүң бар.

Кудугуңдан суу ичкен,
Куудул сөзү тизилген.
Ырчы, куудул, жазмакер,
Сарыколчу атың бар.

Тоолорунда жаңырык,
Толуп турган жаңылык.
Зоолорунда шаңшыган,
Бүркүт, улар таңшыган.

Ырчы булак ырың бар,
Ыр түйүндүү сырың бар.
Ырчы шайыр улан, кыз,
Ыргак сезим сүйүү бар.

Кимсиң? Кайдан? сураса,
Сарыколчу урпактан.
Санжыра тарых, дастандар,
Сарыколумдан куралган.

## Кылым тарых

Тоолор тоого уланып,
Кылым саптап узарып.
Сарыкол деп аталган,
Биз жашаган «Нуркабым».

Ак калпак кыргыз жердеген,
Ала-Тоо кыргыз урпагы.
Караколдук ичкилик,
Тарыхта даана жазылган.

Баба мурас, санжыра,
Узун тарых байкасаң.
Басып келет узун доор,
Ала-Тоо, Сарыкол жолунда.

Саябан кыргыз жолдору,
Ааламга бүткүл тараган.
Сагынып жашайт кыргыз эл,
Ак шумкар учкан тоолорду.

## Терскен

Кара алтынга барабар,
Кара шыбак, боз шыбак.
Тең-тең кылып көтөргөн,
Кагылайын жытыңдан.

Кара куурма, сыйрымды,
Кайнатып тез-тез бышырган.
Каңылжаарды өрдөгөн,
Кагылайын жытыңдан.



Көгөрүп чыккан түтүнү,
Көзгө дары айтылган.
Көтөрүп келсең бир тенди,
Көгүлтүр оту жарашкан.

Жараткан берген байлыгы,
Жараткан берген азыгы.
Катуу сенин сабагың,
Көмөч нанды бышырган.

Канча кылым канча жыл,
Түгөнбөй келет берекең.
Мал азыгы жакканга,
Баалуусуң асыл Терскенжан.

Озондогон элүү үч,
Теңдеп сени ташыган.
Боздоп чаңды сапырган,
Боз салкын сени ташыган.

Калбады кокуй Терскен деп,
Канча жыл өттү арадан.
Жараткан берген байлыгы,
Түгөнбөй келет Терскенжан.

## Кулжа бурак

Тоо шамалы, жер жамалы албырып,
Тоо булагы шыңгыр наздуу агылып.
Сарыколум, сары тоом текелүү,
Мүнөт, секунд көздөн кетпейт жамалың.

Тоо карааны тоо улары сайрашып,
Тоо шумкары кайкып учат айланып.
Ак булуттар чалкып турган асманда,
Сарыколум сулуу кыздай жайдары.

Сары алтынга алмаштыргыс баалаймын,
Сарыкол деп чөгүп кетет маанайым.
Самап келем саар, кечки шамалын,
Кулжа бурак мезгилиндерин самаймын.

## Закымдар

Аяз тоолор асман менен жанашып,
Көктө жылдыз Күн, Ай менен сырдашып.
Түгөйлөрдөй ээрчишкен көлөкө,
Түнкү шамал тоолор менен сырдашып.

Бороон ыры уккулуктуу ышкырык,
Шамал ыры тоо койнунда жаңырып.
Күн бермети шоола чачып ааламга,
Булут көчү журт көтөргөн сыяктуу.

Түнкү жомок тээ илгери байыртан,
Тоо койнунда сырдуу дүйнө жазылган.
Сүйүү тагдыр жашоо турмуш жолдору,
Тарых изи түбөлүккө камтылган.

## Каада-салт

Сарыкол элим берекелүү мол келген,
Конок келсе «кел, коногум» төр кенен.
Сары каймак, кара куурма дасторкон,
Уламыштан өткөн, кеткен кеп козгоп.



Сал төшөктү, кенен жаап жууркан,
Мейман үшүйт, сары кыктан оттон жак.
Сакал сылап, ак сакалдуу карыя,
Төргө өткүн, үшүп калба ысык жат.

Той тамаша уул үйлөп, кыз берүү,
Баба мурас өчпөй келет каада-салт.
Ак элечек жамынышкан энелер,
Сактап келет, кыз узатуу үрп-адат.

Шаңкылдаган шайыр мүнөз жеңелер,
Күйөө жолдош кер муруттуу жигиттер.
Аруу, назик, ак жуумал селкилер,
Ак калпакты кырлуу кийген жигиттер.

## Кыйын кезең

Салкын төрлүү, салкын аба Сарыкол,
Байлар өткөн, бийлер баскан даңгыр жол.
Көл жабам деп кайберендин терисин,
Кыйын өткөн, кырк кезенде өмүрлөр.

Нас тердирип, ийне менен издетип,
Кырк келинди убайымдуу бийлетип.
Кулжа минип, кыркар тоону аралап,
Кайыр кош деп, Кара-Көлдө бир киши.

Нечен карлар, нечен суулар агылып,
Кыйын кезең, кыйын күндөр айтылып.
Нечен айлар, нечен жылдар сабылып,
Сарыколдо калган экен айтылып.

Тоо бороонун тоготпогон Сарыколчум,
Чоң-Алайдан Кытай тарап агылып.
Аштык тартып, келген экен сабылып,
Кербен тартып, узун жолду арбытып,

Аржанай деп арпа тартып, ун кылып,
Жешкен экен, келиң, алың сый кылып.
Берекелүү кең пейилдүү Сарыколчум,
Оош-кыйыш, кыйын кезең күн кечип.

## Сагыныч

Садагасы сары тоолуу Сарыколум,
Сагынычта жашап келет ойлорум.
Саамай чачың санааларга таралып,
Сагынычта санааларым сабалып.

Сенде өткөн балалыгым элестеп,
Сен дегенде жүрөк чиркин эзилет.
Сезимимде, ойлорумда туюлуп,
Сарыкол деген күү жүрөктө чертилет.

Албууттанган шамалыңды сагынам,
Ай жамалың, аппак таңың сагынтат.
Тууган-урук, эли-журтум, досторум,
Күз илеби күлүмсүрөп тоолоруң.

Кырдан учкан бермет сымак аязың,
Кырк чилдеңди, кырк аязың самаймын.
Куш келди деп кубулуштуу мезгилиң,
Кара баар, кара шамал сезимим.



## Ой чабыты

Тоо тизмеги, ой тизмеги чабыттап,
Айлар өтүп, жылдар жылып баратат.
Өмүр жашоо өткөн күндөр элеси,
Көз алдыма тартылууда желеси.

Жашоо, тагдыр сүзүп барат кемеси,
Сарыколумда энекемдин элеси.
Тоодой бакыт жүрөгүмө дем берген,
Томсоруңку атакемдин бейити.

Ак шумкардай сабалаган тагдырым,
Түнөгүмдөн канатымды жайылттың.
Өмүр өтөр, эшик ачар кейиштин,
Тагдыр кантет? Кайда калат бейитим?

Кубаныч деп атым калар жазмышта,
Анча-мынча окулуучу тарыхта.
Сүйүнөрмүн, томсорбостон кейиште,
Уулдарым, урпактарым бата кылса
бейитке.

## Ало-Тоого салам

Ала-Тоодон Сарыкол,
Сарыколдон Ала-Тоо.
Басып өткөн даңгыр жол,
Ак калпак кыргыз аман бол.

Берешен айкөл ак калпак,
Бейли кенен кыргыз эл.
Баба мурас кемеге,
Баатыр чыккан кыргыз эл.

«Кел коногум» - меймандары,
Кучак жайып тоскон эл.
Ак калпагы башында,
Ак шумкар сындуу кыргыз эл.

Эгемендүү ээликке эге болгон Кыргыз эл,
Куттуу майрам, куттуу эл.
Урпагың өссүн кыргыз эл,
«Манас» баатыр урпагын, унутпагын
кыргыз эл.

Ак калпактуу кыргыз эл,
Барктап айтам баркыңды.
Баатыр жүрөк кыргыз эл,
Баалап айтам наркыңды.

## Кыргыз туусу

Улуу доор эчен кылым саптаган,
Кыргыз элим тууң бийик аскадан.
Оош-кыйыш турмуш жолун өткөрүп,
Кыргыз атын бүт ааламга тааныткан.

Тегиң кыргыз, элиң кыргыз, билип ал,
Кыргыз деген каада-салтын сактаган.
Ала-Тоодон Сарыколго үн салып,
Бир боордоштук кыргыз атын барктаган.



Тоо жаңыртып, тоо койнунан күү чалган,
Топту жарган Токтогулдай ырчылар.
Тоо бүркүтү ак калпакчан кабылан,
Баатыр «Манас» урпагыбыз билип ал.

Ачып көрсөң санжыраны аярлап,
Тарых изин окуп көрсөң барактап.
Кыргыз туусу кызыл түскө боёлуп,
Чамгаракта канат жаят ак шумкар.

Улуу кыргыз, сулуу кыргыз атыбыз,
Алыс кеткен кыргыз деген даңкыбыз.
Мактанамын, даңктанамын эл менен,
Көчмөн кыргыз улуу бийик атың бар.

## Сарыколчу карачы

Борбор калаа Бишкек шаар,
Сары-Өзөн Чүй, Баткен.
Сарыколчум ээлеген,
Кыргыз жерим кең мекен.

Кызыл-Кыя, Ош шаары,
Ордолуу Ош калаасы.
Кычырашат тим эле,
Сарыколчу карачы.

Тил байлыгы төп келген,
Кууруп сүйлөйт тил чечен.
Берешендүү кең пейил,
Сарыколчу эл деген.

Каада-салтын сактаган,
Барган конок мактаган.
Ыйман сыры Сарыколдо,
Элим менен мактанам.

## Энеке

Балаң үчүн бал сүйүүндү тартуулап,
Таттуу уйкуң наристеңе арналган.
АЛЛАХ сөзүн «алдей» менен тартуулап,
Балаң үчүн аруу сезим жаралган.

Тогуз айлап бороондорго жүз тосуп,
Аска-зоонун ызгаарына жол тосуп.
Канаттууга кактырбаган энекем,
Жан кейиткен азаптарды кечирген.

Эне деген атың ыйык жашоодо,
Балам деген сөзүн жашайт жүрөктө.
Неберем деп эркелетсең баламды,
Кызганычтын оту жанат көңүлдө.

## Мөңгүлөр

Теребелде таң шүүдүрүм агылып,
Күн шооласы тоо бетине чачылып.
Тоодон тоого улар үнү жаңырып,
Ыр жазылат улар таңшыйт айтылып.

Алп тоолордон, ак тоолордон,
Күмүш мүйүз, шаа мүйүзү чагылып.
Кубалашып куюлушкан тоолордон,
Кулжа, теке, аркар, эчки чубуруп.



Сырлуу дүйнө Сары-Тоо, Сарыкол,
Сезим кыял серепчилеп узун жол.
Тоодон аккан жаркыраган мөңгүлөр,
Апапакай мүрөк суудай төгүлүп.

Керемети кең дүйнөлүү Сарыкол,
Касиеттүү өткөн сенде эчен доор.
Карт тоолоруң келберсиген өңдөрү,
Кылымдарды сактап келет жолдору.

## Жаратылыш керемети

Кээде ызгаар удургуп,
Тоодон шамал куюгуп.
Кээде жаай күн нуру,
Кээде салкын жел жүрүп.

Кээде бороон уюлгуп,
Кар жамгыры куюлуп.
Кээде булут тунарып,
Күүгүм кездей тунарык.

Туунгуюкка тумчугуп,
Пендезатта ызалык.
Токтосо деп борошо,
Абдан эле ойлонуп.

Шамал болсо сүйлөнүп,
Шаштырды деп күймөнүп.
Ысык болсо күн аптап,
Ысык ко деп баш чайкап.

Жамгыр төксө нөшөрлөп,
Мынча неге өчөшөт.
Пендезатка эч нерсе,
Жакпагандай көрүнөт.

## Айылым

Тоо этеги улуу дайра агылган,
Жар үстүндө катар айыл жайгашкан.
Аппак кыштак кар жамынган сыяктуу,
Көз алдымда Көөнө-Коргон айылым.

Балалыгым өткөн жерим айылым,
Жаштыгымды эстеп сени сагындым.
Бирге өскөн курбу, курдаш досторум,
Кайдасыңар билинет да, билинбейт ко
дайынын.

Аркы-терки өткөн сенин жолдоруң,
Бир өзүндө жашап келет ойлорум.
Мен окуган Хусейнбаев мектебим,
Мени окуткан эжекейлер, агайым.

Тагдыр жолу чар тарапка агылып,
Классташтар, мен жүрөмүн сагынып.
Көчөлөрүң көз алдыма тартылат,
Көчө таптап, бирге өскөн балалык,



## Небере

Турмуш жолу тутка болор жолдору,
Уул-кызың барктай билсе болгону.
Жашо кызык, эркелетип небере,
Баалуу белек эң кызыгы жашоонун.

Чоң ата деп, чоң эне деп жетелеп,
Аны муну алып бер деп эркелеп.
Карылыктын доору ушул жашоодо,
Бала пейил болгон кезде темселеп.

Ата сүйөт өз баласын балам деп,
Эне сүйөт балакайым, каралдым.
Бала билсе ата-эне кадырын,
Небере да сыйлай билет бардыгын.

## Түш

Мен түш көрдүм, түкшүмөлдүү ойлорум,
Түшүмдөгү ай жамалдуу Сарыколум.
Асылзаада перизаттай кулпунуп,
Көз алдымда бейиш жыттуу тоолорум.

Шыңгыраган назик күлкү жаңырып,
Кыз күлкүсү, улар үнү жаңырык.
Тоодо кийик кол жаңсадым жетпедим,
Туңгуюктун кучагында термелдим.

Кызыл-Артым чалкып жаткан Кара-Көл,
Ак-Байталым келберсиген Мургабым.
Жер жамалы, эли журтум сууларың,
Айтор, баары көз алдымда турасың.

Аскаларың ак мөңгүлөр агылган,
Алп тоолоруң күңгүрөнүп үн салган.
Табиятың, жаратылыш кооздугуң,
Түшкө кирип, аян болуп соолуттуң.

## Мургап дайрасы

Шаймагымдан шашып аккан дарыя,
Шаңдуу агып Мургабыма келесиң.
Тоо аралап Мадияндын ичинен,
Толкуп, ташып Сарезге кетесиң.

Канча жылдар, канча кылым агылып,
Тоо сууларын топтоп алып чакырып.
Канча турмуш, канча тагдыр сен менен,
Кайда калды? Кайда кетти шашылып.

Өмүр жолу сени менен жарышып,
Өттү күндөр, өттү жаштык сагынтып.
Улуу дайра касиеттүү Сарыкол,
Соолубагын тынбай аккын узун жол.

## Чилде шамы

Күз жамалы кош айтышып баратат,
Токсон чилде тоо артына жашынат.
Кыр көргөзүп, кырын салып кырк чилде,
Кырк аязы, кырк муруту сайгылап.

Токсон-токсон ары тур деп жулунуп,
Мушун түйүп кайда экен деп көк мурун.
Тоо башында аяз чалып жинденген,
Торой салып, аяз бийин бийлеген.,



Күн жамалын булут тосуп дүңкүйүп,
Күңгүрөгөн карт тоолор да күңүрттүү.
Жаз илеби келе калса экен деп,
Түнөгүндө торгой дагы үмүттүү.

## Бурганак

Ак-Байталдын ашуусунда бурганак,
Ачуланган аруу шамал ызгаарлап.
Кагылайын катуу болду не шамал?
Кулжа бурак эми мына чачылат.

Кар боройлоп жаап келди катуулап,
Ой суукту, - тынчыгыла, эшик жап.
Булут каптап, караңгылайт ачылат,
А бул ызгаар Теке бурак айтылат.

Касиеттүү кайберенге ишаарат,
Уу да болбойт, бул мезгилде үйдө жат.
Жер көгөрүп, көккө тойсо мал жандар,
Ээ жаныбар, аркарлар да төл баштап.

Сүйүү сезим, кызуу сезим табигат,
Бейпил жашоо жан жаныбар самашат.
Кагылайын, касиеттүү Сарыколум,
Бейпил турмуш сапарлары уланат.

## Таттуу кыял

Талаа таңшып, торгой үнү угулат,
Күн бермети күлүмсүрөп чачылат.
Тоо булагы уккулукту шыңгырап,
Симфония, оркестрдей күү чалат.

Сарыколум кереметүү жайлоом,
Аруу келин топоз саап олтурат.
Кемегеде жалындаган улуу от,
Курут кайнап, казан ичи буркурап.

Таттуу кыял өткөн күндөр тартылат,
Элес болуп, көз алдыма кайрылат.
Кийиз тартып, ыр кезегин узатып,
Жаштык кездер күлмүңдөгөн кыз-улан.

## Ак чоку

Ой сезимдер, ой толгоолор чабыты,
Жүрөгүмдө жашап келет катылып.
Тоо ичинде, өз койнунда түнөгүм,
Сарыколум сен деп согот жүрөгүм.

Тоо элеси, жүрөк эңсеп сагынат,
Тоо булагы, тоо гүлдөрү ачылат.
Тоо жамалы кереметтүү сырлары,
Тоо ичинде боз үйдөгү ырларым.

Сарыколум сагындырат элесиң,
Сагынычтын айдап келем кемесин.
Сагынамын сенин сындуу келбетиң,
Сүрөтүңдү жүрөгүмө чийемин.

Ашууларың бийиктигиң, кийигиң,
Ак шурудай көз алдыма тизилдиң.
Ак чокудан куюлушкан сууларың,
Ак шөкүлө, ак калпакчан кырларың.



## Ысырап

Ысырып, эй ысырап,
Кыйынсынып кычырап.
Кызыл бети кызарып,
Кызыл токоч жылтырап.

Казы-карта каптатып,
Калың, каада той кылат.
Устукандын узунун,
Мышык сымал аңдылап.

Стол үстү толтура,
Түрлүү тамак болтура.
Атым чыкса менин деп,
Ысырапка жол улап.

Кой этинен уй артык,
Топозуңдан тай артык,
Тээ баланча байыңдан,
Кем каламбы деп айтып.

Үйлөр калып салынган,
Тойканалар тандалат.
Беш жүз адам келди деп,
Беш жыл бою мактанат.

Байыңа да бийиңе,
Эки метр кездеме.
Буюрса да жараткан,
Эки метр жер тийет.

Ашынабыз пендезат,
Чачынабыз пендезат.
Эки күндүк жашоодо,
Жасай турган ибадат.

Кайда барат жашоолор,
Ысырапка кейибейт.
Кабыр, сурак азапты,
Пендезаты эстебейт.

Эх, жашоолор керемет,
Өмүр көчү термелет.
Таң аткандан кечкече,
Пендезатым изденет.

## Чеч-Дөбө

Аба салкын, жер бийик,
Төгүлүп турат көп кийик.
Чеч-Дөбө асыл жерлерим,
Кайберени тизилип.

Кереге-Өтөк, Нан-Калды,
Көзүмдөн кетпейт жамалы.
Жаштык кез өткөн жалындап,
Жалынсам кайра кайрылбайт.

Эгер-Калды, Шакарак,
Самасам жүрөк кыжалат.
Сары-Таш менен Көк-Жарын,
Сагынсам өпкө жарылат.



Ойлорум учат сабалап,
Досторду жүрөк сагынат.
Терскен, шыбак түрдүү чөп,
Бетеге белден бурулат.

Кызыл бурма, нохотек,
Кызыгып койлор терип жейт.
Мамыры, менен кумуру,
Жайлоолордо сеңселет.

Кайгуулдап учат ойлорум,
Касиеттүү сырларың.
Кыдырып бастым чарчабай,
Катарлаш улуу кырларың.

Өзүндө турат ойлорум,
Памылга кеткен жолдоруң.
Кызыл-Дөң, менен Ыс-Булак,
Кереметтүү жерлерим.

Кара-Жылга, Машаалы,
Тургандыр дале гүл бурап.
Эли-журт, тууган-уруктар,
Ар дайым болсун саламат.

Зооңдон учкан уларың,
Айланып учат шумкарың.
Бейиш төрлүү жерлерим,
Ар дайым болсун аманат.

## Булак

Өзөн булак тоодон ылдый куюлат,
Сары-Булак, Кайнар-Булак, Ыс-Булак.
Тоо койнунда шыңгырап,
Кереметтүү ыр курап.

Саябандуу Сарыколум,
Булак үнү шыңгырап.
Торгой-Булак, Жан-Айдар,
Тоо жамалы албырат.

Жамгыр төксө көнөктөп,
Тамчы-Булак тамчылап.
Талаа гүлүн сугарып,
Торгой үнү угулат.

Чеч-Дөбөдө Ыс-Булак,
Касиеттүү ал булак.
Ал мазардын сыры бар,
Сарыколумда көп булак.

## Кар жаайт окшойт

Булут көчүп келе жатат самсаалап,
Кар жаайт окшойт, кара булут калыңдап.
Кырчоонду бекит кемпир, бош экен,
Түндүк жабуу турат ана, далбандап.

Сарыколумда канча жааса калыңдап,
Кара шамал айдап кетет алыстап.
Кара кырдын тескейинде көп аркар,
Атып келе калайынчы аңдылап.



Семиз экен, туу калган чаар ак аркар,
Кана кыктан, оттон жакчы улуулап.
Сыйрым салып чакыралы коңшуну,
Машиненин доошу ласта угулат.

Куруттан эз, сары майдан томкоруп,
Суук катуу, мейман келет калтырап.
Топоз, койду кайтарайын батыраак,
Карышкырлар улуп-уңшуйт жакындап.

## Тоо касиеттери

Дастар, Гүлдар, Мустак-Ата укканымча,
Үч бир тууган болгон дейт уламышта.
Жалганыбы, чыныбы билбей турам,
Барбы арада ушуну билген адам?

Касиеттүү жоомарт жер Сарыколум,
Олуялар каттаган улуу жолуң.
Керемети кең дүйнө Сарыколум,
Сырлуу дүйнө сезими даңгыр жолуң.

Кыялымда, сезимде, ойлорумда,
Ой жүгүртөм ар дайым тоолоруна.
Керемети өзгөчө ар бир жердин,
Касиеттүү сыры бар тоо койнуңда.

Чырак жанат эмнеге? Чырак-Таштан,
Сары түйүнүн чечалбай ойго батам.
Санжыралуу, тарыхтын сыр баянын,
Ак дептерге калтырбай баарын жазам.

## Ыр дүйнө

Ыр дүйнөсү жүрөгүмдө жай алат,
Ыр саптары канаттуудай сабалап.
Ыр жашоом, көңүл кунак, жайдары,
Ыр сезими жүрөгүмдү кубантат.

Ыр канатым көккө учат сабалап,
Кээде ойлуу тунжуроону жаратат.
Ыр сабымда туулган жер мекеним,
Көз алдымдан минут, секунд кетпейсиң.

Тоолор бийик, тоодой бийик ойлорум,
Сарыкөл десе түн уйкумдан ойгондум.
Томсоруңку тоо жамалы элесиң,
Жүрөгүмдө кайгы, сагыныч келесиң.

## Жайлоом

Аруу таза ак таңдарда агарып,
Шыңгыр тунук, ак булакка жүз чайып.
Күн шооласы тоо бетине жайылып,
Кереметтүү жайлоодон таза дем алып.

Ак мөңгүдөн агып түшкөн улуу суу,
Таштан ташка аркы-берки чабылып.
Кыркар тарткан дөңсөөлөрдө агарып,
Касиетүү кайберендер жайылып.

Килем төштүү кызыл, тазыл гүлдөрү,
Сарыколумдун жайлоолору түрлөнүп.
Түтөк эгиз кагылайын жеримдин,
Ашууларың бийиктиги көрүнүп.



Кыркаар тартып, боз үйлөрү тигилип,
Жайлоо шаңдуу кереметтүү Сарыколум.
Ай шоокуму, түндө ак чөлмөк оюну,
Селки, бозой сезимдери козголуп.

## Сулууга

Аял деген, сүйүү деген дартым бар,
Аял деген ак жолукчан баркың бар.
Өтсө дагы өмүр чиркин алыстап,
Сулууларга сөз айтууга акым бар.

Кыз дегенде жүрөк толкуйт дартым бар,
Кыз мүнөзү кылыктанган шарты бар.
Кырчын жаштык өтүп барат жаш убак,
Кайда кетти, ичте арман ал убак.

Аруу таза жүрөктөргө чок салат,
Аялзатын сүйө билсең кадырлап.
Кызыл гүлчө сөз айталбай тартынчаак,
Жүрөк чиркин сумсайынкы жалдырап.

## Өмүр

Он сегиз жаш, күлмүңдөгөн жаш убак,
Жыйырма беш, отуз курак күч убак.
Кыркаар тартып, кырктан кыры ылдыйлап,
Бел эңкейип, бетте бырыш, элүү карай
умтулат.

Өпкө көөп, өйдөлүшкө онтолоп,
Өмүр чиркин өтүп барат жөрмөлөп.
Кыналышкан кыз-келинди көргөндө,
Өпкө чиркин жалган эле жөтөлөт.

Турмуш жолу түркүн жолдо сапарлап,
Артта калды күлүмсүрөп кол булгап.
Кара чачтар ак бубакка айланып,
Артта калды, аттиң арман, жаштык чак.

## Нур заман

Бейпил жашоо, кандай доорго жетиштик,
Ак ундарды тандап жейбиз келтирип.
Керсейишип бой тирешкен жолубуз,
Жашообузда жашап келет кемчилик.

Абийир, намыс, аруулук, айкөлдүк,
Таразага тартып, өлчөп көрөлүк.
Адеп-ахлак, ыйман нурун көргөзүп,
Ээ адамзат, туура жолдо жүрөлүк.

Баба мурас, каада-салтын сактайлык,
Жашобузда гүл заманды барктайлык.
Кылым тарых барактарын барактап,
Өткөн доорду эске салып жүрөлүк.

## Жаш муун

Тоо балкыткан, ой балкыткан сулуулар,
Сарыколумда жашап келет улуулар.
Жашап келет тагдырларга жараша,
Өнүп келет, өсүп келет урпактар.



Чет жакада, сулуу кооз шаарларда,
Тыйын таап, ак эмгектен калаада.
Ты откуда? И кто вы? - деп сурашса,
Я кыргыз: орел из Сарыкола.

Сыябандуу Сарыколумдун урпагы,
Басып өткөн даңгыр жолду бабалар.
Жашап келет, жер шарында муундар,
Аты угулат Сарыколчу кыргыздар.

## Ата-Мекен

Ата-Мекен деген улуу сөз,
Эне деген эң кымбаттуу асыл сөз.
Эне тилиң алдейлеген энекең,
Жашоондо баалай билсең адамзат.

Намаз - заман экөө тең куттуу сөз,
Заман жаман дебегиле куру сөз.
Ак жолдордон адашпайлы турмушта,
Аруу тилек туура болуш чоң максат.

Аска деген асман менен жанашкан,
Ата деген улуу бийик асыл сөз.
Ата журтуң касиеттүү билип ал,
Ата деген чынар терек улук зат.

## Түн жамалы

Түн чырагы жарык чачкан ааламга,
Түркүн жылдыз серенада Венера.
Кол чатырын колго илген сыяктуу,
Топ Жетиген жарык чачат асманда.

Үркөр, үркөр, үркүп кайда барасың?,
Үмүт шамы көчүн улап жагасың.
Жаркыраган жарык чачкан Тараза,
Тагдырлардын ташын өлчөп турасың.

Сапар улап Саманчынын жолунда,
Чыйыр салып, узун даңгыр жолунда.
Сансыз жылдыз жымыңдашып маңдайда,
Сактап келген улуу, доор кылымдар.

Жаркыраган улуу жылдыз Таш-Казык,
Так төбөдө жарып турат кагылып.
Үйрүн самап, үркүп качкан аргымак,
Жүргөн жерин, өз үйүрүн сагынат.

Таң шооласы жарык чачып ааламга,
Таң Чолпону батып барат жай гана.
Узун чапан кийген улуу караңгы,
Тоого сиңип жарык нурга айлана.

## Сагыныч

Тоо жамалы көз алдымда албырып,
Тоо шамалы жүрөгүмдө сагыныч.
«- Тур, турагой» энекемдин сөздөрү,
Чамгаракка чагылышкан күн нуру.



Көөдөнүмдү аралаган сагыныч,
Булак үнү шыңгыр, шылдыр агылып.
Сарыколум комуз күүөү жаңырып,
Таңкы отко кайберени шашылып.

Боз үй жашоо, кереметтүү сырлары,
Сарыколумдун тамшандырган каймагы.
Мамыр, кумур гүл жаттанган жайлоом,
Топоз айдап, кой кайтарган тоолорум.

Туулган жердин топурагы алтын го,
Түнөгүнө конгон куш да сагынат.
Тоо жамалы сагынычтын деминен,
Торгой үнү, улар үнү кулагыма жаңырат.

## Өмүр кемеси

Ак булут чалкып көчкөн чар тарапка,
Карт тоолор калдайыңкы көктү карай.
Ааламда сырлуу дүйнө жаңырыгы,
Тоо кербен көчүп улап бараткандай.

Деңиздин шарпалары Ак-Буурадай,
Ак көбүк чачылганда жээк карай.
Өмүрдүн ак кемеси жай баракат,
Сүзүүдө көк деңиздин талаасында.

Көгүлтүр көпкөк асман күн ааламы,
Теребел кымкуут тартып, дүйнө шамы.
Жан дүйнө, жаратылыш кубулушу,
Жалбырак күз боёгун жамынгандай.

## Ууда

Айланада, теребелде жымжырттык,
Түн жамынып, ууга чыктык.
Боз талаада, боз майданда топ аркар,
Өңүт бербей, боз сырттарда жайылат.

Каягынан өңүттөсөк?, Шамал дагы тетири,
Мурчундаган Куке мерген мурчуят.
Дөң артында кызыл кийик толтура,
Жыла берип, жетип калдык аттууга.

Токтоп турчу, атайынчы семизин,
Туюп калды, сынык мүйүз ак кулжа.
Эки жүзгө прицелди жылдырып,
Татыр колдук басайынчы, сен кара.

Ана кетти, тээ тумшукту айлана,
Жагылды ана, сынык мүйүз ак кулжа,
Оо, Эсеке, чыгып келгин, бер жакка,
УАЗ чыгат, тикелетип айдаса.

## Мен Кыргызмын

Кайдан келдиң? Кимсиң? Атым сураба.
Тегим кыргыз,элим кыргыз, ак калпагым башымда.
Сарыколдо улуу тоодон шаңшыган,
Кыраан кыргыз, чыгаан кыргыз атым бар.



Улуу тарых сабактарын барактап,
Ачып көрсөң санжыраны аярлап.
Кыргыз кайда?, кыргыз кайдан сурасаң,
Айтып берет, улуу тарых баяндап.

Сарыколдон, Ала-Тоого жол салып,
Көчмөн кыргыз улуу, даңктуу аталган.
Манас баатыр, кырк чоросу, кошууну,
Кытай, Ооган жергесине жол салган.

Манас даңкы, Манас аты урпактын,
Каракол деп, Сарыкол деп атаган.
Сары тоолуу Сарыколум байыртан,
Санжыралуу сабактарга жазылган.

## Баткен

Мекен коргоо эр азамат колунда,
Түркүн тагдыр, жашоо турмуш жолунда.
Улуу сыймык, жоокер сенин атың да,
Жоо бетинде, эл четинде мекен коргоо намыста.

Улуу кыргыз ар намыска бек болгон,
Көк жал, бөрү атыңа да төп келген.
Улуу кыраан бүркүтсүңөр шаңшыган,
Түшүрбөгүн ак калпагың башыңдан.

Баткен жери, каргашалуу окуя,
Окко учкан, жараат алган шумкарлар.
Эстен кетпейт, жазылат ко тарыхка,
Кыргыз эли, ата-эне унутулбайт эч качан.

## Улуу тарых

Сансыз кылым жашап келген бабалар,
Сарыколумда санжыралуу дастандар.
Улуу Кытай, Ооган жерин жердешип,
Жашап өткөн, жашап келет далайлар.

Узун тарых, окуялар баяндар,
Өткөн кылым, өткөн далай замандар.
Улуу Памир, Сарыколумду мекендеп,
Улуу муун жашап келет байыртан.

Сарыколумда касиеттүү сырлар бар,
Кайберени алтын, күмүш байлыктар.
Сырлуу дүйнө берешен, куудул сымал
элим бар,
Жылга-жыбыт төрт түлүккө төп келишкен
жери бар.

Ыр дүйнөсү жүрөгүмдү кыялап,
Жазып келем ак дептерди сыялап.
Улуу тоого салам айтам Сарыколум,
Бар бол элим, жаратканга аманат.

## Ырчы булак

Толгой тарткан кыл аркан,
Топ жыйында сайраган.
Кырлай тарткан кыл аркан,
Кыр-кырларда ырдаган.



Толгой тарткан кыл аркан,
Топ жыйында сайраган.
Токтогулдай ырчылар,
Тоо булбулу аталган.

Сарыколдой жеримде,
Ак калпак кыргыз элимде.
Улар таңшык ырлары,
Толкутуп жүрөк жаңырткан.

Тоотмек да, ак чөлмөк,
Улан, бозой ырдаган.
Касиеттүү жеримде,
Бозой-Күмбөз аталган.

Кырнак кырын кырлаган,
Кыз-Жибегин ырдаган.
Алым сабак, бир сабак,
Ашыглыктан ырдаган.

Айтылуу Сарыколумда,
Атактуу ырчы жашаган.
Ырчы-Булак бекерден,
Айтылып бекер калбаган.

## Кыргыз элимдин улуу ажосу,
## Садыр Жапаровко ыр белек.

Ала-Тоо кыргыз жеринде,
Ак калпак кыргыз элимде.
Улуу Манас урпагы,
Садырдай баатыр жигитке.

Сыймыгы болдуң элиңдин,
Сүймөнчүк болуп жериңдин.
Тарыхта калат эмгегиң,
Эскерет элиң дегеним.

Элиңдин болдуң тилеги,
Элиңдин болдуң тиреги.
Оош-кыйыш турмушту,
Өткөрүп келген кыргызым.

Алдым-жуттум ач көзгө,
Аянбай салгын чеңгелиң!
Токтогул залкар акындын,
«Беш каман» ырын эстегин!

Адеп-ахлак, ыйман нур,
Жүзүңдөн такыр кетпесин!
Акжолтой ажо өзүңдөй,
Кут болсун, кыргыз элиме!.



Үзүрүн көргөн эмгектин,
Үмүтү элдин тилеги.
Бактылуу болсун үй бүлөң,
Байсалдуу болсун жолдоруң!

Ала-Тоо, Сарыкол жерибиз,
Ак калпак кыргыз элибиз.
Тарыхта турган камтылып,
Кыйрылып тийсе жерибиз.

Баба мурас кемеге,
Саябан кыргыз элимде.
Санжыра Сарыкол тарыхын,
Сактап бир алса дегеним.

## Кыргыз элимдин улуу,
## Генералы Камчыбек Ташиевке

## Ыр белек

Ала-Toодо кыраан бүркүт шаңшыган,
Алп Манастын урпагы деп айтылган.
Чыгаан кыргыз, кыраан кыргыз атың бар,
Катуу чапкын, Карагерди камчылап.

Жоого карай жалтанбаган кайратың,
Тагдырлардын бороонуна бет алдың.
Элиң кыргыз, жериң кыргыз Ала-Тоо,
Элиң дагы эмгегиңди бааласын!

Эр жигиттик ар намасын сактаган,
Эл четинде, жоо бетинде даңкталган.
Эчен татаал тагдырларды кечирип,
Келатасың эл көйгөйүн чечишип.

Эл байлыгын, жер байлыгын ээлеген,
Жексурларга мыйзам чегин келтирип.
Камчылагын кайра артка кайтпагын,
Карааныcың калың журттун каймагы.

Ак ниеттен, ак жүрөктөн иштейсиң,
Шыдыр болсун, сапарларың ар дайым!
Узун доордо элиң дайым бааласын,
Укурукту узун таштап чамдагын!

Үй бүлөлүк бакыт, таалай каалары̆м,
Ала-Тоонун ак чеңгелдүү шумкары.
Кыйын кезең кыргызымдын тагдырын,
Чечип берсең, чек аранын чатагын.

Сарыколдун жеткирейин саламын,
Мен боломун Сарыколдун урпагы.
Сагынычта жүрөк дегдеп турабыз,
Көзгө элестеп кереметтүү Мургабым.

Кээ мезгилде болгон экен кыргыз жер,
Ээлик болуп ушу тапта тажик эл.
Жадыраган нурун төккөн Нуркабым,
Азыр айтам, өзгөртүлгөн Мургабым.



## Ыр дүйнө

Аруу таза шыңгыраган булагын,
Аска-зоодон агып түшкөн сууларың.
Келберсиген келишимдүү кырларың,
Тоо койнунда толкуп-ташкан ырларың.

Ыр бермети чабыттаган куш сымак,
Ой балкытып, терең ойго батырат.
Сарыколдо улуу тоолор үн салып,
Кайда кеттиң? Сарыколчум деп турат.

Ыр дүйнөсү чалкып жаткан көл сымак,
Жан дүйнөнү терең ойго калтырат.
Сарыколумдун санжыралуу сабагы,
Саябандуу күлүк сымал чаптырат.

Аралашып алп тоолорду аралап,
Түшкө кирген аян сымал чачылат.
Ой тизмеги, ак куу сымал сабалап,
Сарыколумдун жамалына азгырат.

## Ай кызым

Ай жамалдуу, ай назиктей жүзүңдөн,
Асылзада шыңгыр, тунук күлкүңдөн.
Күн нурундай күлүмсүрөп мүнөзүң,
Каалап келем, күлүмсүрөп жүрүшүң.

Атакеңдин ай нурусуң чүрөгүм,
Апакеңдин күн нурусуң бир өзүң.
Кара чачтуу, кара каштуу ак гүлүм,
Кабак салсаң, кайгы тартып жүдөймүн.

Тамчы булак татынакай жүзүңдөн,
Тагдырлардын ызгаарлары үзүлсүн.
Жаш бүрдөгөн жалбырактын сезими,
Жашоомдо жаңы ачылган гүлүмсүң.

## Байбиче

Оо байбиче, сулуу сенин келбетиң,
Отуз бир жыл өмүрүмдүн элеси.
Болдуң менин жашомдун эрмеги,
Кайтып барат сулуу сенин келбетиң.

Турмушумдун оош-кыйыш шамалын,
Тосуп келдиң бороон-чапкын азабын.
Тоодой бакыт үйүбүзгө толтуруп,
Толкуп турат дагы деле жамалың.

Мүнөзүңдү өзгөртпөгүн көгөрүп,
Сүйлөнбөгүн укпай калсам өчөшүп.
Турмуш шары агымдары ушундай,
Өткөн турмуш эсте калат шурудай.

Кудуңдаган куудул чалыш жан элем,
Кубан мерген аталып да мен келгем.
Кумсаңдаба куруп калган кемпирим,
Кубан чолок дагы дале сен менен.

## Аялзат

Аялзаты толкуп-ташкан деңиздей,
Кээде толкуп, кээде жай мезгилиндей.
Бороонго да, ызгаарга да чыдаган,
Аруу, назик тартуулаган сезимдер.



Аялзаты алпештеген бак сымак,
Жүрөгүңдү аяр сымал тартуулап.
Сезимталдуу жашоолордун күзгүсү,
Ууртунда махабаттын күлкүсү.

Аялзаты бейиштердин эмгеги,
Түздөп алар анча-мынча кемтиги.
Аялың бар, ак калпагың башыңда,
Жашоо шамың жанып турган кечинде.

## Кайран кыргыз

Калың, каада-салттарын ачкан кыргыз,
Жыйынганын тапканын чачкан кыргыз.
Жылдар менен мезгилге байкоо салып,
Жыйым, терим төлгөсүн тапкан кыргыз.

Кыз алышка, беришке кыйын кыргыз,
Уул үйлөп, той берген улуу кыргыз.
Кыйын-кыйын деп койсо кыргызымды,
Карабастан көзүнө, чачкан кыргыз.

Карыз болсо калтырап качкан кыргыз,
Кайда десе, үйдө жок, айткан кыргыз,
Капилеттен табылса акча деген,
Кайра баштан калдастап чачкан кыргыз.

Тагдырлардын багытын тапкан кыргыз,
Тобокелге таамайлуу баскан кыргыз.
Татаал жолдун ашуусун ашкан кыргыз,
Таалай жолун таамайлап айткан кыргыз.

## СССР элестери

Комунизм келет деп,
Кандай жашоо элестеп.
Брежнев пааша доорунда,
Комунизм кайда? - деп.

Комунизм кетирип,
Горбачев келди ордуна.
Демократ, гласность,
Өз укугуң колуңда.

Он беш өлкө чачылды,
Өз укугу колунда.
Капиталист байлыктар,
Ээленип кетти баарына.

Заводдор кетти ээленип,
Фабрика жана өнөр жай.
Өзгөрдү деп замана,
А бирок заман ордунда.

Адеп-ахлак, ыймандын,
Жартысы калды ушунда.
Теринүү да изденүү,
Берекеси жогунда.

Эгеменге ээ болдук,
Бул жагы да жакшы да.
Эркектерден аялдын,
Укугу кетти даража.



Балдар кийген кыска шым,
Кыздар кийип алды да.
Тебетей менен жоолук жок,
Жалаң баш доорго калды да.

Хрушевтон ак малта,
Тарипи конфет болчу эле.
Маскарад менен дубоктор,
Такчыда толо турчу эле.

Кошуна-колоң бир үйдө,
Кызматта бирге болчу эле.
Балдардан кыздар уялып,
Уялуу сезим болчу эле.

Карынын сөзүн капка сал,
Карыя сыйлоо болчу эле.
Береке жашоо сезимдер,
Шүгүрчүлүк болчу эле.

Берешен заман, мол заман,
Ак төөнүн карды жарылган.
Түшүнбөйм такыр адамга,
Жетишкен ушул заманда.

## Ата-эне

Ата мазар, асыл сүйкүм керемет,
Ата сөзү жашоондо келечек.
Ата болуу максатың да үмүтүң,
Ата жолу сапарында эң керек.

Эне кымбат, асылзаада касиет,
Эне ыйык, мөмө жемиш, бак дарак.
Энелердин саамайында ак бубак,
Энелерди сыйлай билсең, бейиш бак.

Ата-эне кадырын сыйлай бил,
Ата-эне айткан сөзүн тыңдай бил.
Ата-эне урматын бааласаң,
Анда сен да уул, кызга кымбатсың.

Ата сөзү тагдырыңа жол улайт,
Эне сөзү жашооңдо насыят.
Эркелеткен ата-эне сөздөрү,
Элестери көз алдыңа тартылат.

## Атакем

Атаке самайм элесиң,
Көөнө-Коргон жеримде.
Калды ата, бейитиң,
Эзилип жүрөк кейиймин.

Зергерлик болчу өнөрүң,
Жасаган шакек күмүшүң.
Өнөрүң калды өкүнтүп,
Өкүнтүп жүрөк кейитип.



Жетиле элек сегизде,
Өмүрүң соолду кейитип.
Жер кучактап ыйладым,
Жараткан берсин бейишиң.

Самат-Жылга аталган,
Жериңди эңсеп кейиймин.
Матаа-Таш менен Уу-Ҭашта,
Мергенчилик кесибиң.

Акыреттик хан досуң,
Жусап, Аамат - жан досуң.
Жаратканым колдосун,
Акыретте бир болсун!

Толкутуп жүрөк сүйлөгөн,
Аяш акам Токтогул.
Толкундап жүрөк кейиймин,
Акырети түз болсун!

Бир тууганым Сапида,
Шафаатчы болуп, жол тоссун!
Али, Сали небереӊ,
Шафаатчы болуп, бир болсун!

Мезгилсиз кетти өмүрүң,
Мээримиңе тойбодум.
Атаке, тойбой жытыңа,
Атасыз болуп чоңойдум.

Жараткан өзү колдосун,
Жароокер ата, кош болгун!
Жаткан жериң жай болсун,
Жаннаттан болсун орунуң!

## Союз

Ааламды баскан узун жол,
Санжыралуу Сарыкол.
Ак-Байтал ашуу бийигиң,
Аркар, кулжа кийигиң.

Озондоп ашкан ашууңдан,
Көк кашка авто зилдериң.
Өткөн мезгил жазылып,
Тарыхта калган издериң.

Ордолуу Ош калаадан,
Азыркы Бишкек шаарынан,
Оор жүктү тарткан зилдериң,
Душанбе, Хорог тарапкаң.

Темир жол менен зымырап,
Поездер келген буркурап.
Чет жакка түркүн шаарлардан,
Жүк келип түшкөн алыстан.

Кужүрмөн шофер эмгекчил,
Адамдар өткөн арадан.
Патууга келип токтолуп,
Район Мургаб аталган.



Кумдуу талаа Аличор,
Ашуусу таштак Кой-Тезек.
Ак-Балык-Ата, Чатыр-Таш,
Асыл бир сулуу жерлерден.

Жеткирген жүктү алыскаң,
Аралап айыл четинен.
Санжыралуу Сарыколум,
Касиеттүү кең мекен.

Кайрылып келсек тарыхка,
Санжырасы төп келген.
Булуң бурчта айылы,
Сарыколумда жер кенен.

Ак зооңдон шаңшып бүркүтүң,
Асылым жерим сени эңсейм.
Уяңдан учтук оболоп,
Сыймыктанам сен менен.

## Сезимдерим

Серепчилеп кол жаңсаган,
Сезимдерим Сарыкол.
Жамалың да алыс калды,
Жетпей сага закымдар.

Тып-тып тамган Тамчы-Булак,
Талаа таңшып, торгой үнү угулат.
Гужур-гужур бөдөнө,
Сүйүү сезим көңүлдө.

Аска таштан алыс жактан,
Улар үнү жаңырган.
Аруу сезим ыргактуу,
Түшкө кирген сыяктуу.

Окшошпогон шаар жашоосу,
Тоо жашоосу ойлорум.
Саймедиреп ойго тунам,
Көңүлүмдү сага бурам.

Бууракандап буурул аккан дарыя,
Булут көчкөн, булкуп өткөн боз үйдү.
Аскаларың ак калпакчан көк тиреп,
Жүрөгүмдүн бир бурчуна чийилет.

## Мал дүйнө

Төшөк дүйнө, пул дүйнө,
Жууркан дүйнө, мал дүйнө.

Пиала, чайнек чыр дүйнө,
Крушка, кашык миң дүйнө.
Килем дүйнө кийимдер,
Самопал Кытай бир дүйнө.

Изденүү да теринүү,
Азыркы мезгил шул дүйнө.
Интернет, ватсап ааламга,
Саякаттуу шум дүйнө.



Жетишкен заман айтылат,
Ибадаттан азгырат.
Төшөк дүйнө кирем деп.
Кемпирим жинди кайнатат.

Мынаа көйнөк жакшы деп,
Кызың айла кетирет.
Мода кууган замандар,
Момурайып калгандар.

Башкача стиль кийем деп,
Балдарың жанды кейитет.
Бир эле кийим кийгенбиз,
Биздин бир алтын заманда.

Шапалактай телефон,
Талашат күндө небере.
Киремин деп талашат,
Тик-ток, ватсап, вай-файга.

Тамак болду телефон,
Балаң, кызың тамада.
Түгөнүп калса мегабайт,
Түнөрүп калат маанай да.

Азыркы мезгил карасаң,
Кошуна үйү жабылган.
Кабанаак ит байланып,
Короо жай баары жабылган.

Өткөн бир мезгил кездерде,
Үйлөрдө болгон береке.
Кошуна-колоң жаңылык,
Жакшы сөз болчу маанайда.

Ушундай доорго келдикпи,
Акылман болуп кеттикпи.
Адашып жолго кеттикпи,
Акыр заман белгиси.

## Тоо жүрөгүм

Тоо жүрөгүм, тоонун койну түнөгүм,
Жаратылыш, тоо жашоосун сүйөмүн.
Тоодон түшкөн шыңгыр булак үндөрү,
Жүрөгүмдө ыр күүлөрү мүрөгүм.

Тоодо бакыт, ырыс дүйнө береке,
Тоо жашоосу, боз үйүндө кемеге.
Көп жазасың, тоо жөнүндө, эмнеге?
Жообум бар: - Тоо жүрөгүм дегенге.

Тоо дүйнөсү сезимдердин дүйнөсү,
Тоо ичинде жашоо, сүйүү керемет.
Тоодон соккон жай сыдырым желаргы,
Жүрөгүмдө согуп турган делебе.

Тоо бешигим, алдейлеп терметкен,
Тоо жамалы асыл сүйкүм берметтей.
Тоолук жигит сыймыктанам атыма,
Тоо бороону күч берет бүт дениме.



## Күмбөз

Улар, торгой үндөрү,
Жүрөгүмдүн кумары.
Кашка тунук булагы,
Сууга түшкөн улары.

Салкын соккон желаргы,
Сарыколумдун суулары.
Сары талаа, кең талаа,
Сагындырат нурлары.

Кербен тарткан кыраакай,
Каркырадай кырлары.
Бозоруңку көрүнгөн,
Бетеге, шыбак жылгасы.

Түтөк эгиз, жер семиз,
Сарыколумдун жылгасы.
Кереметүү кең жери,
Төрт түлүккө ыңгайы.

Бозой-Күмбөз, боз күмбөз,
Сарыколумда көп күмбөз.
Улуу өткөн, бай өткөн,
Сарыколумда сырлары.

## Кереметтүү Сарыкол

Тоо жаңырткан өзөн булак сууларың,
Бозой, селки жер жамалы сырларың.
Жаратылыш бак дарагың болбосо,
Терскен, шыбак касиеттүү чырагың.

Кубулжуган кереметтүү ырларың,
Көлгө куйган ак мөңгүлүү сууларың.
Булуң-Көл, Зор-Көл, Кара-Көл,
Кош-Дөң, Зор-Дөң, кырларың.

Жайлоолоруң көзгө сүйкүм керемет,
Паамыл жайлоо жан адамга дем берет.
Көлдө ойногон түрлүү, түстүү балыгың,
Кен байлыгың, кереметтүү куштарың.

Зоолоруңдан шаңшып учат бүркүтүң,
Кубулжуган мукам үндүү уларың.
Таш үстүндө сайрап конгон күкүгүң,
Таң алдында отко түшкөн кийигиң.

Балалыгым өткөн күндөр арманым,
Боз сыдырым салкын соккон ыргагың.
Таш чокуда тайпаң беттүү кырларың,
Алигече көз алдымда турасың.



## Ойлор

Тоо бороонго аралашкан,
Алп тоолордун абасынан.
Шаа мүйүзү чагылышкан,
Аркар-кулжа арасынан.

Тентек шамал ойноп турган,
Эчки-теке чуркап качкан.
Жалама аска зоолорунан,
Жерим сулуу Сарыколумдун.

Аба катаал, жери бийик,
Айланайын Сары-Колум.
Эчен тоо, кырларында,
Эстеликке атым калган.

Чагылышкан күн нурунан,
Бермет булак, сууларыңдан.
Ак шурудай тизилишкен,
Ак чүмбөттүү кырларыңдан.

Тооп кылып келер элем,
Тоосу бийик Сарыколумдан.
Түбөлүккө кош айтышып,
Же каламбы, ушул жакта.

## Сезим чабыттары

Жаман-Чулук жар түбүндө балыгың,
Дүнүйө-Таш катылган дейт байлыгың.
Сыр түйүнү катылган го өзүндө,
Сенде калды кайра келбес жаштыгым.

Талаа түзүң боз мунарык чакырым,
Ай жамалың тоого түшкөн жарыгың.
Анда-санда байуулу үн салган,
Түн бир оокум түн жамынчы жамынган.

Мезгил учуп, мелүүн тартып зыкымдап,
Мына келдик алтымышка жакындап.
Төрт кыр ашсак, сересине жетебиз,
Жаратканым өмүр берсе күч кубат.

Сарыколум кебелбеген тоолоруң,
Сен турасың, канча кылым жол улап.
Тоо суулары токтобостон агылып,
Канча жаштык өттү мына сагынтып.

## Куттуу таңдар

Куттуу таңдар, таң шүүдүрүм,
Ачык маанай - жашоолордун күзгүсү.
Көөдөнүмдө сүйүү сезим, делебе,
Туулган жерим жашап келет сезимде.

Тунук ойлор, жаратылыш сезимдер,
Жашап келет, жашай берет сезимде.
Караанындан кагылайын Сарыколум,
Күңгүрөнгөн карт тоолоруң эсимде.

Жадыраган, жаркыраган күн нуруң,
Алпештеген бешигимсиң Сарыколум.
Энекемдин жамалындай элестейт,
Таң шүүдүрүм жүрөгүмдү черткилеп.



## Кыргыз элинин улуу жазуучусу, залкары Чыңгыз Айтматовго

Улуу кыргыз, улуу Чыңгыз жазуучу,
Алп тоолордун, Ала-Тоонун сыймыгы.
Кыргызымдын жашоолору, маданият
өрнөгү,
Таанып келет, Чыңгыз дешип жүрөгү.

Таамай айтып, таамай жазган,
Татаал турмуш жолдорун.
Аңгемелер, окуялар, санжыра,
Чагылдырып жазып келген ойлорун.

Жер ааламдын жаратылыш сырларын,
Турмуш жолго тутка болгон залкары.
Чыгаан кыргыз бүт ааламга таанылган,
Чыңгыз деген атты уккан бүт аалам.

## Кара кумай

Кара кумай аркар чубай,
Кексе кулжа, кара теке.
Мөлтүр булак суу ичкен,
Тоо жашоосу керемет.

Кызыл секи, кызыл эчки,
Кыр-кырларда кыялап.
Кыраан бүркүт уялап,
Улар таңшык угулат.

Боз үй, тулга, кемеге,
Топоз байлап желеге.
Сары кыктан оттон жаккан,
Курут эзип кара көздүү келинчек.

Бозой ырлар угулуп,
Торгой үнү кубулжуп.
Боз үйүмдө комуз күүсү,
Дил кайрыктуу сезимде.

Сарыколум улуу тоон,
Секунд, мүнөт сенсиң оюм.
Серепчилеп кол жаңсап,
Сезимимде Сарыколум.

## Сарыкол шамалы

Ала булут албууттанып шамалың,
Сагынычым кайда учуп барасың.
Кызыл куюн, боз куюнга алмашып,
Болжоп согуп, кай жактарга барасың.

Садагасы Сарыколумдун шамалы,
Ата журтум тартылат ко жамалың.
Кар жаайт окшойт? Кара булут,
Каз, өрдөктөй кыркаар тартып учасың.

Аяз таңы, кырк чилденин шамалы,
Алп тоолордон аяз угуп баратты.
Аязындын сагынамын жамалын,
Ак тоолорго айтып барчы саламын.



## Аркар түнөк

Аркар баскан Ак-Байталың бийигиң,
Аркар-кулжа, тоо текеси, кийигиң.
Сарыколум Саманчынын жолундай,
Сактап келген, сактап келет чыйырын.

Тоо боруна толукшуган жүздөрү,
Кээде ызгаар, кээде аптап мүнөздүү.
Тоодой бакыт, толкуп турган жүрөгү,
Тоо суулары өмүрлөрдүн мүрөгү.

Кел коногум, төргө өткүн жылынгын,
Наркы улуу Сарыколчу кыргызым.
Тилге чечен, сөзгө бекем каадалуу,
Тоо булбулу, тоо түнөгү өжөрлүү.

Музтак-Ата күн бермети жаркырап,
Кыргыз жашайт, тоо түнөктү байырлап.
Бүркүт уя улуу аска жолунда,
Топоз минген көчмөн жашайт боорунда.

Кыялымда кыргыз баскан узун жол,
Кылымдарды сактап келген узун доор.
Улуу Памир санжырада тарыхта,
Жашап келет аты улуу Сарыкол.

## Сарыкол жамааты

Саймедиреп көзгө сүйкүм элесиң,
Күн бермети күлүмсүрөп келесиң.
Аалам сырлуу, касиеттүү Сарыколум,
Жүрөгүмдө жашап келет сезимим.

Ай жамалың алоолонтуп жүрөктү,
Гүл жамалың күлүмсүрөп жүрөсүң.
Жашоом да, тагдырым да бир өзүң,
Жашай берет жүрөгүмдө сүрөтүң.

Сенин демиң сезимимди ойготкон,
Махабатым бир өзүңдө ойлогон.
Сарыкол десе тунжуроого батамын,
Серепчилеп кол жаңсаган убагым.

## Сарыкол таңы

Таң шооласы теребелде агарып,
Таң шуудүрүм салкын согуп шамалы.
Түрө тарткан түндүк жабуу ачылып,
Күн нурлары чамгаракка жайылып.

Сарыкол жайлоом, - тур, турагой,
Энекемдин жүзү элестейт жайдары.
Ак чайыңдын топоздорун айдагын,
Торпокторду желесине байлайын.

Боз бетеге аңкыган, боз тебетей,
Кол карышып, бир кап тезек желкеде.
Коңшу балдар кобурашып чогулуп,
Таттуу кыял, балалык бал сезимде.



Курут кайнап, шаңдуу күлкү апалар,
Мандаш токуп, дөң үстүндө аталар.
Жеңекелер жеңил түрүп колдорун,
Кел, эй бача, паймелек ич, дегени.

## Сары кар

Сары талаа Сарыколум шамалдап,
Күн бүркөлүп алай-дүлөй заматта.
Сары кары жаап келди жадырап,
Чилде кетип, баар жыты жакындап.

Сары карды жамынышкан ала тоолор,
Карс-карс этип, каткырышат карт тоолор,
Кайда кеттиң? Кайда калдың дегенсип,
Жүрөгүмдө түпөйүлдүү ой толгоо.

Өжөр экен, өрт жигит го дегенсип,
Дымактуудай көрүнүшөт кыз, келин.
Ошол жигит, ошол кызды өстүргөн,
Өзүңсүң го бешигибиз Сарыкол.

Кыркар тарткан кербен сымал тоолоруң,
Ашууларың, белестериң, жолдоруң.
Канча жашоо, канча өмүр өзүңдө,
Кылым жашоо өткөн сенде Сарыкол.

## Тулпардын учкан туягы

Түнөктөн учкан шумкарлар,
Кайрылып барып консочу.
Жаралдым сүйкүм Ата-эне,
Жүз жаштан ары болсочу.

Тулпардын учкун туягы,
Такыр бир сынбас болсочу.
Асыл зат сүйкүм ата-эне,
Азыр да аттиң, болсочу.

Өмүрдүн гүлү гүлдөгөн,
Соолубас такыр болсочу.
Энекем төккөн мээрими,
Ар дайым бирге болсочу.

Канаты сынса шумкардын,
Кайгып бир учпай калганы.
Капилет келген бороондон,
Кайрылып канат сынганы.

## Асан-Үсөн

Ак булуттун арасынан үзүлүп,
Асан-Үсөн кереметти көрүнүп.
Аличор, Кара-Кум жайлоосу,
Сапар тарткан узун жолдон көрүнүп.

Касиеттүү мазары ыйык Ак-Балык,
Маңдайында Чатыр-Ташы чагылып.
Кой-Тезеги ашууларың сагынтып,
Тар Харөктүн жолдорунда тартылып.

Сарыколум кең пейилдүү жер экен,
Сарыколум касиеттүү кең мекен.
Ар бир ташы, жылгалары өзгөчө,
Коюн толгон коктулары көңүлдө.



## Боз куюн

Айыл ичин аралаган ак куюн,
Кал куюн деп балалыктар туюлуп.
Оролушуп оюн салып бийлеген,
Сарыколдо сары чачтуу боз куюн,

Өтүп кетти мына дешип чачылып,
Үйүңө бар, кал куюн деп каткырып.
Баш кийими жок келгенсип карасаң,
Балалыктын сезимдери айтылып.

Аркасынан аркыраган боз шамал,
Сыбызгыдай ышкырыктуу күү шамал.
Ох-хоо шамал, катырдыго бүгүн деп,
Чоң атанын, чоң эненин шыбырына
кабарлап.

## Тоолор

Тоолорду сүйөм дечү элем,
Тоолор бир болчу эшигим.
Толкутуп бирдей терметкен,
Тоолор бир болчу бешигим.

Тоо койну кенен мекеним,
Толкутат жүрөк кемесин.
Тоолордун соккон шамалы,
Тартылат сүйкүм жамалы.

Сары-Тоо Сарыкол айдары,
Сагынтат таңкы желаргы.
Санжыралуу Сарыкол,
Саламат мүнөз жайдары.

Тоолордун деми күч кубат,
Тоолукмун деймин кыйынсып.
Тоо жашоосуз боз үйүм,
Томсоруп жүрөк кыйналат.

Таң калам тагдыр жолуна,
Улардын доошу угулбайт.
Алмашып кетти жашоолор,
Короздор таңда кыйкырат.

## Тоо бүркүтү

Тоо койнунан түнөк таап,
Жашап келет кыргызым.
Сезим менен саякаттап,
Жазып келген Чыңгызың.

Тоо бороону, тоо жолдору,
Керемети касиети кыргыздын.
Тоолук жашайт, тоо борунда,
Аты улуу, жүзү сулуу нур кызың.

Кыргызысың кыраан бүркүт,
Ала-Тоонун, Сарыколдун,
Чоң-Алайдын, Кичи-Алайдын,
Мукам үндүү, улар үндүү,
Тоо боорунда таңшыган.



Айперидей сулуулары,
Аркар сымал кулпунган.
Алп чеңгелдүү бүркүт сымак,
Ат жалында оюн курап,
Жигиттери бүт балбан.

Ак мөңгүлүү, аска зоолуу,
Ак калпакчан, ак шөкүлө.
Арстан жүрөк, эр көкүрөк,
Тайманбаган эч качан,
Сени менен сыймыктанам,
Бар бол, бар бол Кыргызстан!

## Мадина

Алтын баалуу ташы бар,
Касиеттүү сыры бар.
Калама Токтор, Сейнөстөн,
Кырк-кыздын түнөк жери бар.

Ылы-Суу-Ата, Мадиян,
Касиет сырлар баяндар.
Мадиян эмес Мадина,
Тарыхта изи камтылган.

Санжыра улуу тарыхтан,
Билгеним айтам аз-аздан.
Ак бараң найза сундурган,
Кырк кызы жоого бет алган.

Манжу, Кытай, калмакка,
Катырып кыргын салышкан.
Кыргыздан чыккан кыраан кыз,
Мадина аты айтылган.

## Кашка-Булак

Сарыколумда сары куюн куюгат,
Обон салып мукам үнү угулат.
Обонундан кагылайын шамалым,
Кереметтүү, касиеттүү жамалың.

Тоолорунда булут көчүп айланат,
Карт тоолоруң үн алыша каткырып.
Касиеттүү кайберени баш чулгуп,
Тоодон ылдый төмөн карай куюлат.

Үшүбөймүн, ызгаарыңа тоңбоймун,
Кулжа мүнөз кучагыңда чоңойдум.
Асыл бермет алп тоолорум жүрөгүм,
Ак мөңгүлөр кашка булак мүрөгүм.

## Сезимдер

Учкул кыял ак сезим,
Таң алдында таң сезим.
Таң желаргы шүүдүрүм,
Таш үстүндө булбул үн.

Кызыл-Белес, кыр белес,
Сарыколумдан бир элес.
Кыял сезим жетелеп,
Көз алдыма тизилет.



Тоодон аккан булагы,
Тоо койнунда улары.
Кыркаар тарта тизилген,
Кылым баскан издери.

Жүрөгүмдүн сырлары,
Сезим чабыт ырлары.
Көз алдымда көңүлдө,
Сарыколумдун ыргагы.

## Жол

Чечилбеген Анкылаб,
Кыргыз, тажик ыңкылап.
Эки тарап жер талаш,
Ээн калып жолдор аңгырап.

Ворух, Ак-сай, Хожо-Сай,
Чечилбей келет жөн жайы.
Ачылбай турат чек ара,
Жыйынтык жок дайыма.

Келберсиген Нуркабым,
Сагындык жерим, тууганым.
Кышта ачат, жазда ачат,
Качан билбейм ишке ашат.

Жол маселе ойлонтту,
Көңүл дегдеп толгонду.
Чек аранын тагдыры,

Чечилбес түйүн болгону.
Сүрүп келсең тарыхтан,
Улуу Манас атадан.
Каныкей айым энебиз,
Ынтымак,

Ынтымак, достук болгон кез,
Өзүбек, Кыргыз, Тажикте.
Кумалак түшүп карынга,
Ынтымак кетти алыстап.

Он беш өлкө биригип,
Кошуна чайы ичилет.
Ынтымак достук маанайда,
Болуп бир келген заманда.

Алкымды бузат акча деп,
Айтылып келген абалтан.
Жер талаш, да пул талаш,
Алкымдар азыр ачылган.

Козгосоң отту өчөт дейт,
Козгосоң коңшу көчөт дейт.
Коңшу-колоң каттоолор,
Үзүлдү мына ошол кеп.

Аялдан акыл сураган,
Азыркы доордо жашайбыз.
Баладан акыл сураган,
Баш аламан жашайбыз.



Улуу-Памир, Ала-Тоо,
Санжыра тарых узун жол.
Кейитет жүрөк эстетип,
Тосулуп турат ошол жол.

## Ашууда

Ак-Байтал ашуу бийик бел,
Аркар-кулжа, кийиктер.
Долина смерть, Уй-Булак,
Шамалы катуу куйкалап.

Ызгаары суук болсо да,
Сагынтат жерим сагынтат.
Туулган жердин жамалын,
Кайсыл пенде сагынбайт.

Тоолору бийик аскалуу,
Күн нуру сүйкүм жамалдуу.
Тоолордон бүркүт шаңшыган,
Таң менен улар таңшыган.

Бейиштин түркүн эшиги,
Тоолору түнөк бешигим.
Энекем эстеп кейиймин,
Сагындым «эне» бейишим.

## Сарыкол сулуулары

Тоо койнунда гүл аңкыган Сарыкол,
Таң желаргы сезимимде көп ойлор,
Кашка-Булак кара көздүү сулуудай,
Кайда калды, ошол мезгил сулуулар.

Жаштык мезгил бир кездеги жаш убак,
Артта калды элес тартып кол булгап.
Түн жамалы ээрчишкен көлөкө,
Кубат берчүү жаштык элес өмүргө.

Өмүрүмдүн узун чыйыр жолунда,
Тагдыр турмуш арабалуу жолунда.
Ак жуумалдуу асылзаада сулуулар,
Келберсиген Сарыколумда, оюмда.

## Чоң дайра

Тоодон аккан ак мөңгү,
Айланып өтөт Сарыколду.
Күр-шар агып топтолуп,
Аралап өтөт Сарыколду.

Шаймактын башы Бакбурдан,
Жайлоосу көркөм жылгадан.
Таштан ташка урунуп,
Чоң дайра агат алыстан.

Кара-Чабыр жагынан,
Кылымда суулар агылган.
Нуркабымдын нурлары,
Эритип мөңгү кызыган.

Жылдан жылга жыл бетер,
Айтылып келген байыртан.
Куру сайга айланып,
Кум талаа чөлгө айланган.



Азыркы мезгил шу тапта,
Балык бар дале сууларда.
Берешен айкөл Мургабта,
Көбөйгөн балык сууларда.

Токтобой агып сайрандай,
Мургабта агат боз дайра.
Мадина ичин аралай,
Сарьез карай багытта.

Ашуусу бийик Ак-Байтал,
Кашкайып суусу жаркыган.
Туулган жерим Чечекти,
Ак-Байтал суга кошулган.

Ак-Байтал суга кошулат,
Ак-Жылга суусу Пышарттан.
Көнө-Коргон четинен,
Чоң дайрага кошулган.

Сарыколдон аккан улуу суу,
Жеримдин сенсиң символу.
Жашоодун көркү өзүңсүң,
Жашасын улуу Сарыколум.

## Жаралуу жүрөк

Эзилет жүрөк өткөндү самап,
Энекем дайым эсимде турат.
Элжиреп жүрөк санаага батат,
Эсимде дайым жамалың жашайт.

Сексен үч жашың аз эле сынак,
Сызылып ойлор санаага батат.
Сарыколго жетпей сагыныч турат,
Бейишим энем айылда турат.

Боздоймун апа, жетсем го гана,
Акыркы сөзүң уксам го гана.
Боз шамал учат жүрөктө «Апа»,
Борондуу тагдыр, ойлорум санаа.

Кубантай деген сөздөрүң кана,
Курады жүрөк түйшүктүү санаа.
Куюккан бороон, шамалы ызгаар,
Жүрөктөн чыккан кайгылуу ырлар.

## Бейит

Асканын бети жалама,
Сейнөстөн Токтор калама.
Жол-Бөрүлүк, Снежный,
Өткөн мезгил эсимде.

Булуттар жылат бурулуп,
Буулуккан шамал удургуп.
Жашоодо болгон бурулуш,
Жазылган тагдыр кубулуш.

Эсимде дайым Сарыкол,
Сезимде турат узун жол.
Жамалын көрбөй энемдин,
Боз бейит калды элеси.



Жашоонун жолу ар тарап,
Тагдырдын жолу чар тарап.
Күтүүдөн үмүт чарчаган,
Үзүлүп үмүт узаган.

Жүрөктө жашап сагыныч,
Дагы эле үмүт жаралат.
Кызыксыз күндөр сабалап,
Турмуштун жолу баратат.

Сагынам ата бейитин,
Саамайын сылап кейиштин.
Эңсеймин эне бейитин,
Элесин жүрөк көрүп кейиштин.

## Апакемдин жаркын элесине!

### Асыл апам

Мүнөзүң шайыр жан элең,
Мүрөктүн суусу шар элең.
Мөлтүрөп сүйкүм жамалың,
Мүнөзүң жакшы зат элең.

Жүрөгүм ооруп сыздаймын,
Жүдөдүм «Апа» кыйналдым.
Жалдырап күттүң ардагым,
Жеталбай калдым арманым.

Айтар да сөзүң укпадым,
Билбедим эмне айтарың.
Билинбей кеттиң аттанып,
Байсалдуу болсун сапарың.

Кутту болсун бейишиң,
Жараткан өзү жалгасын.
Куу турмуш тагдыр араба,
Кайгырам чынжыр санаага.

Ачылбай турат чек ара,
Элим да турат санаада.
Өтөбү өмүр сандалып,
Бейитиң көрбөй арада.

Оорунун тарттың азабын,
Жеңилин берсин аллахым.
Жараткандан сураймын,
Гүл бакча болсун жаннатың.
05.04.2024ж.

## Сарыкол келет даңкталып

Ассалому алейкум,
Акыбал кандай сурашкан.
Жарышып айтка чакырган,
Сарыколумда айт майрам.

Жума намаз, Айт майрам,
Эли-журтта кут майрам.
Куйкум сөздүү, куудул сөз,
Куюлуп сөзү бүт майрам.



Койдун башын, жамбашты,
Мейман каада тартылган.
Берешен айкөл меймандос,
Каада-салтын сактаган.

Чилик- чылык сөздөрү,
Жүрөктө сезим ыргактар.
Келиң-алың сыпаттар,
Коңшу колоң ызааттар.

## Энелер

Энелер гүл бакчанын жеңиштери,
Энелер өмүрлөрдүн берекеси.
Энелер улуу таазим баарыңарга,
Энелер таманында бейиштердин
эшиктери.

Энелер алтын сөзүң бешиктеги,
Алдейлеп «Аллах» сөздүн терминдери.
Энелер эркелеткен асыл сөзүң,
Энелер кут береке сезимдери.

Энелер шайыр мүнөз мээримдери,
Энелер жашоолордун берекеси,
Балам деп күйүп жанган махабаты,
Эненин ой-максаты рахаты.

## Гүл заман

Ааламга жашоо саякат,
Өнүгүү, өсүү баратат.
Нан бышырбай, кир жуубай,
Аялдар жүрөт саякат.

Көнүгүп алган небере,
Үйрөнүп абдан памперске.
Эки сутка чечпестен,
Келиндер көнгөн бечара.

Аткарган аял ролун,
Нан бышырган ток печка.
Үй шыпырбайт аялдар,
Чаң соргуч турат тамшана.

Кир жуугуч ошол машина,
Ал деле жакшы катын да.
Эскирип кетти эсте жок,
Энелер жапкан көмөч нан.

Өнүккөн кытай өлтүрдү,
Аялдар сүйлөйт кытайча.
Кытайдан келген соодалар,
Көбөйдү түрлүү оорулар.

Мурунку биздин мезгилде,
Көптүргү деген болчу эле.
Кыпкызыл болгон токочтор,
Ашказанга жакчу эле.



Другой жашоо оюнда,
Дрожго жапкан токоч да.
Дүрбөлөң чыгат ичинде,
Ичеги бунтка чыкканда.

Жетиштик гүлдөй заманга,
Бекерчи болду аял да.
Келечек кандай болот дейм,
Памперсте өскөн балада.

## Миң Теке

Тоо бермети жаратылыш келбети,
Тоо элеси өткөн турмуш кезеги.
Тоо жамалы албууттанган шамалы,
Тоо арасы айбаттуудай карачы.

Тоодон аккан мөңгү доошу жаралып,
Тоо койнунда мөлтүр булак шар агып.
Тоо бетинде кайберени жанашып,
Тоодон улар таң алдында сайрашып.

Кереметтүү кең дүйнөнүн сырлары,
Булут көчүп тоо үстүндө чырмалып.
Бүркүт уя, темир канат балапан,
Алгыр шумкар курч чеңгели кармаган.

Бүркүт уя Миң-Гаажыр тоолору,
Символу го Сарыколумдун жолдору.
Миң-Теке деп кайсы мерген санагы,
Миң түркүн ой сезимдердин сабагы.

## Карта

Картада турган калдайып,
Сарыкол Памир аталып.
Район Мургаб, Бадахшан,
Тоо койну гүлгө жарашкан.

Кылымда келген айтылып,
Санжыра тарых катылып.
Жадырап тийген нурлары,
Аталып келген Нуркабым.

Жыйырманчы жылдарда,
Кыргызга турган катталып.
Кайдигер карап кызыкпай,
Кыргыздан өткөн тажикке.

Он беш өлкө бириккен,
Брежнев пааша доорунда.
Байкабай көрбөй калганбы,
Калың каш тосуп салганбы.

Демократ Гласность,
Горбачев болгон заманда.
Ээги түшкөн Эльциндин,
Болгонбу ошол катасы.

Чектелип келген чек ара,
Сатылып кетти Кытайга.
Казылган алтын Приске,
Карап да кылган Кытайга.



Кош-Агыл толгон койберен,
Топтолуп калган Кытайда.
Асыл жайлоо Раң-Көл,
Карап да калган Кытайга.

Кой-Тезектен бер жагы,
Кыргызда болгон кылымда.
Жерлердин аты кыргызча,
Камтылып келет тарыхта.

Бабалар баскан даңгыр жол,
Аталып келет Сарыкол.
Баатыр Манас кол курап,
Атаган дешет Сарыкол.

Уламыш жомок баянбы,
Сарыколумдун баянын.
Түкшүмөл жоорул түштөрдөй,
Сарыколумдун жомогун.

Икая тарых жолдорун,
Изилдеп такыр койбойбуз.
Туулган жерим Сарыколум,
Айттымбы деймин символун.

## Чоң-Алай

Асман менен сырдашып аппак зоолор,
Көк тиреген Чоң-Алайда алп тоолор.
Канча кылым өтөп келген ой толгоо,
Кылым саптап, ак мөңгүлүү аска-зоо.

Тоо борунда эчки-теке чуркаган,
Тоо койнунда улар үнү жаңырган.
Мал киндиктүү түркүн гүлү буралган,
Арча,терек, бадал терек жашарган.

Көчү көрктүү төр жайлоого тартылган,
Тар кыядан жайлоого деп шашылган.
Нарктуу кыргыз тээ элеси байыркы,
Көчмөн кыргыз алп «Манаста» айтылган.

Мелүүн соккон, таң шүүдүрүм желары,
Таш агызган кызыл суусу гүлдөрүм.
Булут каптап жамгырлары көнөктөп,
Жаркылдаган түн караңгы чачылган.

Берешен эл келиң, алың каадасы,
Салт санаасы берешендик пардасы.
Жолборс жүрөк, эр көкүрөк тайманбас,
Ат жылында оюн курган жаштары.

Ак калпактуу, ак сакалдуу аталар,
Ак элечек жамынышкан апалар.
Санжыралуу Сарыколума окшогон,
Ата-теги Сарыколумда куралган.

## Мөңгү

Күмүш нуру күн нуруна чагылат,
Ак чокулар асман тиреп жаркырап.
Түзөң-жайың түркүн килем сыяктуу,
Зор жайлоосу керемети кулпунат.



Сары тулаң, тик чокулуу жайлоосу,
Капчыгайы кууш келген Ат-Жайлоо.
Тереӊ жардан фонтан сымал атылат,
Агып түшкөн ак мөңгүсү шаркырап.

Ак чокулар ак булутка кыналган,
Миз чокудан миң текеси чубурган.
Кереметтүү касиеттүү Кыз-Коргон,
Уламышта улуу жомок айтылган.

Таң шүүдүрүм желаргыга кошулуп,
Улар үнү тоо койнунда кубулжуп.
Кереметтүү кең дүйнөсү туюлуп,
Тоо жашоосу симфония угулуп.

Чогулушкан ак мөңгүлөр жалтырап,
Мөңгү, булак сууларын чакырган.
Толкун ташып, мөңгү суусу куюлуп,
Кызыл-Дайра тажик тарап агылган.

## Улуу кыргыз

Тоо бороонго тотуккан жүздөр сулуу,
Тоо жашоосун улаган кыргыз улуу.
Тоо аралап ак калпак кыргыз эли,
Тоо койнунда термелген ак бешиги.

Бүркүт шаңшыйт тоолордо кайгып-учуп,
Боз улары сайрашат үн кубулжуп.
Боз тебетей боз улан комуз чертип,
Боз кырларда өрнөктүү өмүр кечип.

Боз үй жашоо кемеге, кереметн,
Улуу урпак кыргыздын касиети.
Кайберени, кийиги, аркар-кулжа,
Жаратылыш - сулуулук берекеси.

Ак чокуда ак мөңгү улуулары,
Мөлтүр булак өмүрдүн сулуулары.
Кыргыз баскан тоолордо чыйырлары,
Сабалаган сезимдин бийиктери.

Изине түшкөн калмактар,
Кырк кызды кырып салышкан.
Касиеттүү Кыз-Мазар,
Мадиян эмес Мадина,
Уламыш тарых сабактан.

Сарыколумда айтылган,
Касиеттүү сырлар бар.
Толкуган жүрөк тоолордо,
Ыр күүлөр, баян тарыхта,
Ссанжыра сабак билип ал.

Кырк чоро, кошуун, алп Манас,
Семетей, Сейтек, Эр Төштүк.
Каныкей, Сайкал, Жаңыл кыз,
Санжыра тарых айтылган.

Алымбек датка, Курманжан.
Сыймыгы улуу кыргызда.
Баатырлардын баяны,
Айтылып келет дайыма.



## Энекем

Маанайың жарык жан элең,
Баарына сүйкүм жакшы элең.
Жаркылдап шайыр мүнөздүү,
Дасторкон дайым жайчу элең.

Энекем менин берекем,
Эл менен жакшы жүрчү элең.
Эзилип эстейм күндөрдү,
Эркелетип турчу элең.

Ойлонуп ойго тунамын,
Ойчул да болуп барамын.
Оомал бир төкмөл дүнүйө,
Оюмдан такыр чыкпадың.

Санаага чөгүп ойлорум,
Сагындым эне толгондум.
Сыйлаган сизди элим да,
Садагасы Сарыколчум.

Берекелүү куттуу ай,
Бейшемби, жума күндөрүн.
Жараткан улуу Аллахым,
Эки дүйнө колдосун.

Жанатта болсун жайыңыз,
Жарашып сиздин бактыңыз.
Жалооруп ыйлап биз калдык,
Жаркыным сизден айрылып.

Шафаатчы сизге небере,
Келгендир сүйкүм эркелей.
Жароокер сүйкүм эжекем,
Жүргөндүр бейиш жетелей.

### Сагыныч

Саамайың апапак бубак баскан,
Энекем картайып калган чактаң.
Ээ балам, карылык жетти десең,
Жүрөктө канжар тилик орун алган.

Жаркыган маңдайың бырыш баскан,
Өмүрүң картайуунун жолун чапкан.
Ээ балам тээтиги эмне? десең,
Каректин курчу дагы кетип калган.

Ооруңду кошо тартсам, аттиң арман,
Энекем асылзатым эми таппайм.
Сапарың, жолдоруң шыдыр болсун,
Гүлзарлуу бейиш жолуң сулуу болсун.

### Касеттүү Сарыкол

Аргымак керип арышың,
Ат жүргөн жерин сагынат.
Адамда болсо касиет,
Туулган жерин сагынат.

Топурагы алтын деп,
Бекерден сөздөр айтылбайт.
Ар кимдин жери асылдыр,
Бирок, Сарыколдой жер табылбайт.



Бирөөлөр келген кайтам деп,
Бирөөлөр келген жатам деп.
Тагдырдын жолу чар тарап,
Жашоодо Адам жаңылат.

Баалуу жерим Сарыкол,
Бабалар өткөн байырман.
Баатырлар өткөн, олуя,
Касиет улуу жолунда.

### Кыргыз элим

Кылым саптап, кыргыз сактап,
Каада-салттуу калың эл.
Тоо аралап, жолун таптап,
Улуу Памир, Сарыкол.

Кыйын кезең баштан кечкен,
Өткөн экен нечен, нечен.
Көчү көрктүү, кең кемеге,
Дасторкондуу Сарыколумдун элдери.

Тилге чечен, сөзгө бекем.
Куйкум, куудул сөз менен.
Комуз шаңы береке,
Сарыкол деген дем менен.

Жылдыз менен сырдашышкан,
Бийик тоого кыналышкан.
Ак-Байталдай бийик белдей,
Аруу назик селкилер.

Кылым тарых, кыйла барып,
Кыр-кырларды телчиген.
Кытай-Кыргыз, Ооган-Кыргыз,
Көчмөн кыргыз делинген.

Сарыколду Сары тоону,
Саптап келген даңгыр жолду.
Сарыкол, Памир тоолору,
Кереметтүү касиеттүү жолдору.

Тоо этегин мекендешип,
Тоодон терскен казып келин.
Кыркаар тарта боз үй тигип,
Казан толгон куурма жешип.

Аппак мөңгү суудан ичип,
Алп тоолорго салам дешип.
Мөлтүр булак, өмүр улап,
Жашап келет: жашап келген.

Ак шумкардай, жолборс жүрөк,
Тайманбаган эр көкүрөк.
Берешендүү кең пейилдүү,
Эсен болсун Сарыкколум.

Тоо бороонго жүзүн тосуп,
Кара шамал кайгып өтүп.
Жылуу, жумшак келиң-алың,
Сарыколумда улуу салтың.



Сарыколум даңгыр жолуң,
Сапар тартпай мен ойдомун.
Кебелбеген улуу тоом,
Салам сага, Сарыколум.

## Долон

Долон, тоо койнунда түрдүү обон,
Дил кайрык, күү сезим.
Улар таңшып, сезим кайрык,
Каякчыдай созолонто тоо жаңырык.

Сарыколдо, улуу жолдо,
Сары чымчык тиги боордо.
Кыял сезим термин ойноп,
Жан дүйнөмдө сезим козгоп.

Жашоонун гүл аңкыган ырахаты,
Ашуулар аркар түнөк кыр кырлары.
Салкын тоо, ак тоолордо ак калпакчан,
Комузда, кыл кыякта кыз ырлары.

## Чечектим

Туулган жерим Чечектим,
Асыл билим алган жерим.
№ 13, Жанкулиев мектебим,
Алиппени тааныттып.
Билим берген,
Агайларым, эжейим.

Эрежеге жеткирген,
Көнө-Коргон жерлери.
Уяндан учтум оболоп,
Унутпаймын Сарыколдун элесиң.

Туулган өскөн, Сарыколум,
Жүрөктө сенсиң ойлорум.
Эсимден кетпейт зоолоруң,
Кербен тарткан тоолоруң.

Сагынып ойго тунамын,
Сагындым Сарыкол уларың.
Тоо койнундагы булагың,
Ташкындап аккан сууларың.

## Кыргыз элим

Ала-Тоого Сарыколдон,
Салам айтам баарыңа.
Санжыралуу Кыргыз эли,
Улуу урпак атыңа.

Ала-Тоодо таңшыган ак калпакчан,
Кыргыз калкым бар.
Ала-Тоодон үн салган,
Айбарт сүрдүү шумкарлар.

Бишкек, Нарын, Ысык-Көл,
Атактуу, сулуу жери бай.
Ордолуу Ош калаасы,



Касиеттүү Сулайман-Тоо дагы бар.
Кереметтүү сырлары,
Келишимдүү жери бар.
Даңкы далай алыска,
Кыргыз деген аты бар.

Баба дыйкан мол түшүм,
Берешендүү жери бар.
Мал киндиктүү даанышман,
Бейпил маанай эли бар.

Баатыр Манас урпагы,
Баатыр мүнөз эли бар.
Катылганды кайрыган,
Кабылан шер эри бар.

Касиеттүү түгөнгүс,
Байлык кени дагы бар.
Ак-Буура, Чаткал, Чүй боору,
Алкынып аккан дайралар.

Чоң Алай да кичи Алай,
Багбан баатыр эли бар.
Ак калпагы башында,
Баалуу, салттуу элибар.

Айтылып бүткүс түгөнгүс,
Камтылган дастан, тарыхы.
Асман тиреп чалкыган,
Ала-Тоо бийик тоосу бар.

Чоң Алай да кичи Алай,
Нарын, Чаткал тоолору.
Жаратылыш жер байлык,
Кайберени дагы бар.

Сыймыктанам эл менен,
Касиеттүү жер менен.
Кыргызмын-деп үн салган,
Ак калпак кыргыз эл менен.

## Таң шоола

Күүгүм тартып караңгылап ай шоола,
Жарып келет бир заматта таң шоола.
Тоолор менен сырдашышкан жылдыздар,
Жымыңдашып түнөгүнө жол сала.

Аалам сырдуу, аткан таңдай агарып,
Жан дүйнөм да эргип турат агарып.
Таң сүрүлүп ай түнөгүнө баш багып,
Жашоо турмуш багыты да башталып.

Күн шооласы тоо четинен кылайып,
Жарып келет ааламдарга нур чачып.
Теребелде турмуш шаары агылып,
Симфония оркестрдей күү чалып.

## Өмүр

Ой чабыты зымырыктын сересинде,
Суктанамын балалык кез келбетиме.
Өткүр жаштык өткөн күндөр элесимде,
Өмүр барат улгайуунун кемесинде.



Жашоо, турмуш өз нугунда агылып,
Өткөн мезгил, өткөн күндү сагынып.
Өткөн өмүр кайра келбес кайрылып,
Туулган жер, жер жамалы албырып.

Күн баратат тоо артына жашынып,
Ай баратат ак булутка катынып.
Сыйкыр сырдуу өмүр барат сабылып,
Кара чачтар ак чачтарга айланып.

## Көл толкуну

Күн бермети терең көлгө чачылып,
Көл толкуну шарп берилип агылып.
Жашоо көркү жаз гүлүндөй ачылып,
Өмүр чеги өткөн күндү сагынып.

Көл токуну жашоо турмуш толкуну,
Кээде катуу, кээде жай толкушу.
Тоодон түшкөн ак мөңгүлөр агылып,
Өзөн суулар терең көлгө айланып.

Көл жээгинде сулуу бермет чачылып,
Ай жылмаят аппак жүзү ачылып.
Салкын соккон ак таңдагы шүүрүдүрүм,
Торгой сайрап мукап үнү жаңырат.

## Тарых элестери

Сарыкол, Сарымогол жери окшош,
Эли дагы, жери дагы баары окшош.
Карп тоолор канча кылым жашап келген,
Бабалар басып келген даңгыр жолдор.

Тоолору үн алышкан улар сымак,
Толкуган Кара-Көлүм чалкып турат.
Тулпар-Көл тоо артынан үн алышат,
Толкутуп жүрөктөргө обон салган.

Өткөн доор, өткөн сырлуу сыр баяндар,
Сарыколум Сарымогол эске салат.
Окшошкон эгиз тоолор санжырасы,
Жайкалган ак сакалдуу карыялар.

Кер мурут, кексе чалды карасаңар,
Кексейип куудул сымал арасынан.
Сөз байлык, сөз кезегин ичке катып,
Шум сымал Шумкар аке аралашат.

## Кереметтүү Сарыкол

Керемет сулуу жайлары керилген сулуу Сарыколум,
Сарыгорум, Андемин, Жаманаң шоро ойлоруң.
Кара-Жылга, Дарбаза, Шамалдуу-Сай жолдоруң,
Бетеге белде буралган жер жамалы кулпурган.
Жаңы-Дабаан, Куу-Жигит, Кара-Суу деген жайлоолор.



Сырдуу дүйнө, ыр дүйнө, кереметтүү Сарыкол,
Булут менен сырдашкан улуу сенин тоолоруң.
Ыраң-Көл менен Чечекти сүйкүмдүү сулуу жерлериң,
Чырак-Таш менен Чечекти асылы менин жерлерим.

Аличор жери керемет, интерохот курулган
Горумду, Үч-Кол жерлериң,
Акбалык-Ата, Чатыр-Таш жүрөктө жашап келесиң.
Алтын, күмүш, күкүрт, туз, түрдүү байлык кендериң.

Бетеге белде буралган түрдүү чөп өсүп ыргалган,
Касиеттүү жерлериң, тоо жаңыра аккан сууларың.
Таң алдында сайраган касиеттүү уларың,
Кайберениң чууруган кереметтүү кырларың.

Бабалар келген мурастап,
Аталып келген Сарыколум.
Абасы бийик ыйык жер,
Аскада бүркүт шаңшыган,
Жүрөктө жашайт сырларың.

## Балалык

Өткүн күндөр, айлар жылга алмашып,
Артта калды алтын күндөр балалык.
Чыбык минип, эшек минип камчылап,
Баштар тердеп беттер кирдеп жарашып.

Эстен кетпейт туулган жер элесиң,
Ак кыштагы көзгө сүйкүм келесиң.
Туулган жер өскөн жерим Чечектим,
Көөндөн кетпейт балалык күн эңсеймин.

Тоолоруңду өпкүм келет кучактап,
Унутпаймын жүрөгүмө бек сактап.
Жашоо нугу турмуш жолу закымдап,
Бир өзүңдөн узап кеттим алыстап.

## Апакем

Апа деген улуу сөз да куттуу сөз,
Апа деген Аллах берген даража.
Апа деген улуу атты барктайлы,
Апа деген ыйык сөздү сактайлы.

Сен ооруба мен ооруйун апаке,
Ак сүтүңдү кантип актайм садага.
Мээрим төгүп өстүргөнсүң апаке,
Бейиш жолу өзүңсүң го апаке.



Балам деген сөзүң улук садагам,
Алтын апам бейиш гүлү кагылам.
Таазим этем, улуу апа деген атыңа,
Жашоомдун гүл бакчасы жайнаган.

Татаал турмуш жолдоруну баскансың,
Канат жайып мээрим төгүп баккансың.
Жан кейиткен азаптарга чыдаган,
Апа деген улуу атың даңктаймын.

## Ата

Ата бийик чынар терек даража,
Ата сөзү улуу жолуң сапарда.
Ак батасын берип турса атакең,
Жарык болот жашооңдо, маанайда.

Ата сөзү накыл сөз деп айтылат,
Атаң барда эң кадырлуу адамзат.
Аска тооң жөлөнөрүң бийиктик,
Ата деген даражалуу улуу зат.

Ак сакалы джайкалышкан аталар,
Силер барсың уул, кызың адамзат.
Ата-эне кадыр-баркын билелик,
Ата-эне сөзү баалуу сакталат.

## Түнкү керемет

Күн желеси күүгүм тартып жашынат,
Ай шооласы түнөгүнө жашынат.
Түн жамынчы жууркании жамынат,
Көктө жылдыз жымыңдаша көз кысат.

Түн караңгы көгө сайра көрүнгүс,
Топ Жетиген, Үркөр жылдыз, Тараза.
Узун жолдо саманчынын жолуда,
Көк асманда сыр түйүнү башкача.

Тегереккге көз чаптырсам кым-кууттук,
Пендезаты кор,кор тартып уйкуда.
Тоо булагы шыңгыр күлкү жаңыра,
Кол кармашкан эки жашта башкача.

## Салкын төрлүү Мургабым

Тоо жаңырткан өзөн булак сууларың,
Таң алдында сайрап учкан уларың.
Көз алдымда өткөн күндөр элестеп,
Сагындым го салкын төрлүү Мургабым.

Таш чокулуу тайпаң беттүү кырларың,
Сенде калды жаштык, шаттык жылдарым.
Өмүр барат орто жашты кыялап,
Өткөн өмүр көз ирмемдүү сырларың.

Ичте калды өзүңдөгү жыргалым,
Сулууларга жан эриткен ырларым.
Ай шоокумда кыз жандаган жылдарым,
Алыс калдым бир өзүңдөн Мургабым.

Элдер агып, акча табуу жолунда,
Өмүр шары күндөр өтүп жай гана.
Бишкек, Ошто акча аз деп өзүнчө,
Кеттик давай чет жактарга агыла.



Жашоо турмуш өтүп барат нугунда,
Байуу жолу, табуу жолу максатда.
Иман, инсап, хидаят, адеп, ахлак,
Бул беш амал болсо го адамда.

## Санжыралуу Сарыколум

Сансыз кылым жашап келген бабалар,
Сарыколум санжыралуу дастандар.
Улуу Кытай, Ооган жерин жердешип,
Жашап келет, жашап келген далайлар.

Узун тарых окуялар, баяндар,
Өткөн кылым, өткөн далай замандар.
Улуу Памир Сарыколду мекендеп,
Улуу муун жашап келет байыртан.

Сарыколдо касиеттүү сырлар бар,
Кайберени, алтын, күмүш байлыктар.
Сырлуу дүйнө, берешендүү элим бар,
Жылга жыбыт төп келишкен жери бар.

Ыр дүйнөсү жүрөгүмдү кыялап,
Жазып келем ак дептерди сыялап.
Улуу тоого салам айтам Сарыколум,
Бар бол элим, жаратканга аманат.

## Унутпа

Унутпа Сарыколдун жамалыны,
Аркырап беттен түшкөн шамалыны.
Ак-Сайда оттоп жүргөн аркары,
Кашка ийнек, кара ийнек каймагыны.

Чалкалап бой тирешкен кырларыны,
Кыз-жибек алым сабак ырларыны.
Тоолордон шыңгыр булак суулары,
Таң алдын сайрап учкан уларыны.

Чабытта туулган жер ойлоруңду,
Аркардын таттуу ширин шорпосуну.
Төрт түлүк сүйүп жеген отторуну,
Ак мөңгү агып түшкөн тоолоруну.

## Сагыныч

Жашоолор туңгуюкка баратабы,
Өмүрлөр куштай учуп шашылабы.
Өмүрлөр өзгөрүүлөр жашоо шарты,
Өкүнтүп айлар жылга алмашабы.

Күлмүңдөп күн артынан күндөр барат,
Ай нуру ак шооласын чачып турат.
Тегерек көз ирмемде өзгөрүлүп,
Тээ тиги телпек кийген бала сымал.

Ак карды жамынышкан аппак тоолор,
Алыстап артта калды кол булгалап.
Сарыколум санааларга чачын тарап,
Сагынып кош болгун деп, кол булгалайт.

## Балам

Бала бакыт, бала дүйнө базары,
Перзент жыты гүл дүйнөнүн сырлары.
Жашоондо ички дүйнө тазалык,
Бала бакыт баалуу буюм базары.



Бала бакыт ата-эне мазары,
Чынар терек ата баркын бааласа.
Бала үмүт кайтып барчу сапары,
Бала сезсе ата болуп каларын.

Эне дарак жемиш багы базары,
Эне максат улуу жолдун сапары.
Кызың билсе эне болуп каларын,
Келечекке бейиш жолу сапары.

## Сарыкол тоолору

Аска зоосу асман тиреп чокусу,
Аалам сырлуу Сарыколдун тоолору.
Жаратылыш жан дүйнөнү эргиткен,
Сарыколдун бейиш жыттуу тоолору.

Зоолорунан бүркүт учуп шаңшыган,
Эчки, теке оюн салып чууруган.
Касиеттүү, кереметтүү сыры бар,
Келбеттери келишимдүү Сарыколум.

Алп тоолору аян берген сырлары,
Аркар, кулжа касиеттүү кырлары.
Кен байлыгы тоо койнунда катылган,
Ак мөңгүсү улуу дайра ташыган.

Сен дегенде сезимдерим, ойлорум,
Түн оокумда сени ойлоп толгондум.
Балалыгым, өтүп жаткан өмүрүм,
Кол булгалап алыс калдың Сарыколум.

## Бар бол сарыколум

Самап келем Сарыколум элесин,
Саймедиреп ойго чумуп кетемин.
Санааларым сабап барат куш сымал,
Сагынамын сап-сап бийик жерлериң.

Тоо, сууларың сайрап учкан уларың,
Кумайларга оттоп түшкөн аркарың.
Каржаңдаган касиеттүү кулжасын,
Сарыколумдун сезимдеги сырлары,

Зындан, Ак-Сай, Жакыпөлдү зоолоруң,
Кайберениң отко түшкөн ойлоруң,
Кереметтүү, касиеттүү тоолоруң,
Жер жөнүндө ыр жазганга жоргомун,

Мал киндиктүү берешен мол Сарыколум,
Пейили кенен, эли жомарт Сарыколдун.
Сыймыктанам элим менен жерим менен,
Таазим кылам түбөлүккө бар болгун.

## Сулууң бар сарыколум

Салкын төрлүү Сарыколум,
Сагынтат сени ойлорум.
Санаалаш бирге чоңойгон,
Курбу, курдаш, досторум.

Сезимдер учат сабалап,
Сезимде сенсиң Сарыколум.
Кереметтүү кең дүйнө,
Көз алдымда тоолоруң.



Касиеттүү сыр сандык,
Бир өзүндө Сарыколум.
Көңүл дегдеп эргиткен,
Сулууң бар Сарыколум.

Кереметтүү жерлериң,
Келишимдүү Сарыколум.
Тоо койнунда толкуган,
Сулууң бар Сарыколум.

## Көлдөгү махабат

Көлгө чумкуп, көлгө сүзөт каз, өрдөк.
Көл тереңи көңүл чери өйдөлөп.
Көл шарпасы жээк карай агылып,
Көл бермети сүйүү сезим чачылып.

Кылыктанган сүймөнчүктүү селкилер,
Жүрөктөргө күү толкуну эргитип.
Күн жамалы ак булутту аралап,
Махабаттын учкун сүйүү терметип.

## Аялзат

Аял заты жашоолордун гүлүдүр,
Аял заты гүл бакчанын бүчүрү.
Аял болсо кара жалаң ак болуп,
Аял заты жашоолордун мүрөгү.

Аял заты бапестеген апакең,
Аял заты өмүр гүлү маанайың.
Аял заты жаркылдаган жубайың,
Аял заты өмүрлөрдүн булагы.

Аялың бар ак калпагың чекеде,
Аял заты бактылуулук кезеги.
Аял заты кадырыны барктайлы,
Аял заты жашоолордун чырагы.

Пайгамбарым аял менен атырды,
Сүйгөн экен окугула куранды.
Жаратканым аруу назик жараткан,
Бейиш жолу апалардын тамaны.

## Балалыктан бир татым

Таң шоокуму сыдырым жел жай гана,
Булбул жанып таң шooласы ааламдын.
Бак-дарактар шүүдүрүмгө талпына,
Куштар сайрап көңүл кушу жай гана.

Күлгүн курак кыз жандаган мезгилде,
Кымча белдүү кызыл гүлгө сезимдер.
Булбул сайрап мукам үндүү керемет,
Байчечекей гүл жамалы телмирет.

Жалындаган оттой болгон жаш убак,
Жаркылдаган артта калган боз улан.
Өмүр чеги орто жаштан ылдыйлап,
Өтүп барат улгайууга жол улап.



## Кереметтүү жайлоом

Керемет сулуу жайлоом, керилет сулуу Сарыколум,
Сарыгорум, Андемин жайлоом, Шоро ойлоруң.
Кара-Жылга, Дарбаза, Шамалдуу-Сай жолдоруң,
Бетеге белде буралган Жаң-Дабаан,
Куу жит, Ак-Шор, Кара-Суу керемет сулуу жайлооуң.

Сырдуу дүйнө, ыр дүйнө касиеттүү Сарыколум,
Булут менен сырдашкан бийик сенин тоолоруң.
Ыраң-Көл менен Чечекти сүйкүмдүү сенин жайлооуң,
Бөрү-Көрбөс, Калак-Таш, касиеттүү
Чырак-Таш, көз алдымда тоолоруң.

Аличор жери керемет интерохот куралган,
Горумду, Үч-Кол аталган, касиеттүү мазар бар.
Чеш-Төбө или Ыс-Булак,
Акбалык-Ата, Чатыр-Таш жүрөгүмдө сакталат,
Алтын, күмүш, күкүрт, туз, түрлүү байлык катылат.

Бетеге белде буралган түрлүү чөп өсүп ыргал,
Касиеттүү жерлериң, тоо жаңырган сууларың.
Жүрөк менен сырдашкан, касиеттүү кайберен,
Тоо койнунда жайнаган.
Таазим кылып өзүңө, Сарыкол деп мактанам.

## Сарык-могол

Сарык-Могол сандыралуу улуу тоо,
Биргелешип жашоо болгон беш колхоз.
Ынтымакта жашоо шаңдуу жарашкан,
Жер сугарып, чөп чабышып бир болгон.

Ак сакалдуу карыялар кеп козгоп,
Сарыкол десе жүрөк дегдеп козголгон.
Улуу тоолор салам айтып Сарыколго,
Келип кетип меймандостук эл болгон.

Даңазалап, мактап ырдайм жерлерди,
Сыйлап келем, сыймыктанып элдерди.
Канча кылым, канча доор өтсө да,

## Сарыколчу бир элбиз

Элди жерди таанып жүргүн адамзат,
Элин жерин таныбаган маңкурттукка алпарат.
Санжыраны тарыхы, баян, доорлорду,
Ачып көрүп, окуп көргөн барактан.



## Союз

Ааламды баскан даңгыр жол,
Санжыралуу Сарыкол.
Ак-Байтал ашуу бийигиң,
Аркар, кулжа кийигиң.

Озондоп ашкан ашуудан,
Көк кашка авто “ЗИЛ”дериң.
Өткөн тарых жазылып,
Тарыхта калды союздун.

Азыркы Бишкек калаадан,
Ордолуу Ош шаарынан,
Оор жүктү тарткан ЗИЛдериң,
Хорог тарапка

Күжүрмөн шофер эмгекчил,
Адамдар өткөн арадан.
ПАТУга келип токтогон,
Мургапта кенен эс алган.

Кумдуу талаа Аличор,
Ашуусу таштак Кой-Тезек.
Акбалык-Ата, Чатыр-Таш,
Касиеттүү жерлерден.

Жеткирген жүктү Харөккө,
Аралап айыл жагыдан.
Санжыралуу Сарыколум,
Касиеттүү кең мекен.

Кайрылып келсек тарыхка,
Санжырасы төп келген.
Булуң-бурчта айылы,
Сарыколум кең мекен.

Ак-Зоодон шаңшып бүркүтүң,
Асылым жерим сени эстейм.
Уяңдан учтум оболоп,
Сыймыктанам сен менен.

## Улуу муун

Улуу муун, улуу доор,
Эчен кылым, эчен доор.
Санжыра, тарых, дастандар,
Сарыколдо болгондор.

Камтылган китеп тарыхка,
Саябан кыргыз өткөн жол.
Сакталып келет жүрөктө,
Сагындырат Сарыкол.

Касиеттүү зоолоруң,
Олуя баскан жолдоруң.
Мөлтүр булак суу аккан,
Кереметтүү жайлооуң.

Баатырлар баскан даңгыр жол,
Олуя жоомарт Сарыкол.
Тооңдон күүлөр кубулган,
Кут береке Сарыкол.

Саймедиреп ойлорум,
Сагынам сени Сарыколум.
Санаалаш бирге чоңойгон,
Сагындым сени досторум.



## Акылман

Кыргыз элим улуу тунук акылман,
Ар бир сөзү таамай баалуу айтылган.
Жашоолорго, жаратылыш мезгилге,
Ар бир ишке, жашоолорго баам салган.

Кыш чыкыроон келди мына кырк чилде,
Байкоо салып кыш чыкканча кам кылган.
Кара баар, узун сары келди деп,
Уламыштан узуун, узуун кеп кылган.

Баар мезгили баам салышы баамдасың,
Ала шалбырт, ала жай деп атаган.
Куш келди деп, куш учушун баамдап,
Эгин эгүү, мал жайытын тандаган.

Жаркыраган жайлоо мезгил саратан,
Жайлоолошуп айран, кымыз, май тамган.
Мандаш толкуп ак сакалдуу бабалар,
Уламыштан өткөн кеткен кеп кылган.

Күркүрөгөн күн берметтүү күз семиз,
Бышыкчылык төрт түлүктө кой семиз.
Эгин-тегин, дарбыз, коон бүт семиз,
Дыйкан баба, кой кайтарган койчуман,
Коломтодо коңур аба күз семиз.

## Тоо шамалы

Тоодон түшкөн албууттанып шамалы,
Күлүмсүрөп күн нурудан жамалың.
Ак карларды жамынышкан алп тоолор,
Үшүбөйт да, чыйрыкпастан ырлары.

Кылым кечип жаратылган Нуркабың,
Улуу сенин айтылбаган сырларың.
Оош-кыйыш өткөн тээ бир жылдары,
Элестетип улуу сенин нурларың.

Кечээ кылым өткөн доор баяның,
Аталыптыр, санжыралуу Мурбагым.
Тоолоруңдан бүркүт учуп шаңшыган,
Саябандуу Сарыколдо жылдарың.

## Тоо жамалы

Тоо жамалы Сарыколдун жамалы,
Тоодон ылдый боздоп согот шамалы.
Булут чалкып, көк тиреген аскада,
Көңүл чери көөдөнүмдө жайдары.

Ак тоолордо аппак кары төгүлө,
Аппак тоолор жамынгансып шөкүлө.
Аруу назик ак келиндей көрүнүп,
Ак калпакчан шумкар бозой көрүнө.



Кербен сымал кыркалар тарткан тоолор-
дун,
Келбеттериң жашап келет жүрөктө.
Бүркүт шаңшып кайкып учкан зоолоруң,
Шыргыр булак тоодон түшкөн өзөнүң.

## Ойлор

Таң шүдүрүм салкын согот желаргы,
Мен турамын терең ойго чөмүлө.
Таң алдында торгой үнү жаңырып,
Талаа шаңдуу телеберде жаңылык.

Гөр тирилик шарданына агылып,
Күндөр өтүп айга карай шашылып.
Кээде ызгаар, кээде ысык аптабы,
Турмуш жолу өтүп барат сабалып.

Жашоо жолу жүк артынган кербендей,
Өмүр жолу көк деңизде кемедей.
Тамчы булак булуттардан себелеп,
Өмүр жолу терезесин черткилей.

## Ай кызым

Тамчы булак тал-тал чачы таралып,
Аппак жүзү ай нурундай агарып.
Көкүл жыты көөдөнмө таралып,
Аруу таза ак көңүлү жарашып.

Аруу назик аппак жүздүү ай кызым,
Ата-энеңдин эркесисиң тай кызым.
Ак секелек үмүт багы жан кызым,
Апакеңе мээрим чачкан шай кызым.

Жамалыңдан бакыт нуру төгүлгөн,
Жайдарысың жароокерим көңүлдөн.
Жаркын маанай гүлүм сенсиң өзүмдүн,
Жан дүйнөсү бир өзүндө өмүрдүн.

## Бийиктик

Мукам үндүү үн салган,
Булбулу бар Сарыколум.
Булт эткирип сөз тапкан,
Куудулу бар Сарыколум.

Алтын жаак жез таңдай,
Акыны бар Сарыколум.
Шекери бар бал каймак,
Сөздөрү бар Сарыколдун.

Булут менен сырдашкан,
Тоосу бийик Сарыколум.
Тулпар камчы укурук,
Күлүгү бар Сарыколум.

## Жубайым

Жашоонун сен болосуң ак кемеси,
Өмүрлөш жароокерим сен элесиң.
Толкундап жүрөгүмдү элжиреткен,
Жашоомдун бар байлыгы сен дегенсиң.

Аруу зат алпештеген ак берметим,
Муңайба ачык маанай асыл кечим.
Экинчи байлык делет ак жоолукчан,
Себеби мөмө багы сен энесиң.



Тагдырдын оош-кыйыш шамалына,
Тотуккан сүйкүм сулуу жамалында.
Жароокер жаркын маанай күлүп жүрчү,
Махабат аруу сезим сүйүүмдүн.

## Окуучулук күндөрүм

Артта калды окуучулук күндөрүм,
Али эсте кыздар, балдар досторум.
Турмуш жолу ар тарапка агылып,
Оо.. классташ, өткөн күндү сагыным.

Бир уядан канат кагып чар тарап,
Өмүр жолу улгайууга жол тартат.
Парталашым, классташым каякта,
Эстен кетпейт бирге олтурган парталар.

Өмүр барат элүү башка кайкалап,
Артта калды кол булгалап балалык.
Күүгүмдөнүп көздүн курчун кетирип,
Неберege, балдарыма өтүп кетти балалык.

## Тамчы

Тамчы кайдан жаралат?
Жамгырдан ыр жаралат.
Жамгыр суусу тамчылап,
Жаз гүлүнү сугарат.

Шыңгыр күлкү жаңылык,
Симфония куралат.
Тоо булагы куюлуп,
Тамчы булак аталат.

Комуз кылы дирилдеп,
Тамчы сымал үн салат.
Тамчы доошу мукамдуу,
Тамчыдан ыр куралат.

Тып-тып тамчылап,
Тамчы суууга айланат.
Тамчы өмүр булагы,
Тамчыдан дайра куралат.

## Кыраан суук

Аба катаал, жер түтөк,
Тоо койнунда таш түнөк.
Мерген түнөк, жай түнөк,
Аска койну өңүттөп.

Боз үй түнөк, таш короо,
Төрт түлүккө жай короо.
Сарыколдо кемеге,
Улуу доорлор элестеп.

Удургуган боз шамал,
Касиеттүү кайберен.
Тоолорунда аппак кар,
Караан суук ызгаарда.



Токтобой соккон шамалың,
Тотуккан сүйкүм жамалың.
Keриле жутсам абандан,
Кашкайган тунук булагың.

Тоо койнунда балалык,
Ойноп, күлүп дуладык.
Чыйрыктырбас шамалың,
Чыйрак болуп жаралдык.

Кырнак кырын кырладым,
Кызыл кийик, аркарың.
Жаратылыш жароокер,
Кымбат баалуу таштарың.

Караан суук аталган,
Касиеттүү шамалың.
Унутулбайт эч качан,
Сарыколдун жамалы.

## Булут көчү

Мелтиреген көпкөк асман карарып,
Булут көчүп бир заматта улашып.
Бир заматта аппак карлар самсалап,
Жер бетине пакта карлар жаралып.

Тоо койнуну туман басып ээленип,
Тунжуроонун кучагына термелип.
Бир заматта аппак карды жамынып,
Тоолор калды ак чүмбөтчөн шанданып.

Булут тарап чар тарапка чачылып,
Күн бермети күлүмсүрөп таралып.
Жер бетине асан-үсөн тартылып,
Аалам сыры күн нуруна чагылып.

## Кыргыз эл

Улуу тарых кылым сактап келген кыргыз
эл,
Улуу Манас урпагыбыз улуу эл.
Отуз эки жылга толуп тою өттү,
Ала-Тоодон шаңшыган атагы улук кыргыз
эл.

Улуу Манас урпагы атың улук кыргыз эл,
Сыймыктанам сени менен баалуу элим
кыргыз эл.
Өркүндөй бер, өсө бер ак калпактуу
кыргыз эл,
Ала-Тоодо Сарыколдо бир боордошум
кыргыз эл.

Арыш келип аргымак көк бөрү таркан
кыргыз эл,
Ордо оюну ашыкка шык коюшкан
кыргызым.
Ата салтын нукура жоготпогун кыргызым,
Улуу урпак каада-салт сактап келген
кыргызым.



## Улуулар баяны

Даңазалап Сарыколду мактап келем ар
дайым,
Түбөлүккө жүрөгүмө элесинди сактаймын.
Балалыгым өткөн күндөр бир өзүңдү
самаймын,
Эстегенде өзүңдү чөгүп кетет маанайым.

Облусту башкарган улуулар өткөн
Сарыколум,
Ууз-чебер, ай жүздүү сулуулар өткөн
Сарыколум.
Атагы кеткен алыска акындар өткөн
Сарыколум,
Бал каймактуу сөз айткан чечендер өткөн
Сарыколум.

Кулпунуп нуруң сүйкүмдүү, сулуусу бар
Сарыколум,
Куюлуп сөзү бал шекер куудулу бар
Сарыколум.
Ак сакалы жайкалган карысы бар
Сарыколум,
Сырлуу дүйнө, ыр дүйнө ырлары бар
Сарыколум.

Абасы бийик шамалдуу, аска зоолуу
Сарыколум,

Аркар, кулжа, тоо теке, кайберендүү
Сарыколум.
Бүркүт уя, улары шаңшып учкан
Сарыколум,
Кызыл-Арт менен Ак-Байтал ашуусу бар
Сарыколум.

Жаратылыш кооз байлык бир өзүндө Са-
рыколум
Сары-Колду сагынып бийиктеп учат ойло-
рум.

## Каркыралар

Каркыралар кайдадыр учуп барат,
Кыркар тарткан тоолорду ашып барат.
Ак булутту аралап канат сабай,
Каякадыр тизилип учуп барат.

Аалам сырлуу Ак-Тоолор узатышып,
Каркыралар учушат катар салып.
Сагынычтар жүрөккө обон салып,
Айдын-Көлү күтүүдө колун жаңсап.

Сагынычтар жүрөктө өксүк тартып,
Айдың-Көлү чалкыган Сарыколум.
Сагынычтын ыргагы кол булгалап,
Каркыралар кайдадыр учуп барат.



## Күз

Тоо тизмеги тизилген кербен сымал,
Кумдуу талаа боз шамал күү салат.
Шамал күчго кар жаайт окшойт,
Сарыколдо коңур күз суукраак.

Кара таштын үстүндө карга айланат,
Карагылачы эй бала бол тезирек.
Купшуңдаган көк серек карышкырда,
Калың койдун алдында аңдып жүрөт.

Дүрмөттөгүн мылтыкты, абайлагын,
Кашка койдун алдында аңдып жатат.
Күңгүрөтүп, карт тоолор албууттанып,
Кара шамал коюулап күчөп барат.

## Тазалык

Таң шооласы жарык чачып ааламга,
Таңкы маанай аткан таңдай агарып.
Күн бермети тоо бетине чагылып,
Жашоо көрктүү наристедей тазалык.

Жарык маанай жашоо гүлдөй гүл ачып,
Өмүр шаңы жашоолорго жарашып.
Бак үстүндө түрлүү куштар сайрашып,
Байчечекей бүчүр гүлүн байланып.

Тоо койнунан мөлтүр булак агылып,
Бермет сымал күн нуруна чачылып.
Аруу назик кыз күлкүсү жаңырып,
Талаа шаңдуу көңүлдөрдө тазалык.

Жаратылыш жашоолорго суктанып,
Жашап келем жүрөгүмдө тазалык.
Гүл дүйнөнүн жашоо өмүр сырлары,
Жашап келет жүрөгүмдө сакталып.

## Түн керемети

Тоо артында күүгүм тартып айлана,
Күн жылмая тоо артына жашынып.
Түнөгүнө батып барат жай гана,
Булуттарга кол булгалай чагылып.

Көктө жылдыз серенада, венера,
Үркөр жылдыз, топ жетиген, тараза.
Кереметтүү асман бети жарашып,
Айды курчап ай нуруна жанашып.

Түн жамалы жуурканыны жамынып,
Түн сапары узун сапар тартылып.
Таң шооласы тоо бетине чагылып,
Таң чолпону түнөгүнө кайрылып.

## Ден-соолук

Ар бир жанда болсун дайым ден-соолук,
Адамзатка керек нерсе ден-соолук.
Байлыгың да, бакытың дагы жашоодо,
Бар болсочу аты улуу ден-соолук.

Жан сергиткен жашооңдо ден-соолук,
Аруу таза назик нерсе ден-соолук.
Аздектеген адамзатка керектүү,
Аруу жуумал касиеттүү ден-соолук.



Адамзат да билим сүйөр ден-соолук,
Кадырлаган келип кетер бир жолкуң.
Кадыр-баркың керемети орлоруң,
Касиеттүү кагылайын ден-соолук.

## Энекем

Энекем улуу асылзат,
Энекем кылды адамзат.
Эркелетип өстүргөн,
Энекем кандай аруузат.

Энекем жапкан казан нан,
Эсимден кетпейт эч качан.
Энекем берген май каймак,
Эмгиче арман тамшантат.

Алланы мага тааныткан,
Энекем менин асылзат.
Алдей-алдей тербеткен,
Арча бешик эне зат.

Эне тилин үйрөткөн,
Энеке сенсиң улуу зат.
Эрезеге жеткирген,
Энеке сага чоң урмат.

Бейиш жолу ачкычы,
Бир өзүңдө асылзат.
Жашоомдун өмүр булагы,
Энеке сенсиң аруузат.

## Сагынуу

Гүлдөгөн мекен доорлоруң,
Мелжиген бийик тоолоруң.
Кубулуп күнгө керемет,
Куюлган күүлөр Сарыколум.

Абасы бийик таптаза,
Аскасы бийик Сарыколум.
Аркар, кулжа бийигиң,
Аллахым берген илимиң.

Кашкайып аккан сууларың,
Касиеттү уларың.
Кырларында из калды,
Кайберениң уладым.

Сагындым Сарыкол жеримди,
Көөнө-Коргон элимди.
Сагынтып жүрөк дегдетип,
Атаке калды бейитиң.

Бабалар мурас калтырган,
Кемеге менен тулгандын.
Элеси калды атамдын,
Мерген Самат аталган.

Тунжурап ойго батамын,
Туулган жерим самаймын.
Жүрөккө каткан сыр болду,
Тумпуйуп ичке катамын.



## Сарыкол санаттары

Термелип жүрөк кылдары,
Чертилет жүрөк сырлары.
Ааламга үнү угулган,
Сарыколумдун ырлары.

Тамчыдан суулар жаралат,
Өткөн убак, өткөн чак.
Жүрөктө бекем сакталат,
Сарыколум жүрөктө гана катылат.

Сарыколдо узун жол,
Өткөн кылым, өткөн доор.
Күбө болуп ай, жылдыз,
Сарыколумдун сырлары санаттарда айтылат.

Асман менен сырдашкан күлүмсүрөп күн нуру,
Булут менен сырдашкан.
Терме, санат, ыр кылым,
Акындарым ыр жазган.

Даңазалап Сарыколум,
Максап келем ар дайым.
Кубулжуган үн менен,
Сарыколумду ырдаймын.

Облусту башкарган,
Улуулар өткөн Сарыколдон.
Депутат, Горком, Райком,
Улуулар өткөн Сарыколдон.
Уузу чебер ай жүздүү,
Сулуулар өткөн Сарыколдон.

Куюлтуп сөзү бал шекер,
Куудулу бар Сарыкол.
Акын, повесть, роман,
Жазмакерлер Сарыколдо.

Аалам жерди кыдырган,
Урпагы улуу Сарыколдун.
Ак сакалы жайкалган,
Карысы бар Сарыколдун.
Тоо койнунда берешен,
Ырысы бар Сарыколум.

## Бар бол кыргызым!

Бишкек, Токмок, Суусамыр,
Ордолуу Ош калаасы.
Ак калпак кыргыз жашаган,
Мекеним улуу Кыргызстан.

Санжыра, тарых камтылган,
Салттуу, нарктуу элим бар.
Бабалар өткөн мурастап,
Баатырлар өскөн Ош калаа.



Сары-Өзөн, Чүй, Баткен,
Айтылып келет дайыма.
Ала-Тоодон байырлап,
Ак шумкар, бүркүт шаңшыган.

Ак калпак кыргыз калкымда,
Эчен-эчен бек болгон.
Катылганды кайрыган,
Кабылан, шер эр болгон.

Урпагы улуу кыргызым,
Каада-салтка бек болгон.
Курманжан датка энебиз,
Кыргызга коргон чеп болгон.

Оош-кыйыш турмуштар,
Башыдан өткөн кыргызым.
Баба мурас кемеге,
Бар бол дайым кыргызым.

## Чеч-Дөбө

Кереметтүү сулуу Чеч-Дөбө,
Кереметтүү жериң көңүлдө.
Жаман чулук, жашыл балырың,
Сууда ойногон сулуу балыгың.

Майда кара, Боз-Дөң, Кастанат,
Аркар, кулжа, теке чаң салат.
Кумайлардан куюгуп түшүп,
Бакан тосту карай жайылат.

Чоң Памылдан түшкөн дарыя,
Токтомушка карай агылат.
Көз алдымдан кетпейт элесиң,
Жүрөктөргө түрлүү ой салат.

Терскен, шыбак түрлүү чөптөрүң,
Мамыр, кумур түстүү гүлдөрүң,
Кең байлыгы, касиеттериң,
Жаратылыш көңүл эс алат.

Бала болуп эс тарткандан баштап айлыбыздагы аксакал аталардын ар кандай уламыш, насаат сөздөрү али күнгөчө эсимден такыр кетпейт. Жер, жаратылыш, сыр баяндарды абдан кызыгып укчу элем. Тоодон соккон шамалдын доошу мен үчүн бакыт, жүрөгүмдө кандайдыр бир күү ыргактары сыяктуу кулагыма жаңырып турчу.

## Ыргактар

Шамалыңдан кагылайын,
Сарыколум жүрөктө.
Жашап келет түркүн оюм,
Сезимдин ыргактары обон салып.
Сен деймин сагынамын Сарыколум.

## Чоң-Алай

Көк тиреген асманга,
Тийип турган аскалар.
Атагы кеткен алыска,
Айтылуу жерим Чоң-Алай.



Мал киндиктүү чарбалуу,
Абасы пас Чоң-Алай.
Албуут шамал, аппак кар,
Борошо катуу Чоң-Алай.

Борой-карай боз шамал,
Боздоп турат садагай.
Эгин-тегин мал тоют,
Берешендүү Чоң-Алай.

Дароот-Коргон
Мал базары, тамак аш.
Ош, Бишкектен тартылат,
Кездеме, килем башкалар.
Жайлоолору керемет,
Түрлүү чөп өсүп сеңселет.
Сары-Булак, Кулчу маңдайы,
Кыз-Коргон да зор жайлоо.

Жаратылыш өсүмдүк,
Карагай, арча, тал, терек.
Жардан жарга секирип,
Мал жайыты иш берет.

Зоолору бийик аскалуу,
Кайберен жашайт керемет.
Ат улоо менен жайлоого,
Артынган кербен көч келет.

Карышкыр, илбирс, сүлөөсүн,
Кайгуулдап келет термелеп.
Майпаң таман аюлар,
Короого түшп кой терет.

Кымыздык, ышкын, гарч терип,
Кыялап балдар келишет.
Кызыктуу жашоо дүйнөсү,
Өткөн күндөр эстелик.

Бозоргон жердин бетинде,
Боз бейит калды томсоруп.
Наристе гүлүм Ак чырак,
Арманда жүрөм эскерип.

Ата тегим жердеген,
Айтылуу асыл Чоң-Алай.
Аман эсен болгула,
Армандуу жазган ыр саптар.

Кызыл дөң болгон тек жайым,
Аталган азыр Юкосто.
Тек жайымды сурасаң,
Кабыры турат чоң ата.

## Мургабым

Жалама аска зоокалуу,
Облус Харог жайгашкан.
Коңкок мурун, коңур үн,
Жашашат Горный Бадахшан.



Жол тарткан мезгил элестейт,
Көк кашка ЗИЛде аттанган.
Союздун келет элеси,
Жамалы айдай Мургаптын.

Сагындык сени Мургабым,
Саматат сенин нурларың.
Кай акбалда жатты экен,
Кагылайын тууганым.

Киндик каным туулган жер,
Касиеттүү Мургабым.
Кантемин эстейм ар дайым,
Кабыры калды атамдын.

## Даңгыр жол

Эчен кылым, эчен доор,
Кыргыз баскан даңгыр жол.
Ала-Тоодон Чоң-Алай,
Чоң-Алайдан Сарыкол.

Улуу «Манас», кырк кошуун,
Аралап баскан узун жол.
Улуу муун, улуу доор,
Көчмөн кыргыз баскан жол

Санжыра, тарых, баяндар,
Кереметтүү аска, зоо.
Касиеттүү кен байлык,
Кыргызымда болгондор.

Кереметтүү тоолору,
Күү жаңырган обондор.
Кыргыз атын жаңырткан,
Кылым тарых, жомоктор.

## Түш

Түш көрдүм, түкшүмөлдүү тоону көрдүм,
Түшүмдө көк деңизден сүзүп өттүм.
Түн оокум, түн жамынып ойдон кетпей,
Түйшүккө салып кеттиң Сарыколум.

Түш көрдүм, түш элеси сени көрдүм,
Түшүмдө кучагыңда мен жүрөмүн.
Түпөйүл түн караңгы, көктө жылдыз,
Тоолоруң даана көрдүм Сарыколум.

Сандалып сагынычтын кучагында,
Саар-кечки салкын соккон шамалында.
Сабалап учуп барат күлүк оюм,
Сагындым садагасы, СарыкКолум.

## Кереметүү Сарыколум

Сезим кыял, чабыттаган куш сымак,
Серүүн тартып, сезимдерим сабалып.
Сарыколум, сапырылган боз шамал,
Серепчилеп сен кайдасың деп турат.

Түркүн кыял, сезимдери чабыттап,
Түркүн ойлор күлүктөнүп баратат.
Турмуш жолу чар тарапка жетелеп,
Тагдыр жолу татаал-жеңил жол салат.



Кыялымда кырды ашып баратам,
Кылым кечкен санжыралуу Сарыколум.
Кыжылатмын кээ-кээлерде ойлорум,
Кызыр баскан кереметүү Сарыколум.

## Өмүр

Өмүр көчү, саат жебеси сыяктуу,
Секунт сызып, мүнөт дагы ыргактуу.
Өткүр жаштык элестери дымактуу,
Мезгил учат сабалаган канаттуу.

Өткөн күндөр, өмүрлөрдүн бир чеги,
Жыл мезгили улгаюунун бир чеги.
Тагдыр  жолу таразанын таштары,
Өмүр гүлү, секунд, саат убагы.

Жашоо өмүр мезгилдери ачылып,
Өмүр гүлү өткөн күндү сагынып.
Мөлтүр булак шыңгырагы жаңырып,
Элесимде өткөн күндөр тартылып.

## Эл тааны да, жер тааны

Даңкы далай Чоң-Алай,
Атагы чыккан бир далай.
Санжыра тарых жазылган,
Сакталып келген замандан.

Булут менен сырдашкан,
Касиеттүү тооолору.
Жалама аска-зоокалуу,
Жантайма келет боорлору.

Өткөргөн далай доорлорду,
Жерлердин атын атасаң.
Келтирет түркүн ойлорду,
Кербен тарткан тоолору.

Кара-Кабак, Кызыл-Даң,
Чал, тейит тууган элдери.
Ойлонуп карайм чабырын,
Чоң бабам Эшмат кабырын.

Өзгөрүү кирип башкача,
Азыркы ушул учурда.
Уюшулуп мал чарба,
«Юкос» болуп аталган.
Эркечтам Кытай белинен,
Ташкындап аккан дарыя.
Кызыл-Дайра алкынган,
Буркан-Суудан бер жагы,
Чоң-Алайга караган.
Чогулуп жылга суулары,
Тажик тарап ачылган.
Жайылып түшкөн айылы,
Жайылма деп аталган.
Кашка-Суу түшөт кашкайып,
Кашка-Суу айлын жашарткан.
Касиеттүү суусунан,
Минерал суу жасалган.
Аскасы асман тиреген,
Ачы-Суу айылы аталган.



«Ачыкпы» суусу, айрыбы,
«Ача-Суу» деп аталган.
Эшилип түшкөн кумдуу жер,
«Кызыл эшме» аталган.
Кызыл жарлуу, кызыл кыр,
«Кызыл-Туу» айылы аталат.
Топтолуп келип токтогон,
«Даарот-Коргон» аталган.
Чечмелеп келсең тарыхта,
«Дароо-Өт» деп ат койгон.
Бөлүнгөн суунун ар жагы,
«Жаш-Тилек», «Чак» деп ат койгон.
Санжыра тарых билбеймин,
Маанисин билбейм, издеймин.
Жардын башы түз талаа,
«Жар-Башы» айылы айтылат.
Эгин талаа, түз талаа,
Эшилген узун кум талаа.
Аралап келсең айылды,
«Кара-Тейит», «Жекенди».
Көрүп билдим эченди,
Эл тамыры чеченди.
Ишендим накыл сөздөргө,
Эл тааны, да жер тааны.
Бабаңдан, калган асыл сөз,
Таап алган тууганды.

## Кыргызым

Бишкек, Токмок, Суусамыр,
Ордолуу Ош калаасы,
Ак калпак кыргыз жашаган,
Ооматтуу жерим Кыргызстан.
Санжыра тарых камтылган,
Салт санжыра сактаган.
Бабалар келген мурастап,
Баатырлар баскан Ош калаа.
Сары-Өзөн Чүй, Баткен,
Айтылып келет дайыма.
Ала-Тоого байырлап,
Ак шумкар, бүркүт шаңшыган.
Ак калпак кыргыз калкымда.
Урпагы «Манас» аталган
Катылганды кайрыган,
Кабылан шер атың бар.
Урпагы улуу кыргызым,
Каада-салтка бек болгон.
Курманжан датка энебиз,
Кыргызга болгон чеп коргон.
Семетей, Сейтек, Эр төштүк,
Баатырлар даңкы көп болгон.
Берешен айкөл кыргызым,
Бейили кенен эл болгон.
Драматург, акын, жазуучу,
Кыргызымда көп болгон.
Касиеттүү Ош тоосун,
«Сулайман-Тоо» деп койгон.



Азыркы доорду карасаң,
Спортко жаштар маш болгон.
Келечеги кең дүйнө,
Ак калпак кыргыз, эсен бол!
Оош-кыйыш турмуштар,
Башынан өткөн кыргызым.
Баба мурас, эли-жер,
Бар бол, дайым «Кыргызым»!

## Түн кереметы

Тоо артында күүгүм тартып айлана,
Күн жылмайып, тоо артына жашынып.
Түнөгүнө батып барат жай гана,
Булуттарга кол булгалап чагыла.

Көктө жылдыз Серенада, Венера,
Үркөр жылдыз, Топ жетиген, Тараза.
Кереметтүү асман бети жаркырап,
Айды курчап, Ай нурундай салтанат .

Түн жамалы жуурканын жамынып,
Түн сапары узун жолдо чаалыгып.
Таң шооласы тоо бетине чагылып,
Таң Чолпону түнөгүнө кайрылып.

## Тазалык

Таң шооласы жарык чачып ааламга,
Таңкы маанай аткан таңдай агарып.
Күн бермети тоо бетине чачылып,
Жашоо көрктүү, наристедей тазарып.

Жарык маанай, жашоо жайнап гүл ачып,
Өмүр шамы жашоолорго жарашып.
Бак үстүндө түрлүү куштар сайрашып,
Байчечекей бүчүр гүлүн байланып.

Тоо койнунда мөлтүр булак ачылып,
Бермет сымал күн нуруна чагылып.
Аруу, назик кыз күлкүсү жаңырып,
Талаа шаңдуу көңүлдөрдө тазалык.

## Кыргыз эл

Улуу тарых кылымды сактап келген
кыргыз эл,
Улуу Манас урпагы, даңкың улуу кыргыз
эл.
Отуз эки жыл болуп, тоюң өттү кыргыз эл,
Эгемендик улуу наам, куттуу болсун
кыргыз эл.

Улуу Манас урпагы, атың улуу кыргыз эл,
Сыймыктанам сен менен баалуу элим
кыргыз эл.
Өркүндөй бер, өсө бер, ак калпактуу
кыргыз эл,
Ала-Тоодон Сарыкол, бир боордошум
кыргыз эл.



Арыш керип аргымак, көк бөрү тарткан
кыргызым,
Ордо оюну, ашыкка жшык коюшкан
кыргызым.
Ата салтын нукура жоготпогон кыргызым,
Улуу урпак каада-салт сактап келген
кыргызым.

## Булут көчү

Мелтиреген көпкөк асман түптөлүп,
Булут көчүп, асман бети түнөрүп.
Бир заматта аппак карлар сампарлап,
Жер жамалы кар жамалын жамынып.

Тоо койнунда туман басып ээленип,
Тунжуроонун кучагында термелип.
Бир заматта ак шөкүлө жамынып,
Тоолор калды ак чүмбөтчөн назданып.

Булут барат чар тарапка агылып,
Күлүмсүрөп күн жамалы чагылып.
Жер бетинде Асан-Үсөн тартылып,
Аалам сырлуу күн нуруна чагылып.

## Арча бешик

Энекем тербеткендей арча бешик,
Эстеймин эс тутумда сен келесиң.
Сүйүүмдү арнап келем бир өзүңө,
Эсен бол, мен чоңойгон Сарыкол бешик.

Ак булут каптап турган улуу тооң,
Аркарлар салкындаган Сарыколум.
Сапсары бетегелүү, түрлүү отуң.
Чеч-Төбө, Куру-Ыстык түз, ойлоруң.

Алп тоолор асман тиреп чалкалайсың,
Булутка бой тирешип сырдашасың,
Көктөгү жымыңдаган жылдыздарга,
Көтөрүп көөдөнүңдү сыр айтасың.

## Кыз жамалы

Махабат ташкындаган дайра сымал,
Мас кылып, кыз жамалы алып барат.
Махабат туткунунан чыга албай,
Маанайың жарык бирок үнүң чыкпайт.

Аруузат, асылзаада аялзаты,
Аярлап сүйө билер сүйкүм затсың.
Ак жоолук жашоолорго бакыт берген,
Ак жүздүү, жарык чачкан «асыл жансың».

Сүйүүнүн эмне экенин баалай билсең,
Сүймөнчүк сүйүү багы гүлүн ачкан.
Сүрдөнүп тиктей албай жамалыңа,
Сүйөм деп ичтен сызып сыр катасың.

## Сулууларга суктанууга акым бар

Сулуу көрсөм суктанамын сумсайып,
Баскан турган турпатына суктанып.
Өйдөлүшкө өрөпкүтүп жүрөгүм,
Жүрөгүмдө сүйүү жашап жүргөнүн.



Өткөн өмүр келбес эми кайрылып,
Шыңгыраган кыз добушун сагынтып.
Чиркин өмүр! Өткөн күндү сагынып,
Көңүл кушу, көөдөнүмө тагылып.

Кыналышып кылыктанган селкилер,
Жүрөк булт, деп көөдөнүмдө элжиреп.
Жүрөгүмдө сулуу салган датым бар,
Сулууларга суктанууга акым бар.

## Алп тоолор

Энекем тербеткендей арча бешик,
Эстеймин эс тутумда сен келесиң.
Сүйүмдү арнап келем бир өзүңө,
Эсен бол, мен чоңойгон Сарыкол бешик.

Ак булут каптап турган улуу тооң,
Аркарлар салкындаган Сарыколум.
Сап-сары бетегелүү түрлүү отуң.
Чеч-Төбө, Куру-Ыстык түз, ойлоруң.

Алп тоолор асман тиреп чалкалайсың,
Булутка бой тирешип сырдашасың,
Көктөгү жымыңдаган жылдыздарга,
Көтөрүп көөдөнүңдү ырдашасың.

## Балалык

Балалыгым өткөн күндү сагынам,
Бирге өскөн, бир чоңойгон курбалдаш.
Класссташым, парталашым, сырдашым,
Ичте калды айтылбаган сырларым.

Ак мектептин босогосун аттатып,
Ачтык алгач «Алиппенин» барагын,
Билим берип эрезеге жеткирген,
Эсен болсун, эжейлерим, агайым.

Баёо мүнөз балалыкты эскерем,
Бозала чаң, ойноп күлгөн мезгилдер.
А, Б, В деп класстарга бөлүнүп,
Бир сындырым нан бөлүшкөн кезектер.

Элүү жаштын кырын аштык эртелеп,
Алтымышка баратасыз темселеп.
Эсен болгун, аман болгун класссташ!,
Ошол күндөр көз алдыма элестейт.

## Карт тоолор

Карт тоолор күңгүрөгөн добуш салат,
Күү черткен комуз кылын сагынышат.
Өткөн доор, өткөн мезгил өткөн убак,
Сагынтып Сарыколумду эске салат.

Карт тоолор, канча кылым жашап келсе.
Канча кыш, канча жайы алыс кеткен,
Канча өмүр, канча мезгил элестери,
Карт тоолор алпештеген, бапестеген.



Улуу тоо, бир кездеги бала кезек,
Бешигим Сарыколум эстен кетпейт.
Тоо койну өмүр кенчи, жашоомдун,
Кош болгун, эсен болгун Сарыколум!

## Сагыныч

Каркыралар кайдадыр учуп барат,
Кыркаар тарткан тоолорду ашып барат.
Сагынычтан жүрөгүм алып учуп,
Сарыколумдун жамалын сагындырат.

Саймедиреп күлүк ой чабыттары,
Саамайларын, көкүлүн желге тарап.
Каркыралар артынан ээрчип самап,
Сарыколумдун элеси бирге жашап.

Түн бир оокум, ойгонсом түшүм экен,
Көөдөнүмө жүрөгүм батпай кеткен.
Көз талытып элесиң, Сарыколум,
Сагынычым жүрөктү эзип келет.

## Ашыглык

Ак жуумал сулуу Асылкан,
Ашыглык отун тутанткан.
Айылдаш сулуу, жароокер,
Албырып жүзүң, нур тамган.

Кымча бел, сулуу кара көз,
Кыйнайсың жанды коймол көз.
Кыштооң бирге болсоң да,
Кылыктуу сулуу асылзат.

Ойлорум сени саматат,
Ойлонуу менен таң атат,
Оймоок ооз, керме кош,
Оюмда сенсиң асылзат.

Жаркылдап күлгөн жүзүңдөн,
Жалындап жүрөк кыйналат.
Жарык маанай жароокер,
Жал-жал көз сулуум, асылзат.

Тектир саздын үстүндө,
Тегизде турат жайлооң.
Тең курбал өскөн перизат,
Теңсинбей кеттиң асылзат.

## Таң шүүдүрүм

Күн шооласы тоо бетине чагылып,
Мээрим төгүп, Күн жылмаят жай гана.
Ыркссыз жашоо көйгөйлөрүн чет кагып,
Баскым келет, тээ бийикке жол салып.

Таң шоокуму сыдырым жел жай гана,
Таң шооласы жарык чачып ааламга.
Чырк-чырк үндөр бак ичинде керемет,
Жашоо шамы, бейиштей жанып айлана.

Жашоо турмуш арабасы кылдырап,
Өмүр гүлү булак сымал шыңгырап.
Кээде ысык, кээде суук тагдырлар,
Өйдө-төмөн жашоо шары агылат.



Таң шооладай аппак жүздүү ак кушум.
Таң эртеңден ай жамалың ай, жамалың,
Тагдыр салган сыноону чыдабай,
Тагдырыма кейип кетем ак гүлүм.

## Уулум Мухаммедсалинин жаркын элесине

Максат, үмүт бир болду эле чырагым,
Ширин сөзүң унуталбайм ынагым.
Асыл жүзүң көз алдыма тартылып,
Кайгы-муңдун чынжырына байланып.

Тоодой бакыт томолонуп чачылды,
Эх шум ажал, сени менден качырды.
Күтүлбөгөн куйүттөрдүн белеги,
Жүрөктөргө куса болуп тагылды.

«Бейиш» кушум, канат кагып сабалап,
Учуп кеттиң алыстарга закымдап.
Күндөр өтүп, айлар жылга алмашар,
Жүрөктөргө сагынычтар кадалып.

Жүрөгүмдө жашап келет кусалык,
Кайгы жиби жүрөктөргө чырмалып.
Жалбарамын жаратканга «Ак-Кушум»
Куттуу болсун «бейиш» багың гүлзарың.

## Сарыкол-Чоң-Алай

Асман менен сырдашкан,
Булут менен жанашкан.

Аскасы бийик алп тоолуу,
Атагы алыс Чоң-Алай.
Кербен тарткан дөңдөрү,
Кыялап баскан жолдору.
Байыркы дастан тарыхта,
Керемет көркөм жайлоосу.
Көбүргөн ой, Четин ой,
Кызыктырат ойлору.
Абасы катаал, шамалдуу,
Кар борошо тоолору.
Берешен кең пейилдүү,
Кадырлуу келет элдери.
Каада салтты бек туткан,
Меймандос келет элдери.
Ат жалында ойногон,
Кармаганын койбогон.
Кабылан шер мүнөздүү,
Кайратман шер эри бар.
Айтылуу Кулчу айлында,
Тага ужут элим бар.
Аю менен кармашкан,
Кабылан сүрдүү шери бар.
Сарыколум Чоң-Алай,
Касиеттүү жери бар.
Сыймыктанам эл менен,
Кадырман дос эл-журту,
Кадырыңы билип ал.



## Бактылуулук сапары

Өткөн өмүр кайра келер болсочу,
Кайран жаштык бир кайрылып койсочу.
Тагдыр, турмуш өткөн күндөр эстелик,
Бир айтылып, кайталанбас жолдору.

Жашоо түрдүү, кезигишет жолдору,
Кейип-кепчип, шайыр, шаңдуу ойлоруң.
Кээде ысык, кээде суук мезгилдей,
Өтөт жашоо, тагдыр, турмуш жолдору.

Өткөн жаштык, элестери жолдору,
Жакшы эле деп эстеп түркүн ойлорду.
Кеп-кезекте, кобур-собур сөздөрдө,
Бир эскерип унутушуп коёру.

Түрдүү болот жашоолордо сапарың,
Сулуу болот күнүмдүк да жамалың.
Кейисең да, сүйүнсөң да күнүмдүк,
Түбөлүккө узун болсун сапарың.

## Кулчу

Тоо койнунда улар үн,
Кыз-Коргондо жайлооң.
Тоо боорунда топ теке,
Ат жайлоодо ойлорум.
Кереметтүү кең дүйнө,
Жүрөктөрдү козгойсуң.
Жашыл түркүн чөп өскөн,

Жер жөнүндө ойлорум.
Кербен тарткан кырларың,
Касиеттүү сырларың.
Жүрөктөрдү толкуткан,
Тоо койнунда ырларың.
Шайыр мүнөз жайдары,
Кулчу айылымдын балдары.
Кең пейилдүү баарысы,
Улуу урмат карысы.
Аба катаал таш түнөк,
Ат-жайлоонун салкыны.
Кызыл-Дайра ташыган,
Таза суусу, ал мүрөк.
Аба салкын таш түнөк,
Мерген түнөк, кой түнөк.
Жамгыр төгөт көнөктөп,
Теке оттойт бөлөктөп.
Ат, эшекти жүдөткөн,
Ичке чыйыр жолдору.
Какма татаал боорлору,
Бийик келген тоолору.
Миздүү кара таштары,
Ат жайлоонун баш жагы.
Кереметтүү Кулчунун,
Ушундай болот баяны.



## Шамал

Күн бүркөлүп, башталды кара шамал,
Каяк жактан бүркөлдү? Кана караң.
Катырды го ызгаары кара шамал,
Ичиркенип баратат ичтен далай.

Сулуу тоодон суурулуп чыккан шамал,
Суу боюнан куюгуп чыккан шамал.
Касиеттүү тоолордон обон салып,
Дилдиретип дил кайрык чыккан шамал.

Кара-Мыктан катырган кара шамал,
Чулуктардан чуңкурга үйгөн шамал.
Сары-Булактан сазыраак,
Салкындан соккон шамал.

Кулчу айлынан куюгуп тийген шамал,
Жар-Башыга жайылып тийген шамал,
Чакка карай бурулбай кеткен шамал,
Чарк айланып куюндап тийген шамал,

Дароотко далбаңдап жеткен шамал,
Ачы-Сууга айкырып кирген шамал,
Сарык-Моголго салбаңдап жеткен шамал,
Касиеттүү катырган кара шамал.

## Мен Кыргызмын

Улуу тоо урпак өскөн кучагыңда,
Ойлорум, санааларым сен оюмда.
Далай жыл, далай айлар сабалашып,
Элестейт өткөн кылым канаттуудай.

Бабалар басып өткөн даңыр жолдор,
Байыркы көчмөн кыргыз каттап келген.
Тээ кезең, өткөн кезең санжырада,
Салт-санаа, каада салттын сактап келген.

Кыргызмын - тегим кыргыз, дилим кыргыз,
Чоң-Алай, Сарыкол жерим кыргыз.
Берешен, кең пейилдүү койну кенен,
Мактанып жүрөгүмө сактап келем.

## Теке бурак

Токсон чилде, күн кайтар убактар,
Тоо бороону, аппак карлар чылактап.
Тоодон ылдый кызыл шамал удургуп,
Алп тоолордон учкун карлар шыбактап.

Тоо текелер шаа мүйүзү карсылдап,
Толмоч сулуу эчки гүлүн ызаттап.
Касиеттүү кайберенге ишарат,
Теке бурак, чачылган кез шул убак.



Касиеттүү карт тоолор күткырып,
Ызгаар суук, бороон улуп жаңырат.
Кереметтүү кар бороону удургуп,
Тоо шамалы өйдө-ылдый куюгуп.

## Кусалык

Таң агарып, ааламга нур таратып,
Чирик-чирик түркүн куштар сайрашып.
Күн жамалың күтө-күтө зарыгып,
Таң желаргы салкын согуп баратты.

Күн жылмайып, уясынан баш багып,
Күмүш нуру тоо бетине жайылып.
Жаратылыш сыр дүйнөсү катылып,
Көңүл кушу көөдөнүмдө жабылып.

Теребелге суктанамын кылчайып,
Тээ алыстан кол булгалап, чырагым.
Жүрөгүмдө жашап келет түбөлүк,
Сары-Булакта, боз бейитте кусалык.

## Доор баяны

Шоокум салып, ак мөңгүлөр агылган,
Ак зоолору аппак карды жамынган.
Мөңгүлөрү жалтаң музга айланып,
Жалтыр-жултур күн нуруна чагылган.

Күн бермети күн нуруна чагылып,
Ак булутка сырдаш болуп жанашып.
Улуу тоолор эчен кылым карыткан,
Көчмөн кыргыз аалам сырын ачышкан.

Тээ илгери, өткөн байыр заманда,
Ак сакалдуу карыялар сөз салган.
Тагдыр, турмуш талабына баш ийип,
Кыргыз элим эчен жолду карыткан.

## Кыргыз элим

Эчен кылым, эчен доор,
Кыргыз баскан даңгыр жол.
Ала-Тоодон Чоң-Алай,
Чоң-Алайдан Сарыкол.

Улуу Манас, кырк чоро,
Аралап баскан узун жол.
Улуу муун, улуу доор,
Көчмөн кыргыз баскан жол.

Санжыра, тарых, баяндар,
Кереметтүү аска-зоо.
Касиеттүү кайберен,
Кыргызымда болгондор.

Кереметтүү тоолору,
Күү жаңырган обондор.
Кыргыз атын жаңырткан,
Кылым, тарых, жомоктор.

## Тоолор

Тоо койнунда төрөлгөм,
Тоолук «кыргыз» аталып.
Толкуп кетет жүрөгүм,
Тоону көрсөм сагынып.



Тоо булагы өмүрүмдүн мүрөгү,
Тоо койнунда толкуган.
Чалкып жаткан көлдөрү,
Көлдө ойногон балыктары, чүрөгү.

Тоо койнунда ойногон,
Тоо булбулу, улары.
Тоо койнунан куюлган,
Мөлтүр кашка булагы.

Тоону көздөй бет алып,
Учкум келет сабалап.
Тоо - үмүтүм, канатым,
Тоого салам айтамын.

## Өткөн күнгө кейибе

Адамзатка жашоо, өмүр бир келет,
Сүйүү, бакыт көңүлүндө элжиреп.
Жаштыгыңды сүйүп калгын кадырлап,
Кеч болгондо куру үмүт темселеп.

Жаштык убак, жалындаган жаш курак,
Жаштык кетет күлүмсүрөп алыстап.
Кайра келбес чакырсаң да кол булгап,
Өмүрүңдү, жаштыгыңды баалай билгин адамзат.

Жашоо, турмуш кейгейлөрү ар түрдүү,
Чече билип жашоолорду түшүнүү.
Кейибегин өткөн кезге арга жок,
Кайра келбейт, узак сапар жол жүрүп.

## Баба мурас

Ак зоокалуу атың улук Чоң-Алай,
Кылым, тарых, доор баяны, чиркин ай.
Санжыралуу өткөн мезгил бир далай,
Сурамжылап сүрүп келсең бpraктай.

Кара-Мык деп аталган,
Кайсы улут жашаган?
Карап, издеп таппайсың,
Кара-Мык деп айтылган.

Касиеттүү тоолордун,
Аттары ыйык экенин.
Теңизбай деп аталган,
Жердин аты экенин.
Теңизбай деп аталган,
Эмне себеп экенин.

Аска-зоону аралап,
Бийиктеп учат ойлорум.
Алтын-Мазар ыйык жер,
Аркасы болот Сарыколдун.

Кара-Көлдүн бир чети,
Даңкай-Жылга экенин.
Бир учугу карасаң,
Алтын-Мазар, Шибеге,
Аркалаш болуп келгенин.



Сарык-Могол, Чоң-Алай,
Сарыкол менен сырдашкан.
Манас баатыр, кырк чоро,
Сарыколду жердешкен.

Эл кыдырып, жер кезип,
Кытайга барып жоо чапкан.
Улуу мурас бабалар,
Санжыра, тарых калтырган.

## Аруулук

Жүзүңдө болсун жамалың,
Жүрөктө болсун амалың.
Куру бекер, куру сөз менен,
Болбосун куу амалың.

Жашоодо көйгөй жаралат,
Жалганчы амал сыздатат.
Жараткан өзү сактасын,
Жашоолор кантип баратат.

Урматың үчүн улук зат,
Жүзүңдү нурлуу жаратат.
Ички дүйнө тазалык,
Жашоодо бийик саналат.

Абийир намыс аруулук,
Адамда болот улуулук.
Ажайып дүйнө күзгүсү,
Амалдын таза болуусу.

## Эне тил

Алиппени үйрөткөн, мектеп билим
башатым,
Акыл айткан, окуткан эжекейим, агайым.
Тилибизди, дилибизди ардактайлы,
сыйлайлы,
Эне-тилим өмүр, кенчи баалаймын.

Маанайым суз ак калпакчан кыргызым,
Өз тилиңди унутпагын, сыйлагын.
Эне-тилиң ар намысың, кең дүйнөң,
Сен кыргызсың эне-тилин сүйлөсөң.

Эне-тилиң мектеп билим сапарың,
Жашоо, турмуш тилиң менен адамсың.
Эне-тилиң кадыр, баркың баалагын,
Эне-тилиң жаркын, маанай жамалың.

## Тоо

Тоо койнунда төрөлгөм,
Тоону жакшы көрөмүн.
Толук кыргыз аталган,
Тоо булагы өмүрүм.



## Мургабым

Көпүрүк-Башы, Жар-Башы,
Көңүлдө турат жамалы.
Кеште-Кыштак, Нагорный,
Көкөлөп учат ойлорум.
Улар учуп таңшыган,
Улуусуң сен тоолорум.
Удургуп сезим, ойлорум,
Улутунуп коёмун.
Көөнө-Коргон, ДЭУда,
Көп бастым сенин жолдоруң.
Көңүлдөн чыкпайт элесиң,
Кайберен баскан жерлериң.
Кара-Дөмөр, Мадиян,
Ичине кирсең Анжиян.
Кеңешбек ака келтирип,
Картошка кенен айдаган.
Ыр дүйнөсү жүрөктө,
Ыргагын чертем, кылдарын.
Ызгаар, суук шамалың,
Ырымда сенсиң, Мургабым.
Боз кыроо соккон шамалың,
Боздотуп ийет жамалың.
Балалык өткөн өзүңдө,
Бар бол, дайым Мургабым.

## Күйдүм чок

Кыял учкун сезимдер,
Кылыктанган селкилер.
Кыз жандаган боз улан,
Кызыктуу күн мезгилдер.

Жалыны улуу, чогу пас,
Жалындаган кезиктер.
Жалыны пас, чогу улуу,
Жаштык өткөн мезгилдер.

Күйдүм, күйдүм, күйдүм чок
Коёюн десем отун жок.
Ичим жалын, тышым чок,
Жүрөктөрдө пустой шок.

Атай ырдап какшаган,
Арман ичте, жалын жок.
Ашыктыктын дартынан,
Арман ичте, күйдүм чок.

Ой күйдүм ай, күйдүм чок,
Кактанганга жалын жок.
Арман дүйнө, тар дүйнө,
Ашыглыкка даба жок.

## Балалыгым

Балалыгым өз койнуңда өстүргөн,
Баёо сезим тартуулаган Сарыколум.
Бак-дарагың болбосо да өзүңдө.
Бейиш төрлүү бешигимсиң, Сары-Колум.



Эне тилин өз койнуңда үйрөнгөм,
Энекемдей эркелетип өстүргөн.
Кайда жүрсөм, кайда болсом дайыма,
Элесиңди эстей берем Сарыколум.
Терскен, шыбак касиеттүү чоң төрүң.
Байлыгысың, азыгысың дүйнөнүн.
Теребелде куюн ойноп, боз шамал,
Көз алдымда тартылууда жамалың.
Дүйнө кезип, кетсем дагы өзүңдөн,
Дүрбөйт жүрөк эңсеп сени, Сарыколум.
Даанышмансың бүт ааламга угулган,
Дайым бар бол, кагылайын Сарыколум.

## Коңур Күз

Тоо тизмеги чубалган кербен сымак.
Кумдуу талаа, боз шамал кууп чалат,
Шамал күч го, кар жаайт окшойт эр-
терээк,
Сарыколумда коңур күз да суугураак.
Кара-Таштын үстүндө карга айланат,
Карасаңчы, эй бала бол, тезирээк.
Купшундаган көк серек карышкыр да,
Калың койдун алдына андып жетет.
Дүрмөттөгөн мылтыкты абайлагын,
Кашка койдун карынын жарып кетет.
Күңгүрөнүп карт тоолор албууттанып,
Кара шамал катуулап күчөп барат.
Быйыл суук, кыш катуу келет окшойт,
Аркар, кулжа, текелер пастап оттойт.

Ак сакалдуу чоң ата далы күйшөп,
Ай жамалдуу чон энем отту козгойт.
Кар бороону удургуп обон созот,
Кереметтүү тоолордо шамал боздоп.
Ызгаар шамал суукту тоготпостон,
Мурдун тартып, тестиер бала ойнойт.

## Таш кебек

Касиеттүү Сарыколум,
Кайберендүү тоолорун.
Жаратылыш керемет,
Бир өзүңдө ойлорум.
Сагынамын элесиң,
Сап-сап бийик жерлерин.
Кырнак тарткан тоолорун,
Кыялымда сырларын.
Аркар, кулжа, тоо теке,
Жаратылыш сырлары.
Аю, илбирс, сүлөөсүн,
Ач карышкыр, бөлтүрүк,
Кызыгыңа батканмын,
Мергенчилеп көп жүрүп.
Аюңду атканмын,
Таш түнөктө жатканмын.
Ач карышкыр, бөлтүрүк,
Андып жүрүп атканмын.
Жылдыз такта болгондо,
Кыйрыкпай уктап жатканмын.
Таң кулаанөөк болгондо,



Жайылып түшкөн аркарды.
Тарс эттире атканмын.
Таш кызыктын Терскенге,
Таш кебекти салганмын.
Жаратылыш кен байлык
Кайберенин барктаймын.
Касиеттүү керемет,
Тоолоруңду даңктаймын.
Ызачаар суук болсо да,
Ызгаарына чыдаймын.
Тоодон түзгө куюккан,
Шамалыңды самаймын.

## Ат калат

Көктө жылдыз Саманчынын узун жол,
Сапарымда жүрөгүмдө Сарыкол.
Кыялымда булуттарды ээрчиймин,
Жетсем деймин кучагыңа Сарыкол.

Махабатым ташкындаган өзүнө
Сүйүүм өттү, балалыгым өзүндө.
Канча убак, канча мезгил элестеп,
Сактап келем жүрөгүмдүн төрүндө.

Айлар өттү, жылдар өтүп арадан,
Өмүр өтөт канаттуудай сабалап.
Өткөн күндөр кайра келбес кайрылып,
Жүрөктөрдө «Сарыкол» деген ат калат.

## Тоого салам айтамын

Тоо койнунда төрөлгөм,
Тоолук кыргыз абалым.
Толкуп кетет жүрөгүм,
Тоону көрсөм сагынып.
Тоо булагы өмүрүмдүн мүрөгү,
Тоо койнунда толкуган,
Чалкып жаткан көлдөгү
Көлдө ойногон чүрөгү.
Тоо койнунда сайраган,
Тоо булбулу, улары
Тоо койнунан куюлган,
Мөлтүр кашка булагы.
Тоону көздөй бет алып,
Учуп кетет кыялым.
Тоо үмүтүм канатым,
Тоого салам айтамын.

## Жүрөк менен сырдашуу

Түн сапары коюу түнгө тартылып,
Теребел тынч, айланада жымжырттык.
Анда-санда ит добушу жаңырып.
Асман бети жылдыз толо жарашып.
Ай шооласы түнөгөнчө катынып,
Таң шооласы дале жым-жырт карачы.
Ойлуу терең, ойго батып жатамын,

Өткөн күндөр өмүр өтүп баратты.
Саат жебеси тык-тык кагып...
Жүрөк менен сырдашып,
Өтүп барат, өмүр жолу жол салып.



Кулук ойлор канаттуудай сабалап,
Канат талып, жаңоо турмуш баратат.
Танды күтүп, кулук ойлор чабыттап,
Өмүр жолу, улгайууну багыттап.

## Мезгил

Таң шооласы ааламга нур таратып,
Кутман күн деп жарашыктуу жылмайып
Күзгү түшкөн жалбырактар саргайып,
Күз мезгили күлүп турат кылчайып.

Бак-дарактар желаргыга таралып,
Бак койнунда түркүн куштар сайрашып.
Күз илеби күлүмсүрөп үн катып,
Жай мезгилге кош айтышып баратат.

Төгөрөнгөн төрт мезгилдер жарашып,
Убакыттар айлар, айга алмашып.
Желип-жортуп мезгил барат жанашып
Кечээки жай, бүгүн күздө, эртең кышка
жол салып.

## Улутуң ким

Кыргызсыңбы? «Кыргыз» атың унутпа,
Улутуңду, салт-санааңды курутпа.
Эне тилиң, улуу тоолор бешигиң,
Алпештеген атаң койгон атың бил.

Кыргызсыңбы? Ак калпагың башыңда,
Улуу кыргыз, чыгаан кыргыз атың бар.
Каада-салтың, үрп-адатың унутпа,
Сен кыргызсың, дилиң кыргыз, билип ал.

Кайырчыдай башка тилге кызыкпа,
Кыргыз элим, улуу урпак билип ал.
Ар намысың, бекем сакта кыргызым,
Эне тилиң, Алиппеңди унутпа.

## Тегим кыргыз

Кайдан келдиң? Кимсиң атым сураба,
Тегим, «кыргыз», элим «кыргыз» ак калпагым башымда.
Сарыколдо, улуу тоодон шаңшыган,
Кыраан «кыргыз», чыгаан «кыргыз» атым бар.

Улуу тарых сабактарын барактап,
Ачып көрсөң, санжыраны аярлап.
Кыргыз кайда? Кыргыз кайдан сурасаң,
Улуу тарых айтып берет баяндап.

Сарыколдон, Ала-Тоого жол салган,
Көчмөн кыргыз улуу даңкы айтылган.
Манас баатыр, кырк чоросу, кошууну,
Кытай, Ооган жерлеринде жоо чапкан.

Тажик дебей, кыргыз дегин элимди,
Бир боордошум, улуу кыргыз десеңчи.
Сарыколчу улуу кыргыз элденбиз,
Мактанаарлык, касиеттүү жерибиз.



## Чечектим

Туулган жерим Чечектим,
Асыл билим, Алиппем.
13-К. Жанкулиев мектебим,
Алиппени тааныткан.
Агайларым, эжейим.

Эрезеге жеткирген,
Көөнө-Коргон жерлери.
Уяңдан учтум оболоп,
Сарыколум унутпаймын элесиң.

Туулуп өскөн Сарыколум,
Жүрөктө сенсиң ойлорум.
Эсимден кетпейт зоолоруң,
Кербен тарткан тоолоруң.

Сагынып ойлоп турамын,
Сагындым... Сарыкол уларың.
Тоо койнунда булагың,
Ташкындап аккан сууларың.

## Кыргыз элим

Ала-Тоого Сарыколдон,
Салам айтам, баарыңа.
Санжыралуу кыргыз эли,
Улуу урпак атың бар.

Ала-Тоодон таңшыган
Ак калпак кыргыз калкым бар.
Ала-Тоодон үн салган,
Айбаты сүрдүү шумкарлар.

Бишкек, Нарын, Ысык-Көл,
Атактуу, сулуу жери бай.
Ордолуу Ош калаасы,
Касиеттүү Сулайман-Тоо дагы бар.
Кереметтүү сырлары,
Келишимдүү жери бар.
Даңкы далай алыска,
Кыргыз деген аты бар.

Баба дыйкан мол түшүм,
Берешендүү жери бар.
Мал киндиктүү даанышман,
Бейпил маанай эли бар.

Баатыр Манас урпагы,
Баатыр мүнөз эли бар.
Катылганды кайрыган,
Кабылан, шер эри бар.

Касиеттүү түгөнгүс,
Байлык кени дагы бар.
Ак-Буура, Чаткал, Чүй боору,
Алкынып аккан дайралар.

Чоң алай да Кичи Алай,
Багбан, баатыр эли бар.
Ак калпагы башында,
Баалуу, салттуу эли бар.



Айтылып бүткүс, түгөнгүс,
Камтылган дастан, тарыхы.
Асман тиреп чалкыган,
Ала-Тоо бийик тоосу бар.

Чоң-Алай да Кичи-Алай,
Нарын, Чаткал тоолору.
Жаратылыш жер байлык,
Кайберени дагы бар.

Сыймыктанам эл менен,
Касиеттүү жер менен.
«Кыргызмын» деп үн салган,
Ак калпак кыргыз эл менен.

## Таң шоола

Күүгүм тартып караңгылап, ай шоола,
Жарып келет бир заматта таң шоола.
Тоолор менен сырдашышкан жылдыздар,
Жымыңдашып түнөгүнө жол сала.

Аалам сырдуу аткан таңдай кылайып,
Жан дүйнөм да эргип турат агарып.
Таң сүрүлүп, түнөгүнө ай жөнөп,
Жашоо турмуш багыты да башталып.

Күн шооласы тоо четинен кылайып,
Жаркып келет, ааламдарга нур чачып.
Теребелде турмуш шаңы агылып,
Симфония, оркестрдей күү чалып.

## Өмүр

Ой чабыты зымырыктын сересинде,
Суктанамын балалык кез келбетиме.
Өткүр жаштык өткөн күндөр элесимде,
Өмүр барат улгайуунун кемесинде.

Жашоо, турмуш өз нугунда агылып,
Өткөн мезгил, өткөн күндү сагынып.
Өткөн өмүр кайра келбес кайрылып,
Туулган жердин бүт жамалы албырып.

Күн баратат тоо артына жашынып,
Ай баратат ак булутка катынып.
Сыйкыр сырдуу өмүр барат сабылып,
Кара чачтар ак чачтарга айланып.

## Көл толкуну

Күн бермети терең көлгө чачылып,
Көл толкуну шарп-шурп жээкке агылып.
Жашоо көркү жаз гүлүндөй ачылып,
Өмүр чеги өткөн күндү сагынып.

Көл толкуну, жашоо турмуш толкуну,
Кээде катуу, кээде тынчып толкушу.
Тоодон түшкөн ак мөнгүлөр агылып,
Өзөн суулар терең көлгө айланып.

Көл жээгинде сулуу бермет чачылып,
Ай жылмаят аппак жүзү ачылып.
Салкын соккон ак таңдагы шүүдүрүм,
Торгой сайрап мукам үнү жаңырат.



## Тарых элестери

Сарыкол, Сарык-Могол жери окшош,
Эли да, жери дагы баары окшош.
Карт тоолор канча кылым жашап келген,
Бабалар басып келген даңгыр жолдор.

Тоолору үн алышкан улар сымак,
Толкуган Кара-Көлүм чалкып турат.
Тулпар-Көл тоо артынан үн алышат,
Толкутуп жүрөктөргө обон салат.

Өткөн доор, өткөн сырлуу сыр баяндар,
Сарыколум Сарык-Могол эске салат.
Окшошкон эгиз тоолор санжырасы,
Жайкалган ак сакалдуу карыялар.

Кер мурут коксе чалды карасаңар,
Кексейип куудул сымал арасынан.
Сөз байлык, сөз кезегин ичке катып,
Шум сымал Шумкар аке аралашат.

## Мекеним

Керемет сулуу жайлары, керилген сулуу Сарыколум,
Сары-Корум, Андемин, Жаманаң, Шоро ойлоруң.
Кара-Жылга, Дарбаза, Шамалдуу-Сай жолдоруң,

Бетеге белден буралган, жер жамалы кулпурган.
Жаңы-Дабаан, Куу-Жигит, Кара-Суу деген жайлоом.

Сырдуу дүйнө, ыр дүйнө, кереметтүү Сарыколум,
Булут менен сырдашкан, улуу сенин тоолоруң.
Ырaң-Көл менен Чечекти сүйкүмдүү сулуу жерлериң,
Чырак-Таш менен Чечектим, силерден кетпейт ойлорум.

Аличор жери керемет, интер охот курулган Горумду, Үч-Кол жерлериң,
Акбалык-Ата, Чатыр-Таш, жүрөктө жашап келесиң.
Алтын, күмүш, күкүрт, туз түрдүү байлык кендериң.

Бетеге белден буралган, түрдүү чөп өсүп ыргалган,
Касиеттүү жерлериң, тоо жаңырткан сууларың.
Таң алдында сайраган касиеттүү уларың,
Кайберениң чубурган кереметтүү кырларың.

Бабалар келген мурастап,
Аталып келген Сарыколум.
Абасы таза, ыйык жер,



## Өмүр жолу...

Түн сапары коюу түнгө тартылып,
Тегерек тынч, айланада жымжырттык.
Анда-санда ит добушу жаңырып.
Асман бети жылдыз толо жарашып.
Ай шооласы түнөгөнчө катынып,
Таң шооласы дале жым-жырт карачы.
Ойлуу терең, ойго батып жатамын,
Өткөн күндөр өмүр өтүп баратты.
Саат жебеси тык-тык кагып...
Жүрөк менен сырдашып,
Өтүп барат, өмүр жолу жол салып.
Күлүк ойлор канаттуудай сабалап,
Канат талып, жашоо турмуш баратат.
Танды күтүп, күлүк ойлор чабыттап,
Өмүр жолу, улгайууну багыттап.

## Мезгил

Таң шооласы ааламга нур таратып, Кутман күн деп жарашыктуу жылмайып
Күзгү түшкөн жалбырактар саргайып,
Күз мезгили күлүп турат кылчайып.
Бак-дарактар желаргыга таралып,
Бак койнунда түркүн куштар сайрашып.
Күз илеби күлүмсүрөп үн катып,
Жай мезгилге кош айтышып баратат.

Төгөрөнгөн төрт мезгилдер жарашып,
Убакыттар айлар, айга алмашып.
Желип-жортуп мезгил барат жанашып
Кечээки жай, бүгүн күздө, эртең кышка
жол салып.

## Мазмуну

Акындын жүрөгүндө чагылган Атажурт.........3
Улуу доордун көсөмдөрү.........5
Тегим кыргыз.........9
Күн сабагы.........10
Сарыколум.........11
Мургабым.........11
Сарыколдун улуу урпактарын эскерүү.........12
Сапарда.........16
Сарыкол.........16
Өмүр көчү.........17
Бир мезгил.........19
Улуу урпак.........19
Сарыкол тоосу.........20
Жашоо.........21
Боз үй.........21
Замана.........22
Улар таңшык.........23
Касиеттүү Мургабым.........24
Садагасы Сарыколум.........25
Улар таңшыйт.........26
Ала булут.........26
Тагдыр.........27
Энелерге таазим.........27
Ойлор.........28
Жашоо сонун.........29
Көл толкуну.........30
Коңур күз.........
Өмүр.........30
Мезгил.........31
Улутуң ким?.........31
Энекем.........32
Ашуулар.........33
Ыр булак.........33
Кылым тарых.........35
Терскен.........36
Кулжа бурак.........36
Закымдар.........37
Каада-салт.........38
Кыйын кезең.........38
Сагыныч.........39
Ой чабыты.........40
Ало-Тоого салам.........41
Кыргыз туусу.........41
Сарыколчу карачы.........42
Энеке.........43
Мөңгүлөр.........44
Жаратылыш керемети.........44
Айылым.........45
Небере.........46
Түш.........47
Мургап дайрасы.........47
Чилде шамы.........48
Бурганак.........48

Таттуу кыял........................................................49
Ак чоку............................................................50
Ысырап.............................................................51
Чеч-Дөбө...........................................................52
Булак..............................................................54
Кар жаайт окшойт...................................................54
Тоо касиеттери.....................................................55
Ыр дүйнө...........................................................56
Жайлоом............................................................56
Сулууга............................................................57
Өмүр...............................................................57
Нур заман..........................................................58
Жаш муун...........................................................58
Ата-Мекен..........................................................59
Түн жамалы.........................................................60
Сагыныч............................................................60
Өмүр кемеси........................................................61
Ууда...............................................................62
Мен Кыргызмын......................................................62
Баткен.............................................................63
Улуу тарых.........................................................64
Ырчы булак.........................................................64
Кыргыз элимдин улуу ажосу,
Садыр Жапаровко ыр белек............................................66
Кыргыз элимдин улуу,
Генералы Камчыбек Ташиевке...........................................67
Ыр белек...........................................................67
Ыр дүйнө...........................................................69
Ай кызым...........................................................69
Байбиче............................................................70
Аялзат.............................................................70
Кайран кыргыз......................................................71
СССР элестери......................................................72
Ата-эне............................................................74
Атакем.............................................................74
Союз...............................................................76
Сезимдерим.........................................................77
Мал дүйнө..........................................................78
Тоо жүрөгүм........................................................80
Күмбөз.............................................................81
Кереметтүү Сарыкол.................................................82
Ойлор..............................................................83
Сезим чабыттары....................................................83
Куттуу таңдар......................................................84
Кыргыз элинин улуу жазучусу, залкары
Чыңгыз Айтматовго..................................................85
Кара кумай.........................................................85
Сарыкол шамалы.....................................................86
Аркар түнөк........................................................87
Сарыкол жамааты....................................................88
Сарыкол таңы.......................................................88
Сары кар...........................................................89
Тулпардын учкан туягы..............................................89
Асан-Үсөн..........................................................90

Боз куюн........................................................91
Тоолор........................................................91
Тоо бүркүтү........................................................92
Мадина........................................................93
Кашка-Булак........................................................94
Сезимдер........................................................94
Жол........................................................95
Ашууда........................................................97
Сарыкол сулуулары........................................................97
Чоң дайра........................................................98
Жаралуу жүрөк........................................................99
Бейит........................................................100
Апакемдин жаркын элесине!........................................................101
Сарыкол келет даңкталып........................................................102
Энелер........................................................103
Гүл заман........................................................104
Миң Теке........................................................105
Карта........................................................106
Чоң-Алай........................................................107
Мөңгү........................................................108
Улуу кыргыз........................................................109
Энекем........................................................111
Сагыныч........................................................112
Касеттүү Сарыкол........................................................112
Кыргыз элим........................................................113
Долон........................................................115
Чечектим........................................................115
Кыргыз элим........................................................116
Таң шоола........................................................118
Өмүр........................................................118
Көл толкуну........................................................119
Тарых элестери........................................................119
Кереметтүү Сарыкол........................................................120
Балалык........................................................122
Апакем........................................................122
Ата........................................................123
Түнкү керемет........................................................123
Салкын төрлүү Мургабым........................................................124
Санжыралуу Сарыколум........................................................125
Унутпа........................................................125
Сагыныч........................................................126
Балам........................................................126
Сарыкол тоолору........................................................127
Бар бол сарыколум........................................................128
Сулууң бар сарыколум........................................................128
Көлдөгү махабат........................................................129
Аялзат........................................................129
Балалыктан бир татым........................................................130
Кереметтүү жайлоом........................................................131
Сарык-могол........................................................132
Сарыколчу бир элбиз........................................................132
Союз........................................................133
Улуу муун........................................................134
Акылман........................................................135


Тоо шамалы....................................................136
Тоо жамалы....................................................136
Ойлор............................................................137
Ай кызым.......................................................137
Бийиктик.......................................................138
Жубайым........................................................138
Окуучулук күндөрүм.......................................139
Тамчы.............................................................139
Кыраан суук...................................................140
Булут көчү......................................................141
Кыргыз эл.......................................................142
Улуулар баяны................................................143
Каркыралар....................................................144
Күз.................................................................145
Тазалык..........................................................145
Түн керемети..................................................146
Ден-соолук.....................................................146
Энекем...........................................................147
Сагынуу.........................................................148
Сарыкол санаттары..........................................149
Бар бол кыргызым!..........................................150
Чеч-Дөбө........................................................151
Ыргактар........................................................152
Чоң-Алай........................................................152
Мургабым.......................................................154
Даңгыр жол....................................................155
Түш.................................................................156
Кереметүү Сарыко́лум.......................................156
Өмүр...............................................................156
Эл тааны да, жер тааны....................................157
Кыргызым.......................................................157
Түн керемети..................................................160
Тазалык..........................................................161
Кыргыз эл.......................................................161
Булут көчү......................................................162
Арча бешик.....................................................163
Кыз жамалы....................................................163
Сулууларга суктанууга акым бар.........................164
Алп тоолор.....................................................164
Балалык..........................................................165
Карт тоолор....................................................166
Сагыныч.........................................................166
Ашыглык........................................................167
Таң шүүдүрүм.................................................167
Уулум Мухаммедсалинин жаркын элесине..............168
Сарыкол-Чоң-Алай...........................................169
Бактылуулук сапары..........................................169
Кулчу.............................................................171
Шамал............................................................171
Мен Кыргызмын...............................................173
Теке бурак......................................................174
Кусалык..........................................................174
Доор баяны.....................................................175

Кыргыз элим....................................................176
Тоолор..........................................................176
Өткөн күнгө кейибе........................................177
Баба мурас....................................................178
Аруулук.........................................................179
Эне тил.........................................................180
Тоо...............................................................180
Мургабым......................................................181
Күйдүм чок....................................................182
Балалыгым,....................................................182
Коңур Күз.....................................................183
Таш кебек.....................................................184
Ат калат........................................................185
Тоого салам айтамын.......................................186
Жүрөк менен сырдашуу...................................186
Мезгил...........................................................187
Улутуң ким....................................................187
Тегим кыргыз.................................................188
Чечектим......................................................189
Кыргыз элим..................................................189
Таң шоола.....................................................191
Өмүр.............................................................192
Көл толкуну...................................................192
Тарых элестери..............................................193
Мекеним........................................................193
Өмүр жолу.....................................................195
Мезгил..........................................................195

Жооптуу редактор: Өмүракун кызы Курманжан
Корректор: Гүлайым Керималиева
Компьютерге калыпка салган: Кайрат Дияров

Басууга 07.01.2025-ж. кол коюлду
Офсет кагазы. Кагаздын форматы 60x80 $^{1}/_{16}$
Көлөмү 13 басма табак
Нускасы 300 даана

«Имак офсет» басмаканасында басылды
Бишкек ш., Лермонтов 1в көч.



Тойчиев Кубанычбек Саматович

22-апрель 1968-жылы Тоолуу-Бадахшан автономиялуу обласына караштуу Мургаб районунун Чечекти айылында төрөлгөн. 1975-жылы Чечекти айылындагы орто мектептин босогосун алгачкы жолу аттап, 1983-жылы Көөнө-Коргон айылындагы

№5 Хусейнбаев атындагы мектептен 8-класска чейин окуп билим алган. 1986-88 жылдары Россиянын Медвежьегорский шаарында аскердик кызмат өтөгөн. Он жыл чабандык кесипти аркалап мал багып, эки жыл Мургаб райондук Маданият үйүндө иштеп, 2007-жылы Кыргызстанга көчүп келген. Азыркы кезде Отуз-Адыр айыл Өкмөтүнө караштуу Кара-Дөбө айылында жашайт.

Алты уул, эки кыздын атасы, он беш неберенин чоң атасы.

9 789967 496965